2868
акт № 4
8/VII-74



А. И. ЯНУШЕВИЧ
П. Т. ЦАГАРАЕВ

# Кыргызстандын АЙБАНАТТАРЫ жана КАНАТТУУЛАРЫ

28.68
Я 65

А. И. ЯНУШЕВИЧ, П. Т. ЦАГАРАЕВ

Я65

# КЫРГЫЗСТАНДЫН АЙБАНАТТАРЫ ЖАНА КАНАТТУУЛАРЫ

26348-1
Городская центральная библиотека им. ЛЕНИНА
№ 18893
г. Пржевальск

КЫРГЫЗСТАН МАМЛЕКЕТТИК БАСМАСЫ
ФРУНЗЕ—1960

# ОКУУЧУЛАРГА

Кийинки үч-төрт жылдын ичинде республикабыздын аңчылык ишинде көп өзгөрүштөр болду. Кыргыз ССРнин Министрлер Совети аңчылык чарбасын жөнгө салуу жана аңчылык фаунасын[1] коруу жөнүндө бир катар токтом кабыл алды; мамлекеттик аңчылык инспекциясы чыңалды; мергенчилердин жана балыкчылардын Республикалык Коому түзүлдү; Ысык-Көлдө мамлекеттик аңчылык заповедниги[2] жана бир нече заказник уюшулду; жапайы айбандарды капаста асырап өстүрүү өрчүтүлүүдө. Бул чаралардын бардыгы аңчылык чарбасын жүргүзүүнү жакшыртууга жана аңчылык фаунаны калыбына келтирүүгө багытталган.

Азыр, аңчылык ишинде мыкты адистер катарында бардык мергенчилерди жана ошондой эле аңчылыкты сүйүүчүлөрдү аңчылык коомуна тартуу учурунда жана ар бир мергенчи тарабынан аңчылык минимумунун тапшырылышы жөнүндө маселе коюлуп жатат. Ошондуктан аңчылык айбандары жана куштар жөнүндө илимий-популярдуу китептерди басып чыгаруу тууралу көп сандаган суроо жана каалоолорду канааттандыруу максатында Кыргызстан Мамлекеттик Басмасы окуучуларга Л. И. Янушевич жана П. Т. Цагараев жолдоштордун ушул китебин кыргыз тилинде тартуу кылат.

---

[1] Ар кайсы жердин, өлкөнүн айбандарынын бардык түрлөрү.

[2] Сейрек айбандарды атайын өстүрүп, коруй турган жер.

менчиги катарында «арбытууга» аракет кылышкан. Маселен, манап Исмаилов Мусагожо 1908-жылы Акталчат деген өзүнүн жерине кыргоолдорду коё берген. Андан калышкысы келбей, 1911-жылы Атбашынын манабы Койдуев Чоко да Мусагожонун жолун жолдогон. Бирок, мунун бардыгы анын өзүнүн жана досторунун көңүлүн ачуу үчүн гана кылынган аракет болгон. Байдын жеринде бир да карапайым кыргыз аңчылык кылалган эмес. Эгерде аңчылык кылууга аракет кылгандар болсо, бай ал адамды сабап же оор айып сала турган.

Кыргызстанда Советтик бийлик орнотулгандан тартып, баалуу аң терилерди жана аңчылыктын башка продукцияларын даярдоо иши мамлекеттик уюмдарга тапшырылган, аң уулоо акырындык менен законго ылайыкталa баштаган. Өкмөт айбандарга жана куштарга аңчылык кылуунун эрежесин жана мөөнөтүн белгилеген, ал эреже боюнча тукумдоо жана жаш айбандар менен куштар өсүп жетилгенге чейинки мезгилде маралдарды, кундуздарды, суусарларды, тоо эчкилерди, аркарларды жана эликтерди атууга тыюу салынган болучу. Ошону менен бирге, мал чарбасына жана аңчылык фаунасына чоң зыян келтирген жырткычтарды — карышкырларды уюшкандык менен жок кылуу башталып, карышкырдын терилерин өткөргөндөргө акча сыйлыгы киргизилген.

Андан кийин аңчылык — кооператив союздары пайда болот, дагы кийинчерээк, мергенчилердин ишине мамлекеттик даярдоо уюмдары жетекчилик кыла башташат.

Аңчылык жөнүндөгү законду бузуучуларга каршы күрөш күчөйт, ал эми бригада болуп уюшулган мергенчилердин арасында түшүндүрүү жана тарбия жумуштары жүргүзүлө баштайт. Кайсы жерде болбосун, аңга чыгуунун алдында мергенчилерди райондук слётко чогултуу практикалана баштайт, анда алар аңчылык кылуунун тажрыйбаларын алмашышат жана мамлекетке баалуу аң терилерин өткөрүү боюнча өздөрүнө социалисттик милдеттенмелерди кабыл алышат. Кийинчерээк, СССРдын даярдоо Министерствосу алдыңкы мергенчилер сыйланууучу «отличник-охотник» значогун, Ардак грамоталарын жана акча сыйлыктарын белгилеген.

Кыргызстанда аңчылык чарбасын түп-тамырынан бери кайрадан түзүү иши акыркы жыйырма жылдын ичинде жүргүзүлгөн. Мамлекеттик даярдоо уюмдары зоолог

дор жана аңчылык иши үйрөнүүчүлөр менен бирдикте, өлкөнүн көп территориясын изилдеп, аңчылык фаунанын түрлөрүн жана жалпы санын аныкташты; мындай жумуштар Чүй өрөөнүнөн тартып, Тянь-Шань менен Алайдын бийик тоолу жайыттарына чейинки негизги бардык жерлерде жүргүзүлдү. Бул болсо, аңчылыкка жана баалуу аң терилеринин мамлекеттик даярдоосуна белгилүү бир пландуулукту кийирүүгө мүмкүндүк берди.

Ошону менен бирге, мергенчилердин керектөөсү жөнүндө камкордук көрүлө баштайт. Милте же оттук менен от алуучу эски мылтыктардын-барандардын ордуна, аларды кош ооз мылтыктар жана кичине калибрдүү чуп этме мылтык менен жабдышты. Аң уулоону алыскы жерлерде — сырттарда жүргүзгөн мергенчилер үчүн атайын үйлөр жана ошондой эле суурлардын жана башка айбандардын терилерин өткөрүүнү жеңилдетүү үчүн аңчылык кылынуучу жерлерде убактылуу кабыл алуу пункттары — факториялар курулган. Эми, Кыргызстандын мергенчилери териси баалуу айбандарга аңчылыкка чыкканда палаткалар, аң уулоочу бут кийимдер, плаштар, аңчылыкка керектүү ок-дарылар жана азык-түлүктөр менен камсыз болушат.

Суурлардын терисин сыйрып, майлардан тазалоодо мергенчинин эмгегин жеңилдетүү үчүн терилерди кычкылтек-туз кошмосу менен консервировкалоо жолу кийирилген. Бул кийирилген жаңылык терилерди тазалап, ийлеп даяр кылууга жумшалган эмгекти жеңилдетип, убакытты эки эсе кыскартты жана суурдун терисинин сапатын бир кыйла жакшыртты.

Аңчылыкты тартипке салуу жана аң уулоочу жерлерди изилдөө өзүнүн жакшы жактарын көрсөттү, бирок биздин ата мекендик жеңил өнөр жайлардын жана баалуу аң терилеринин экспортунун улам өсүп бара жаткан керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн бул иштер жетишсиз болду.

Баалуу аң терилерин даярдоону арттыруу үчүн дагы башка жолдорду табуу зарыл эле. Мына ошондуктан мамлекеттик уюмдар баалуу аң терилерди берүүчү фаунаны башка жактан жаңы айбандарды алып келүү жолу менен байытуу чараларын көрүштү.

1934-жылдан тартып, «Заготживсырьёнун» Кыргыз конторасы башка республикалардан, мурда Кыргызстан-

да жашабаган, териси баалуу айбандарды алып келип, климатташтыруу максатында республиканын ар кайсы жерлерине коё бере баштайт. Бул жумуш, териси баалуу айбандар фаунасынын түрүн бир кыйла байытат жана Кыргызстанда баалуу аң терилерди даярдоонун өсүшүнө оң таасир кылат. Эми бизде, узун куйрук сары чычкан (Сибирь колоногу), Уссурия жана Америка еноттору, тыйын-телоуткалар жана баалуу аң терилерди мамлекетке даярдоонун өсүшүнө чечкиндүү таасир берген ондатра пайда болду.

Ондатранын чыгышына байланыштуу, 1954-жылы баалуу аң терилерди даярдоо, 1940-жылга караганда 2 эсе дээрлик өскөн. Мына ошол мезгилден тартып, даярдоо ишинде ондатра биринчи орундардын бирин ээлейт.

Кыргызстанда баалуу аң терилердин мамлекет тарабынан даярдалышы бүт бойдон Кыргызстан керек-жарак союзунун конторалары тарабынан жүргүзүлүп келе жатат. Ушул эле конторалар аңчылык ишине жетекчилик кылышат, мергенчилерди ок-дарылар жана айбандарды кармай турган курал-жабдыктар менен жабдышат. Мындан тышкары, керек-жарак кооперацияларды конторалары мамлекетке баалуу аң терилерин өткөрүп турган бардык мергенчилердин учётун жыл сайын тактап турушат жана ошондой эле мергенчилердин ыктыярдуу коому жок шаарларда жана селолордо жашаган, аңчылыкты сүйгөн бардык адамдарга аңчылык белеттерин тапшырууну жүргүзүшөт.

Кыргызстандын аңчылык ишинде жыл сайын, колхоздордун башкармасы тарабынан бөлүнгөн 1200 гө жакын мергенчи катышат.

Тянь-Шань областында жана Ысык-Көлдүн райондорунда мергенчилердин бир кыйласы аңчылык бригадаларга уюшушкан, бул болсо алардын арасында аңчылык тартипти жакшыртууга мүмкүндүк түзөт. Бригадирликке көбүнчө аң уулоону уюштурууну жана аңчылык кыла турган жерди жакшы билген мыкты мергенчилер дайындалат.

Мурдакы «Заготживсырьёнун», азыркы керек-жарак кооперациялардын конторалары жаш мергенчилерди тажрыйбалуу инструкторлорго бекитип берүү жолун колдонуп, мергенчилердин жаңы кадрларын даярдоону

дор жана аңчылык ишин үйрөнүүчүлөр менен бирдикте, өлкөнүн көп территориясын изилдеп, аңчылык фаунанын түрлөрүн жана жалпы санын аныкташты; мындай жумуштар Чүй өрөөнүнөн тартып, Тянь-Шань менен Алайдын бийик тоолу жайыттарына чейинки негизги бардык жерлерде жүргүзүлдү. Бул болсо, аңчылыкка жана баалуу аң терилеринин мамлекеттик даярдоосуна белгилүү бир пландуулукту кийирүүгө мүмкүндүк берди.

Ошону менен бирге, мергенчилердин керектөөсү жөнүндө камкордук көрүлө баштайт. Милте же оттук менен от алуучу эски мылтыктардын-барандардын ордуна, аларды кош ооз мылтыктар жана кичине калибрдүү чуп этме мылтык менен жабдышты. Аң уулоону алыскы жерлерде — сырттарда жүргүзгөн мергенчилер үчүн атайын үйлөр жана ошондой эле суурлардын жана башка айбандардын терилерин өткөрүүнү жеңилдетүү үчүн аңчылык кылынуучу жерлерде убактылуу кабыл алуу пункттары — факториялар курулган. Эми, Кыргызстандын мергенчилери териси баалуу айбандарга аңчылыкка чыкканда палаткалар, аң уулоочу бут кийимдер, плаштар, аңчылыкка керектүү ок-дарылар жана азык-түлүктөр менен камсыз болушат.

Суурлардын терисин сыйрып, майлардан тазалоодо мергенчинин эмгегин жеңилдетүү үчүн терилерди кычкылтек-туз кошмосу менен консервировкалоо жолу кийирилген. Бул кийирилген жаңылык терилерди тазалап, ийлеп даяр кылууга жумшалган эмгекти жеңилдетип, убакытты эки эсе кыскартты жана суурдун терисинин сапатын бир кыйла жакшыртты.

Аңчылыкты тартипке салуу жана аң уулоочу жерлерди изилдөө өзүнүн жакшы жактарын көрсөттү, бирок биздин ата мекендик жеңил өнөр жайлардын жана баалуу аң терилеринин экспортунун улам өсүп бара жаткан керектөөлөрүн канааттандыруу үчүн бул иштер жетишсиз болду.

Баалуу аң терилерин даярдоону арттыруу үчүн дагы башка жолдорду табуу зарыл эле. Мына ошондуктан мамлекеттик уюмдар баалуу аң терилерди берүүчү фаунаны башка жактан жаңы айбандарды алып келүү жолу менен байытуу чараларын көрүштү.

1931-жылдан тартып, «Заготживсырьёнун» Кыргыз конторасы башка республикалардан, мурда Кыргызстан-

да жашабаган, териси баалуу айбандарды алып келип, климатташтыруу максатында республиканын ар кайсы жерлерине коё бере баштайт. Бул жумуш, териси баалуу айбандар фаунасынын түрүн бир кыйла байытат жана Кыргызстанда баалуу аң терилерди даярдоонун өсүшүнө оң таасир кылат. Эми бизде, узун куйрук сары чычкан (Сибирь колоногу), Уссурия жана Америка еноттору, тыйын-телоуткалар жана баалуу аң терилерди мамлекетке даярдоонун өсүшүнө чечкиндүү таасир берген ондатра пайда болду.

Ондатранын чыгышына байланыштуу, 1954-жылы баалуу аң терилерди даярдоо, 1940-жылга караганда 2 эсе дээрлик өскөн. Мына ошол мезгилден тартып, даярдоо ишинде ондатра биринчи орундардын бирин ээлейт.

Кыргызстанда баалуу аң терилердин мамлекет тарабынан даярдалышы бүт бойдон Кыргызстан керек-жарак союзунун конторалары тарабынан жүргүзүлүп келе жатат. Ушул эле конторалар аңчылык ишине жетекчилик кылышат, мергенчилерди ок-дарылар жана айбандарды кармай турган курал-жабдыктар менен жабдышат. Мындан тышкары, керек-жарак кооперацияларды конторалары мамлекетке баалуу аң терилерин өткөрүп турган бардык мергенчилердин учётун жыл сайын тактап турушат жана ошондой эле мергенчилердин ыктыярдуу коому жок шаарларда жана селолордо жашаган, аңчылыкты сүйгөн бардык адамдарга аңчылык белеттерин тапшырууну жүргүзүшөт.

Кыргызстандын аңчылык ишинде жыл сайын, колхоздордун башкармасы тарабынан бөлүнгөн 1200 гө жакын мергенчи катышат.

Тянь-Шань областында жана Ысык-Көлдүн райондорунда мергенчилердин бир кыйласы аңчылык бригадаларга уюшушкан, бул болсо алардын арасында аңчылык тартипти жакшыртууга мүмкүндүк түзөт. Бригадирликке көбүнчө аң уулоону уюштурууну жана аңчылык кыла турган жерди жакшы билген мыкты мергенчилер дайындалат.

Мурдакы «Заготживсырьёнун», азыркы керек-жарак кооперациялардын конторалары жаш мергенчилерди тажрыйбалуу инструкторлорго бекитип берүү жолун колдонуп, мергенчилердин жаңы кадрларын даярдоону

тынымсыз жүргүзүп жатышат. Эгерде аңчылыктын биринчи сезонунда жаш мергенчи, тажрыйбалуу мергенчиге белгиленген баалуу аң терилерди тапшыруу нормасынын жарымынан кем эмесин өткөргөн болсо, анда ал жана инструктор акчалай сыйлык алышат.

Мергенчилер негизинен сайсыз аңчылык мылтыктар, ал эми кээ бирлери али да майда калибрдүү чуп этме мылтыктар менен куралданышкан. Беш атардан кайра түзүлүп жасалган 28 жана 32 калибрдүү мылтыктарды мергенчилер абдан жогору баалашат. Бул биринчиден, орточо алыстыкка атылышы жана ок-дарылардын үнөмдөлүшү менен, экинчиден, алардын кундагынын бышыктыгы менен түшүндүрүлөт.

Айбандарга аңчылык кылууда капкандар өтө кеңири колдонулат: Арыс, сары чычкан, суур, ач күсөн, ондатра жана илбирс сыяктуу айбандар зоопарктар үчүн жалаң гана капкан менен кармалат.

Акыркы жылдардын учёту боюнча, мергенчилерде ар түрдүү чоңдуктагы 15 миңден көбүрөөк капкан болгон, бул орточо эсеп менен ар бир мергенчиге ондон көбүрөөк капкан туура келет дегендикке жатат.

Кыргызстандын мергенчилери чоң капкандардын ичинен көбүнчө, тегерек капкандарды эмес, монгол тибиндеги № 5 төрт бурчтуу капкандарды колдонушат. Бул капкандар менен көпчүлүк учурда суурлар, кашкулактар, түлкүлөр, карышкырлар жана ал турсун аркарлар, тоо текелер кармалат. Жеңил тегерек капкандарга караганда, ал капкандардын кемчилик жактары — аларды коюуда убакыттын көп талап кылынышында жана оор салмактуулугунда болуп саналат.

Мергенчилерде ири айбандарга, ал турсун, аюуларга колдонулуучу өтө жөнөкөй капкандар да али көп.

Көп учурларда коёндорду кармоо үчүн зымдан жасалган тузакты колдонушат, ал эми кекиликтерди болсо, кыл тузактар менен кармашат.

Таш капкандар суусарга гана колдонулат.

Кыргызстанда тайгандар менен аң уулоо кеңири өнүккөн. 1954-жылдын учёту боюнча, Кыргызстандын мергенчилеринде 1031 тайган бар болгон, башкача айтканда, ар бир мергенчиге бирден дээрлик тайган туура келген.

Териси баалуу айбандарды, биринчи иретте түлкү-

лөрдү алууда кыраан бүркүттөр, ал эми канаттууларды жана коёндорду алууда — кыраан куштар белгилүү ролду ойношот.

Мергенчи үчүн мингич аттын мааниси өтө чоң. Суур, түлкү, карышкыр, илбирс жана бийик тоодо жашаган айбанаттар, ача туяк айбандар алына турган тоолу жердин шарттарында мергенчи үчүн ат — транспорттун табылгыс түрү болуп эсептелет. Жергиликтүү мергенчилер лыжа жөнүндө эч билишпейт, анткени аны такыр пайдаланышпайт.

Азык-түлүктү, капкандарды жана башка керектүү буюмдарды атка эпчилдик менен артынып алып, мергенчи эң алыскы аң уулоочу жерлерге жетет. Сыртынан караганда жөнөкөй, жапалдаш келген кыргыздын аттары өтө чыдамкай, айбандар жүрүүчү аска-зоолордогу жерлерге кадимкидей чыгып кете берет, ал эми тоого көнбөгөн аттар ал жерлерге жүксүз да чыга алышпайт. Төрт миң метр бийиктикте аба суюк келип, мергенчилер аябай кыйналышат, бул учурда да аттын жардамы чоң экендиги белгилүү.

Мергенчилердин бир бөлүгү аң уулоо үчүн колхоз тарабынан бекитип берилген аттарды пайдаланышат, бирок көпчүлүгү ууга өз аттары менен чыгууну туура деп табышат.

| Баалуу аң терилеринин аттары | Даярдалган баалуу аң терилер (бир даанада) | | |
|---|---|---|---|
| | 1940-ж. | 1950-ж. | 1958-ж. |
| Кашкулак . . . . . . . . . | 2330 | 8481 | 4715 |
| Илбирс . . . . . . . . . . | 27 | 8 | 1 |
| Арыс . . . . . . . . . . . | 2200 | 694 | 141 |
| Карышкыр . . . . . . . . . | 312 | 284 | 804 |
| Сары чычкан . . . . . . . | 151200 | 118990 | 147112 |
| Түлкү . . . . . . . . . . | 3290 | 9860 | 10647 |
| Коён-толай . . . . . . . . | 30300 | 7007 | 1374 |
| Суур . . . . . . . . . . . | 94000 | 95161 | 102012 |
| Ала мышык . . . . . . . . | 112 | 165 | 76 |
| Ак күсөн . . . . . . . . . | 833 | 795 | 383 |
| Уссуриялык енот . . . . . | 2 | 47 | 3 |
| Ондатра . . . . . . . . . . | — | 23100 | 68106 |
| Бардык суммасы акчалай (1958-жылдын орточо баасы менен) . . . . . | 1096733 | 1556131 | 2025950 |

Кыргызстан керек-жарак союзунун областтарда жана райондордо баалуу аң терилерин жана башка продукцияларды даярдоону жүргүзгөн конторалары бар.

Акыркы 18 жылдын ичинде республикабыз боюнча баалуу аң терилердин негизги түрлөрүн даярдоонун цифраларын келтирүү кызыгарлык.

Бул тизмеге аңчылык кылууга тыюу салынган: аюу, сүлөөсүн, кундуз, кош аяк жана ушул сыяктуу башка айбандар кирген жок. 1940-жылга салыштырганда, даярдоонун 1958-жылы — эки эсе дээрлик өсүшү көңүлдү өзүнө бурбай койбойт. Даярдоо негизинен түлкүлөрдүн, суурлардын жана жаңы пайда болгон ондатранын эсебинен өскөн. Карышкырларга каршы күрөш да күчөтүлгөн. Коёндорду, арыстарды, ач күсөндөрдү жана ала мышыктарды даярдоо төмөндөп кеткен.

Республика боюнча орточо эсеп менен бир чарчы километр территориядан он сомдук аң терилери түшөт. Бирок Кыргызстандын зоналары боюнча бирдей бөлүштүрүлбөйт, муну төмөнкү таблицадан көрүүгө болот:

| Зоналар | Даярдоодо салыштырма салмагы проц. менен |
|---|---|
| Чүй жана Талас өрөөндөрү . . . . . . | 37 |
| Ысык-Көлдүн айланасы . . . . . . . . | 21 |
| Тянь-Шань . . . . . . . . . . . . . . | 27 |
| Кыргызстандын түштүгү . . . . . . . | 15 |

Баалуу аң терилерди даярдоодо биринчи орунду Чүй жана Талас өрөөндөрү ээлейт, алардын үлүшүнө республика боюнча даярдоонун 37 проценти туура келет. Бирок аңчылыктын бул жогорку көрсөткүчтөрү мында аң уулоого ылайыктуу жакшы жерлердин болушу менен эмес, мергенчилердин түлкүлөрдү, сары чычкандарды жана суурларды көчүлүк учурда өзүнүн областынан тышкары жерлерден, Казакстандан жана башка райондордон алып жаткандыктары менен түшүндүрүлөт. Мында баалуу аң терилеринин жарым жартылайы башка областтардан түшөт. Ондатра үчүн бул зонада эң жакшы жерлер бар.

Тянь-Шань областы экинчи орунду ээлейт. Ысык-Көлдүн айланасы суурлар жана түлкүлөр үчүн, ал эми

жээктери ондатра үчүн эң жакшы шарттарды түзөт. Өткөн жылдары Ысык-Көлдүн айланасында, Тянь-Шань областына караганда, баалуу аң терилери көп даярдала турган, ал кезде Ысык-Көл экинчи орунда болгон.

Ысык-Көлдүн айланасында жана Тянь-Шань областында аң уулоого ылайыктуу жакшы жерлер көп, бирок алардын көбү пайдаланылбайт. Бул жерлерде суур, түлкү жана арыс промыселин өөрчүтүүгө мүмкүн. Жакында эле, мында арыстар азыркыга караганда он эсе көп алынуучу. Аң уулоого ылайыктуу алыскы жерлерди өздөштүрүү менен бирге, аңчылыкты уюштурууну жакшыртуу зарыл.

Түштүк Кыргызстандын райондорунда баалуу аң терилерин даярдоо иши ар дайым артта калып келген, бирок бул артта калуучулук, мында жерлердин аң уулоого ылайыксыз болгондугунан эмес. Бул абал, аңчылык ишти уюштуруу боюнча жумуштардын абдан начар коюлгандыгы менен түшүндүрүлөт. Бул областтын жерлери, суурга, түлкүгө, карышкырга, кашкулакка, келемишке абдан бай келет.

Аңчылык промыселди өнүктүрүүнүн мындан аркы милдети—төмөнкү чараларды жүргүзүүдө болуп саналат.

Эң оболу кадрлар жөнүндө камкордук көрүү маселеси. Мергенчи кадрларды сактоого жана жаңыларды даярдоого көбүрөөк көңүл бөлүү керек. Чындыгында, баалуу аң терилерди даярдоо ишинде мергенчи чечүүчү звено болуп эсептелет. Бизде эң сонун мергенчилер бар, алар малчылар, пахтачылар жана айыл чарбасынын башка кызматкерлери менен катар Бүткүл союздук айыл чарба көргөзмөсүнө катышууга татыктуу болушту. Бирок да, мергенчинин оор эмгегине көп убакытта жетиштүүрлик баа берилбейт.

Аңчылык ишин жакшылап уюштуруу талап кылынат. Кошчулук айбандарды таптакыр жетишсиз алып жатабыз. Баалуу аң терилерди даярдоону суурдун, арыстын, түлкүнүн, сары чычкандын, келемештин жана башкалардын эсебинен бир кыйла көбөйтүүгө болот. Алыскы аң уулоочу жерлер али да начар өздөштүрүлүүдө. Ошондой эле аңчылык жөнүндөгү законду бузууга каршы күрөш жетишсиз жүргүзүлүп жатат.

Кыргызстандын аң уулоого ылайыктуу жерлери өзүнүн өлчөмү жагынан анчейин чоң эмес, бирок тоюту мол

жана коргоо шарттары жакшы. Ийгиликтү климатташтырылган айбандардан тышкары, териси баалуу жаңы айбандарды алып келүү жөнүндө маселени иштеп чыгуу зарыл.

Кыргызстандын аңчылык жөнүндөгү илимий-популярдуу адабияттын өтө эле аз экендигин айтпай коюуга болбойт. Акыркы жылдарда басылып чыккан бир нече китепчелер окуучулардын суроосун канааттандырбай жатат. Биз, мергенчилер жөнүндө жетишсиз популяризациялап жатабыз, айбандардын жана куштардын биологиясы боюнча китептер да аз. Ал эми Кыргыз республикасында болсо, мындай түрдөгү тапшырмаларды орундатууга жөндөмдүү болгон мыкты илимий күчтөр көп.

## СПОРТТУК АҢЧЫЛЫК

Кыргызстанда аңчылыкты сүйүүчүлөрдүн толук эмес эсеби 15 миңге жакын кишиге жетет. Бул кызыгыштуу жана пайдалуу спортту колхозчулар менен жумушчулардан тартып, илимпоздорго чейинки ар түрдүү профессиядагы адамдар өздөштүрүп жатышат. Кээ бир адамдар аны ден соолугун чыңоо жана бышыгуу үчүн пайдаланышса, башкалары, андан тышкары, материалдык жагын да көздөшөт.

Аңчылыкты сүйүүчүлөр негизинен жапайы өрдөк, кекилик, көгүчкөн, бөдөнө, безбелдек, тоодак жана ар түрдүү чулдук сыяктуу канаттууларга аңчылык кылышат. Уюшулган чарбаларда кыргоолдордун, чилдердин, аркарлардын, тоо текелердин жана эликтердин эсебинен айбанаттар менен куштардын түрлөрүн көбөйтүүгө мүмкүн болор эле.

Аңчылыкты сүйүүчүлөр мергенчилер менен балыкчылардын Ыктыярдуу коомуна биригишет. Бирок ошого карабастан, мергенчилердин бир кыйла бөлүгү али да уюшпаган, бул, аңчылык жөнүндөгү законду бузууну шексиз көбөйтүүгө жана пайдалуу айбандарды, куштарды корууну бошоңдотуп жиберүүгө алып келет. Бирок, уюшулган коомдор деле жарытылуу иштебей жатышат, алардын жүргүзгөн иштери мүчө акыларын чогултуу жана аңчылык жабдыктарды сатуу менен гана чектелүүдө. Ал эми коомдун милдетине мындан башка дагы көп багыттар — аңчылык чарбаларын уюштуруу,

бүн беришет. Бийик тоолуу талаа жерлерде ачкүсөн кезигет. Бул жерлерде карышкырлар да көп болот, мында алар өзүнүн тамагын таап жешет, ийиндери көбүнчө жарларда, аскаларда, бадалдарда жана токойдун ачык жерлеринде болот. Талаа жерлерде бөдөнө жана чил жашайт. Чил көбүнчө өзөндөрдүн жайылмаларындагы бадалдарда болот; күзүндө Чүй өрөөнүнөн безбелдектерди, тоо тектеринин эшилип түшүп чогулган жерлеринен көп сандаган кекиликтерди көрүүгө болот.

**Токойлор жана бадалдар.** Алар тоолуу жерлерде, көбүнчө кокту-колоттордо жана деңиздин деңгээлинен 1 100 дөн 3000 метрге чейинки бийиктиктеги тоолордун түндүк жаккы этектеринде, төмөн жакта — өрөөндөрдө — өзөндөрдүн жайылмаларында өсөт. Мында жаан-чачын көп болот: жылына карагайлуу токойлордо 600 мм ден жогору, жаңгак токойлорунда 1000 мм ге чейин жамгыр жаайт. Кыргызстанда токойлордун төмөнкү түрлөрүн билебиз: карагайлуу, арчалуу, жаңгактуу жана өзөндөрдүн жайылмаларында өсүүчү токойлор.

Карагайлуу токойлор болжолу 200 миң гектар жерди ээлейт. Алар Кыргыз, Күнгөй жана Тескей Ала-Тоо, Нарын, Ат-Башы, Молдо-Тоо, Талас жана жаңгак токойлорунан жогорку, Фергана жана Чаткал тоо кыркалары боюнча айрым массив-массив болуп жайгашкан. Кээ бир жерлерде карагайларга арча, пихта, анда-санда кайың аралашып кетет, алардын арасында четин, итмурун, бөрү карагат, табылгы, чыны карагат, шилби жана башка жемиш бадалдары өсөт.

Арча токойлорунун ири массивдери негизинен Алай, Чаткал, жана Талас тоо кыркаларында кезигет, ал эми Кыргыз тоо кыркасында жана Тянь-Шань областында ал өтө сейрек учурайт. Жайылып эскөн арча көбүрөөк тараалган. Ал көбүнчө тоолордун таштуу-кумдак этектеринде топ-топ болуп өсөт. Калың арчалуу бадалдар карагайлардын арасынан жана алардын жогору жактарынан да учурайт.

Жаңгак токойлору Фергана жана Чаткал тоо кыркаларынын батыш этектеринен карагайлуу жана арчалуу токойлордун төмөн жактарынан, 1100дөн 2200 м. ге чейинки бийиктиктен орун алган. Бул токойлордун аянты 400 миң гектардан ашат. Кыргызстандагы грек жаңгагынан, мистеден, жапайы алчадан, кара өрүктөн, ал-

муруттан жана башка дарактардан турган токойлордун мындай ири массиви дүйнөнүн эч бир жеринде жок. Мында долоно, чие, ит мурундун ашы, карагат, кара бүлдүркөн, шилбинин ашы, бөрү карагат, ошондой эле бадам жана башка жемиштер өсөт.

Жайылмаларда өскөн токойлордун ичке тилкелери Чүй, Чоң Кемин, Кочкор, Нарын, Ат-Башы, Суусамыр, Талас жана башка дайралардын бойлорунан кезигет жана ошондой эле Ысык-Көлдүн жээктеринде да өсөт. Тал токойлору жокко эсе, мында көбүнчө чычырканактын, сары талдын, ит мурундун, табылгынын, бөрү карагаттын бадалдары өсөт, кээ бир жерлерде долоно, черемуха, четин, сейрегирээк өрүк жана кайың дарактары учурайт. Бадалдар менен камыштар биригип, көп учурда калың токойду түзүшөт, мында айбандар менен куштардын көпчүлүгү жашынышат.

Токойлуу жерлерде башка жерлерге караганда аңчылык мааниси бар жана ошондой эле аңчылык мааниси жок айбандар көп болот. Токойлордо жана бадалдарда кашкулак, суусар, арыс, түлкү, карышкыр, элик жана доңуз жашайт, чыгышта марал сакталып калган; кээ бир жерлерден сүлөөсүн кезигет; жаңгак токойлорунда көп сандаган келемиш бар. Куштардын ичинен республиканын чыгышындагы карагайлуу токойлордо — кара кур жана бактек, суу жайылмаларында өсүүчү токойлордо — кыргоол, аскаларда — көгүчкөндөр жашайт. Токойлуу жерлерде — Уссуриялык енот, тыйын телеутка, сыңайы — енот, узун куйрук, сары чычкан сыяктуу териси баалуу жаңы айбандар климатташтырылган.

**Субалпы жана алпы** жайыттары тоолордун бийик бөлүктөрүн ээлейт, алар 3000 м. бийиктиктен башталып, көк мөңгүлөргө чейин созулат. Бул кыркада кайда барсаң — аска-зоолор жана төмөн көздөй эшилип түшүп чогулган тоо тектеринин сыныктары учурайт. Субальп жана альп тоолордун ачык этектериндеги талаалардын тизеге чыккан тулаң чөптөрү жайыт катарында пайдаланылат. Бийик тоолор айбандар дүйнөсүнө бай келет. Аркарлар жана тоо текелер бул жерлерде ондоп, жүздөп жүрүшөт; мында илбирс да бар, башка жерлерге караганда, мында аюу менен суусарды көбүрөөк кезиктирүүгө болот; аскалардын жана эшилип түшүп чогулган тоо

тектеринин сыныктарынын арасында улар өтө көп; бул жерлерге суур да келет.

**Көлдөр.** Кыргызстан өзөндөргө жана көлдөргө өтө бай. Тоо өзөндөрү жана көлдөр сууда өсүүчү өсүмдүктөр болбогондуктан, аңчылык фаунага абдан кедей келет. Бирок Ысык-Көлдө, Соң-Көлдө жана Чатыр-Көлдө сууда жана сазда жашоочу куштар өтө арбын болот, көп сандаган өрдөктөр эч жакка учпастан ушул жерде түнөшөт. Соң-Көлдө жана Чатыр-Көлдө жайкысын маңка каз уялайт, ал эми тоңбогон Ысык-Көлдө болсо, ак куулар, каздар жана өрдөктөр кышташат.

Ысык-Көлдүн жээктеринде көп сандап ондатра жашайт. Ондатралар Чүй өрөөнүндөгү көптөгөн майда өзөндөрдө, көлмөлөрдө жана көлчөлөрдө да болот. Сууда сүзүп жүрүүчү келгин куштарга жазында жана күзүндө аңчылык кылуу үчүн мында эң сонун шарттар бар. Ысык-Көлдөгү жана Чүй өрөөнүндөгү көлмөлөр республика боюнча даярдала турган бардык ондатранын 90 проценттен ашыгын берет.

Кыргызстандын ландшафтысы кандай болсо, фаунасы да ошондой эле ар түрдүү. Азыркы убакта, климатташтырылгандарды кошо эсептегенде сүт эмүүчү жаныбарлардын 75 түрү бар экендиги белгилүү. Алар төмөнкүдөй болуп бөлүнүшөт: кемиргичтердин отряды —32 түрдөн турат, алардын ичинде: коён — толай, тыйын— телеутка, сары чычкандын эки түрү, суурдун эки түрү, ондатра, нутрия, келемиш жана чоң кош аяк бар. Ондатра жана суур баалуу аң терилерди даярдоо ишинде алдыңкы орунду ээлейт.

Жырткычтардын отрядында—21 түрү бар, алардын бардыгы баалуу аң терилерин даярдоо промыселинин маанилүү объектиси болуп эсептелишет, аларга төмөнкүлөр кирет: суусар, чаар күсөн, ач күсөн, узун куйрук сары чычкан, арыс, арыс чычкан, америка норкасы, кашкулак, кундуз, аюу, карышкыр, түлкү, чөө, енот сымалдуу ит, сыпайы енот, илбирс, сүлөөсүн, ала мышык, мадыл.

Ача туяктар отряды—7 түрдөн турат: марал, чаар бугу, элик, жейрен, аркар, тоо эчки, доңуз.

Калган сүт эмүүчү жаныбарлар аңчылык мааниси барларга кирбейт.

Куштардын 23 отрядга таандык болгон 330 га жакын



Городская центральная библиотека им. Ленина № 18893 г. Пржевальск

түрү белгилүү, алардын ичинен аңчылык мааниси барлар төмөнкүлөр:

Тоок сымалдуулар отряды—6 түрдөн турат: бөдөнө, кара кур, кекилик, улар, кыргоол, чил;

Каз сымалдуулар отряды—26 түрдөн турат: аккуулар, каздар, өрдөктөр жана башкалар.

Көгүчкөндөр отрядынын 9 түрү бар, буларга көгүчкөндөр жана бактек кирет;

Кара боор отряды—булдурук менен кара боордон турат;

Чулдуктар отряды—43 түрдөн турат, мындан тышкары, тоодак, безбелдек, каркыра-турна жана кээ бир башка куштар да алынат.

Мына ошентип, Кыргызстанда аңчылык кылууга мүмкүн болгон айбандардын 38 жана куштардын 80 ден ашык түрлөрү бар.

## АҢЧЫЛЫК АЙБАНДАР

### Коён

Бизде коёндун толай аттуу бир гана түрү таркаган. Ак коёнго, өзгөчө сур коёнго караганда, толай бөжөк сыяктуу көрүнөт. Толайдын эң жогорку тирүү салмагы 2,5 килограммды, ал эми орточо салмагы 1300—1800 граммды түзөт. Союлгандан кийин ичеги-карындарын, башын эсептебегенде, этинин орточо салмагы 800—1000 грамм болот.


Толайдын жүнү жайында кара-сур, кышында сур, боору апакай, куйругунун үстү жагы кара болот.

Толай республиканын бардык областтарында бирдей таркаган эмес. Ал негизинен көлмөлөрдүн жанындагы калың бадалдарда, бадалдары сейрек тоонун этектеринде, токойлордун ачык жерлеринде жана тоолордон эшилип түшүп чогулган тоо тектеринин чоң-чоң сыныктарынын арасында жашайт.

Кыргызстанда толай деңиздин деңгээлинен 3500 метр бийиктикке чейин (Босого, Коёнду-Колот, Алай) таркаган, ал эми 2500 метр бийиктикте ал мурдатан эле жашайт. Көбүнчө толай Ысык-Көлдүн райондорунда жана Тянь-Шань областында, биринчи иретте Ысык-Көлдүн айланасындагы бадалдарда, Кочкор, Ат-Башы, Нарын өзөндөрүнүн жаймаларында жана аларга жакын

тоо этектеринде сакталып калган; алар Кызарт ашуусунда да көп.

Коёндордун саны кийинки жылдардын ичинде бардык жерлерде азайып кеткен, эгерде алар мындан 10 жыл мурда көп болгон болсо, азыр кээ бир жерлерде өтө сейрек учурайт, же таптакыр учурабайт. Чүй өрөөнүндө коёндор таптакыр жок болуп кетти. Мурда пайдаланылбаган калың бадалдуу жана жарым чөлдүү жер тилкелерин өздөштүрүү, өзөндөрдүн жайылмаларындагы бадалдарды чарбасыздык менен кесип жок кылуу жана акырында, аңчылык жөнүндөгү законду бузууга жол берүү—негизги себептер мына ушулар болуп эсептелет.



1-сүрөт. Коён-толай.

Толай—күүгүм түшүп, иңир киргенде жана түн ичинде жүрүүчү айбан. Күндүз ал кокусунан табылган ийиндерде, же таштардын арасында, калың бадалдарда жана чийдин түптөрүндө, же болбосо түз жердеги өсүмдүктөрдүн түптөрүндө жашынат.

Толай талаадагы жана чөлдөгү ар түрдүү чөптөр жана шыбак менен тамактанат, бадалдардын жалбырактарын үзүп жана чөптөрдүн тамырларын казып жейт.

Коёндордун жүгүргөн мезгили Ысык-Көлдүн жээктеринде февраль айында өтөт, анткени тууруна жакын калган ургаачы коёндорду марттын акырында жана

апрелдин башында жолуктурган учурубуз болгон. Бир жайда бир жолу алынган төл экиден кем эмес бөжөктөн турат. Кыргыз мергенчилеринин айтууларына караганда, толай коёндору жылына 3 жолу тукумдашат: жазында, жайында жана эрте күздө, мына ушуга байланыштуу жаздыбай, жайлообай жана күздүбай деген аттар калган.

Коёндор көбүнчө өсүмдүктөрдүн түбүндө, таштардын коңулунда же түз эле жерлерде 3 төн 6 га чейин көзү ачык бөжөк тууйт. Эгерде жаз кеч чыгып, суук, жаандуу болсо, анда туулган бөжөктөрдүн көбү өлүп калат.

Коёндор эрте жазда түлөйт. Марттын экинчи жарымынан тартып алардын терилери өзүнүн товардык сапаттарын жогото баштайт.

Кыргызстандын айрым райондорунда толайдын чарбалык мааниси мурдагыдай эле чоң, бирок жалпысынан республика боюнча алганда мааниси анчалык эмес, анткени өзгөчө акыркы жылдарда алардын саны өтө азайып кеткен. Буга төмөнкү мисал мүнөздүү: эгерде 1941-жылы 52 миң даана коён териси даярдалган болсо, 1953-жылы 10 эсе аз даярдалган.

Толайдын эти, эгерде жакшылап даярдаса, абдан даамдуу тамак болот.

Коён аңчылыктын, өзгөчө аң уулоону сүйүүчүлөр үчүн эң бир оңой, жөнөкөй объекти болуп эсептелет. Аларды көбүнчө мылтык менен атып, же болбосо капкан жана тузак менен кармайт. Ошондой эле аларды кушка, түйгүнгө жана тайганга алдырышат.

Толай коёнунун асманда да жана жерде да душмандары көп болот. Бөжөктөрүн жана алардын өздөрүн да карышкырлар, түлкүлөр, арыстар, жапайы ала мышыктар, бүркүттөр, үкүлөр, ал эми кыштактарга жакын жерлерде ээсиз иттер кармап жешет.

Толай коёнуна аңчылык кылууга убактылуу тыюу салынган.

## Суур

Суур Кыргызстандын фаунасында эң көп сандаган, пайдалуу айбан. Бизде суурдун эки түрү жашайт: сур суур жана узун куйрук суур.

Түлөгөн сур суурдун жүнүнүн түп жагы саргыч, уч жагы каралжын келип, куйругунун учу да кара болот. Узун куйрук суурдун күзгү териси ак саргыл келип, жүнүнүн уч жагы каралжын болот. Көп учурларда анын түсү өзгөрүлүп турат. Кээде альбинос аттуу ак түстүү суурлар да кезигет. Сур суурга караганда, узун куйрук суурдун куйругу көп узун келет, сур суурдун куйругу 12 сантиметрден ашпаса, узун куйрук суурдуку —20 сантиметрге жетет. Чээнге кирүүнүн алдында суурдун орточо салмагы 4—6 килограммга чейин, денесинин узундугу 50—60 см ге жетет.



2-сүрөт. Суур.

Бул суурлардын эки түрү тең негизинен субальп жана альп тоо кыркаларында, башкача айтканда, токойлордон жогору, деңиз деңгээлинен 4,5 миң метр бийиктиктеги жерлерде жашайт. Тоолордун этек жактарындагы бардык жерлерде алар мергенчилер тарабынан жок кылынган дээрлик.

Сур суур Кыргызстандын чыгыш жарымында Ысык-Көлдүн айланасында жана көбүнчө Тянь-Шань областында, Чүй өрөөнүндө, ал эми узун куйрук суур—республиканын батыш жарымында жашашат. Тянь-Шань областы менен Чүй өрөөнүнүн батыш райондорунан бул суурлардын эки түрүн тең кезиктирүүгө болот.

Болжол менен айтканда, чээнге кирүүдөн бир жарым ай мурда суурлардын териси жогору баалуу товардык сапатка айлана баштайт. Бул учурда суурлар өтө семиз болот. Чээнге кирүүгө 10—15 күн калганда алар активдүүлүгүн жогото баштайт, тамактанууга сейрек чыгып

калышат. Алар августтун акырында, жогорку зоналарда 15—20-сентябрда бүт тукуму менен чээнге киришет: адегенде эркектери жана субай ургаачылары, акырында чөндөлөйлөрү менен ургаачы суурлар кирип жатышат. Булардын кечигип киришинин себеби—эмнегедир начар семирип калышы болуп эсептелет.

Кышкы чээнге киргенден эки жума өткөндөн кийин суурлар түлөй башташат, ал 3 айдан көбүрөөккө созулат. Арык жана чөндөлөйлөрүн эмизген суурларга караганда, семиз суурлар тез түлөйт. Бир суурдун тукуму—эркеги менен ургаачысынан, өткөн жылы жана үстүбүздөгү жылы туулган чөндөлөйлөрдөн турат.

Суурлардын туруктуу кышкы ийиндери убактылуу тайыз казылган жайкы ийиндерге караганда абдан капиталдуу казылат да, көп жылга жарайт. Алардын тереңдиги 2—3 метрден ашат, ички түзүлүшү аябай татаал болуп, бир нече тармактан турат. Ийиндин бир нече оозу болууга мүмкүн. Жаткан жерлерине жумшак болуш үчүн кургак чөптөн төшөп коюшат, аны жайында алмаштырып турушат. Кышкы чээнге кирип жаткандан кийин, суурлар жаткан жеринен жогорураактан, ийинге кирүүчү жолду топурак менен бүтөп салышат.

Марттын экинчи жарымынан тартып төмөнкү зонада жана апрелдин биринчи жарымынан баштап жогорку зонада суурлар, жети айга жакын убактан кийин, кышкы уйкудан ойгоно башташат. Алар сыртка бир канча май запасы менен чыгышат.

Жыныстык жактан жетилген суурлар ошол эле замат үйүгүү мезгилине өтүшөт. Бооз мезгили болжолу 40 күнгө созулат, мына ошондон кийин 2 ден 6 га чейин, сейрегирээк 8ге чейин, көзү ачылбаган чөндөлөй туулат. 35—40 күн сүт эмгенден кийин чөндөлөйлөр оюн салып, күнгө кактануу үчүн ийинден сыртка чыгышат, ал эми андан 5—6 күндөн кийин, ийинден көп алыс кетпей чөп оттой башташат. Тез эле алар ата-энеси жеген тоюттарга өтүшөт. Суурлар ар түрдүү чөптөр менен тоюттанышат, чөптөрдүн шыктуу көгүн жешет. Алар суу ичпей эле жашай алышат, бирок жакын жерде суу болсо, ичпей коюшпайт. Суурлар—күндүз оттоочу айбандарга кирет, бирок көбүнчө алар эртең менен жана кечинде оттон, күндүн аябай ысыгында ийинде жатышат. Коркунуч туулган учурда суур белги берүүчү катуу ышкырык менен ийнин карай

качат. Эгерде коркунуч алыс болсо, ал ийинге кире бериште адегенде эки буту менен типтик тура калып, андан кийин булт коюп ийинге кире качат да, көпкө чейин ыр-жырай берет.

Суурлар топ-топ болуп жашашат. Ийиндерди алар түз жерлерде жана тоолордун этектеринде, эшилип түшүп чогулган тоо тектеринин сыныктарынын жана аскалардын арасында, ошондой эле карагайлардын тамырларынын арасында казышат.

Суурлардын душмандары көп болот. Алардын ичинен эң коркунучтуулары карышкырлар, түлкүлөр, аюулар жана бүркүттөр. Карышкырлар жана түлкүлөр суурларга күндүз оттоп жүргөн жеринен кол салышат. Бүркүттөр аларды ийининен алыс кеткен учурда алат. Аюулар суурларды ийиндерин казып жиберип алышат. Бирок көп учурларда алар туруктуу кышкы ийиндеринин түбүнө чейин казып жете алышпайт, ал эми убактылуу ийиндерден аларды оңой эле кармап жешет. Кайсы гана мезгилде болбосун чөндөлөйлөрдү жана кышкысын чоң суурларды ач күсөндөр жок кылышат.

Кыргызстандын шарттарында сур суурдун аңчылык мааниси өтө чоң, ал эми узун куйрук суурдун мааниси анча эмес.

Суурларга аңчылык кылууда жыл сайын миңден ашуун мергенчи катышат, бул болсо кышкы аңчылыкка катышкандардан бир канча көптүк кылат. Мындан тышкары, суурларды чабандар да көп кармашат. Мергенчилер тарабынан мамлекетке аңчылыктын сезону ичинде суурдун жүз миңге жакын териси, анын ичинде баалуу сур суурдун сексен миңге жакын териси сатылат.

Мындан башка, 20 тоннага жакын суур майы сызгырылат, анын бир канчасы самын кайнатуучу өнөр жайга сатылып, бир кыйласы тайгандарга берүү үчүн мергенчилерде калтырылат. Суурдун эти канчалык даамдуу болсо да жана эч кандай бөтөнчө жыты болбосо да, кыргыздар аны тамак катарында жешпейт. Суурдун майы өтө тез сызгырылат бирок, оңой менен тоңбойт. Мындай сапаттуу май ар түрдүү сыйпануучу майларды даярдоо үчүн медициналык өнөр жайда артыкчылыкка ээ болмокчу.

Суурлардын көпчүлүгүн Ысык-Көлдүн райондорунда жана Тянь-Шань областында уулашат. Калган об-

ласттар мамлекетке суурлардын терилерин даярдоодо орчундуу ролду ойнобойт. Мындагы аңчылык ишинин мыктылары — Ат-Башы районунан чыккан белгилүү мергенчилер Саалаев Балтаалы жана Көкөтаев Өмүракун, Тоң районунан Дуулатов Асанаалы бир сезондо 400 дөн жана андан да көп суур уулашат жана 50—60 килограммдан май сызгырып алышат.

Суурларды негизинен №3—5 капкандар менен кармашат, аларды ийиндердин оозуна коюшат. Эртеликеч аңдып жатып мылтык менен да атып алышат, көбүнчө бытыраны колдонушат. Кийинки жылдарда майда калибрдүү чуп этме мылтыкты колдоно башташты, анткени — ал чакан болот, үнү катуу чыкпайт жана алыска атат. Кээ бир учурларда оор жарадар болгон суур ийинге кирип кетүүгө үлгүрүп, мергенчи үчүн эч пайдасыз өлүп кала тургандыгын белгилеп кетүү керек. Ошондуктан аны таамайлап башка атуу керек.

Суурларга аңчылык кылуу жайдын акырында башталат. Тоолордун жогорку зоналарында аңчылык июлдун акырынан тартып, ал эми этек жактарында — июлдун башы ченде башталат. Аңчылыктын сезону 40—45 күнгө созулат. Суурларга жазында аңчылык кылууга бүт Кыргызстан боюнча тыюу салынган .

## Сары чычкан, тыйын чычкан

Кыргызстанда сары чычкан жана тыйын чычкан таркалган. Алар бири-биринен чоңдугу жана жашоо түрү менен айырмаланат, ошондуктан ар бирин өзүнчө карап чыгалы.

Сыра чычкан — анчалык чоң эмес кемиргич айбан, денесинин өлчөмү 30—35 жана 40 см ге чейин. Түлөгөн сары чычкандын жүнү жумшак келип, анчалык узун болбойт — жон жагы каралжыныраак келип, сарысур болот.

Кыргызстанда сары чычкан Чүй өрөөнүнүн айланасында гана таркалган. Бул, Казакстанда кеңири таркалган көп сандаган сары чычкандардын анчейин көп эмес бөлүгү. Сары чычкан Кыргызстандын башка эч жеринде жок. Чүй өрөөнүндө сары чычкан дың массивдерде — түздүктөрдө же болбосо, дан чөптөрү мол жана тулаң-

дуу майда адырчаларда жашайт. Айдоолорго жакын жерлерде алар сейрек учурайт.

Сары чычкандар, алардын тукумдаштары сыяктуу эле, ийиндерде жашашат.

Марттын баш ченинде, кээ бир учурларда февралдын экинчи жарымында сары чычкандар кышкы чээнден чыга башташат, биринчи иретте, жыныстык жактан жетилип калган эки-үч жаштагылары чыгышат.

Жети ай бою чээнде жатып арыктаган айбандар жаңыдан чыгып келаткан чөптөрдү жана алардын тамырларын койбой жешет. 5—8 күндөн кийин үйүгүү мезгили башталат, ал 8—10 күнгө созулат, андан кийин басаңдай баштайт, анткени бул учурда ургаачыларынын көпчүлүгү уруктанып калган болот.

Болжолу бир айдан кийин, ургаачы сары чычкан 2—10, кээде андан да көп бала тууйт. Жаңы тууган сары чычкан кармалгандын экинчи күнү ийинден анын 13 баласы жөргөлөп чыккандыгы байкалды.

Сары чычкандын балдары кызыл эт жана көзү ачылбай туулат. Туулганына 15 күн толгондо аларга жүн чыгат, 20—22 күнгө чейин кадимкидей жетилип калышат, дагы 10 күндөн кийин ар кайсы жакка кетип, өз алдынча турмуш күтө башташат. Күндүн ысык мезгилинде ийининде жатышат, калган убактарда керээликечке талаада болушат. Алар ар түрдүү чөптөрдүн көгүн, жоогазындын башын жана башка өсүмдүктөрдүн тамырларын казып жешет. Ийиндеринен 100 метрден ашуун узашпайт. Эгерде сары чычкандардын ийиндери огороддорго жана дан өсүмдүктөрүнүн айдоолоруна жакын болсо, анда алар өсүмдүктөрдүн көгүн жана тамыры тоют болуучу өсүмдүктөрдү жеп, чоң зыян келтиришет. Сары чычкандар сууну жакшы ичишет, бирок эгерде жакын жерде суу болбосо, өсүмдүктөрдүн ширеси менен толук канааттанышат.

Июндун биринчи жарымында чөп кургай баштайт, мына ушул учурдан тартып, түлөп бүткөн сары чычкандар ийиндерине кирип жата башташат. Биринчи болуп, майды жетишээрлик жыйнаган эркектери, кийинчерээк балдары менен энелери кирип жатышат. Июлдун башы ченде сары чычкандарды жер үстүнөн көрүүгө болбойт.

Мындан 20 жыл мурда Чүй өрөөнүндө сары чычкан-

дар өтө көп болгон, алар Кыргызстандагы баалуу аң терилердин мамлекеттик даярдоосунда алдыңкы орунду ээлеген эле. Жыл сайын 400 миңге чейин тери даярдалып турган. Мартынов жана Роговой сыяктуу тажрыйбалуу мергенчилер бир аңчылык сезондо (60—70 күн) ар бири төрт миңден жана андан да көбүрөөктөн тери даярдашкан.

Кийинчерээк Чүй өрөөнүндөгү дың жерлерди тез өздөштүрүүнүн натыйжасында, сары чычкандардын саны жылдан-жылга азая берип, азыркы убакта алардын саны көп эсе кыскарган.

Ошого карабастан, Чүй өрөөнү боюнча баалуу аң терилерди даярдоодо сары чычкандардын терисинин салыштырма салмагы али да чоң

Сары чычканды уулоо кыйын эмес, аларды кармоого балдар, аялдар жана кары чалдар да катышат. Аларды көбүнчө № 0 жана № 1 майда капкандар менен, сейрегирээк тузак менен жана андан да сейрегирээк жазында ийиндерге суу куюу жолу менен кармашат.

Сары чычкандардын териси чээнден чыккандан кийин 25—30 күнгө чейинкң мезгилдин ичинде өтө жогорку сапатта болот, андан кийин түлөп, сапатын жогото баштайт.

Сары чычкандын промысели кирешелүү иш болуп эсептелет. Терилерден тышкары, алар өпкө ооруга каршы колдонулуучу, элдик медициналык дары болуп эсептелген май да берет.

Сары чычкандардын адамдан тышкары, өтө көп душмандары бар, алар: бүркүттөр, канюктар, ак кулаалылар, түлкүлөр, арыстар, арыс чычкандар жана өзгөчө ач күсөндөр. Ач күсөндөр сары чычкандарды жайыкында менен жок кылышат, алар кышкы чээнде жатканда ийиндерине да кирип жешет. Бир жолу биз ач күсөндүн кышкы запастарын таптык, анда желкеси чайналган 9 сары чычкандын өлүгү бар экен.

Тыйын чычкан—өзүнүн тукумдашы сары чычкандан денесинин бир кыйла кичинелиги менен айырмаланат. Түсү — темгилдүү саргыч-күрөң келип, жону каралжыныраак, боору—агыш болот. Алар, жашаган жерине байланыштуу түсү жагынан бири-биринен айырмаланып турат. Тыйын чычкан Ысык-Көлдүн айланасында (көбүнчө түштүк жээгинде болуп, түндүк жээгинде

азыраак); Тянь-Шань областындагы Кабакта жана Сары Камышта, Ош областынын Токтогул жана Ала-Бука райондорунда таркалган.

Тыйын чычкандар, сары чычкандарга караганда бийигирээк жерде жашашат, мисалы, Ысык-Көлдүн түштүк жээгинде, алар карагайлуу токойлордон төмөнүрөөк 2000 метрге жакын бийиктикте, ал эми Чаткалдын тегерегинде андан да бийигирээкте жашашат.

Тыйын чычкандар ийиндерди түз жерлерге, тоонун боорлоруна, көбүнчө таштуу жерлерге казышат.

Тыйын чычкандар чээнден төмөнкү зоналарда —10—20-мартта, жогорку зоналарда андан 5—10 күн кечирээк чыгышат. Чээнге июндун экинчи жарымынан тартып киришет, бирок айрым учурда чээнге кирүү мезгили созулуп да кетет. Чээнге кирбеген тыйын чычкандарды августтун акырында Чаткал менен Сары-Камыштан кезиктирүүгө болот.

Айрым участокторду айтпаганда, тыйын чычкан айыл чарба өсүмдүктөрүнүн айдоолоруна тийбейт, ошондуктан анын келтирген зыяны көп билинбейт, бирок айдоолорго жакын жерлерде алардын зыяны чоң.

Тыйын чычкандардын терилери сары чычкандардыкынан көп кичине болот да, үч эсе арзан бааланат. Баалуу аң терилерди даярдоодо тыйын чычкандардын терисинин мааниси анчейин чоң эмес.

Алардын терисин даярдоону бир кыйла көбөйтүүгө мүмкүндүк бар. Айыл чарбасынын зыянкечтеринин катарына киргизилген бул тыйын чычкандын териси, түлөп турган кезинде да биринчи сорттун баасы менен кабыл алынат, демек даярдоодо анын мааниси бир кыйла жогорулоого тийиш.

Тыйын чычкандарды уулоо жолу сары чычкандарды уулоо сыяктуу эле.

Тыйын чычкандарды уулоо мезгили чектелбеген.

## Келемиш

Келемишти көп учурда Кыргызстанда жашабай турган сур чычкан же кампа чычканы деп эсептешет.

Келемиш сур чычкандан көп кичине болот, анын денесинин узундугу 17—22 сантиметрге барабар жана куй-

ругу да так эле ушундай узундукта болот. Кулагынын чуңкурлары чоңураак келет. Жүнү каралжын, кээ бир учурда кочкул күрөң келип, боору агыш түстө болот.

Ош областынын жаңгак жана мисте токойлорунда келемиштер өтө көп болот; алар Көкөмерен суусунун жайылмаларында да жашашат. Алай өрөөнүндө азыраак болот.

Грек жаңгагынын түшүмдүү жылдарында мындагы келемиштер өтө көп тукумдайт, жылына ар бир ургаачы чычкан 3—4 бала тууйт. Алар жаңгакты көп жешет жана кыштык запастарын да камдашат. Күзүндө келемиштердин ийиндерин казып ачкан учурларда 16 килограммга чейин жаңгак табышкан. Келемиштер дан эгин айдоолоруна, өзгөчө жүгөрүгө чоң зыян келтирет.

Жаңгак начар түшүм берген жылдарда келемиштер элдүү пункттарга, тегирменге, бал челектерге жакын келип, мында белгилүү зыян келтирип, калктын тынчын алышат. Мындай жылдарда келемиштерден азык-түлүктөрдү катууга туура келет. Антпесе алар ташып кетишет. Мисалы Сары-Камышта мүшөктөгү эгиндерди келемиштерден сактап калуу максатында кампанын төбөсүнө илип коюуга аргасыз болушат.

Келемиштер көбүнчө түн ичинде активдүү болушат, күндүз алар өтө сейрек кезигет. Эгерде түндө токойдун ичинде баратып токтоп тыңшай турган болсоң, бирин-бири кубалашкан же алышкан келемиштердин чыйпылдаган үндөрүн, жаңгактын жана алчанын сөөктөрүн карсылдатып чаккан табыштарды угууга болот. Келемиштер дарактарга оңой эле чыгып, алардын эң бир ичке бутактарында жөргөлөп жүрө беришет.

Эртең менен болгондо бардыгы тынчтанышат, күндүз алар ийиндерине же болбосо, жыгачтардын көңдөйлөрүнө кирип кетишет. Бул жерлерден кээ бир учурда бир чакадан көп жаңгактын сөөктөрүн жана кемирилген алмаларды жыйнап алууга болот.

Кышкысын келемиштер укташпайт, алар даярдап алышкан запастарын жана жерде калган жаңгактар менен алмаларды жеп жата беришет. Келемиштер айбандардын эттерин да жешет. Бул жаңгак токойлорунда кемиргичтерге капкан коё турганбыз. Көп учурда эртең менен барып карaганыбызда, капканга түшкөн башка чычкандарды келемиштер келип жеп кеткендигин көрүчүбүз.

Келемиштер балапандарды жана куштардын жумурткаларын да койбой жешет.

Келемиштердин терисинин сапаты анчалык жогору болбойт, бирок ошондой болсо да, мех кийимдерин тигүүдө пайдаланылат. Бирок келемишти уулоо бизде жакшы өнүккөн эмес.

Келемишти уулоо өтө жөнөкөй болот жана бул үчүн көп нерсе талап кылынбайт. Келемишти кармоонун эң бир жеңил жана пайдалуу жолу ийиндердин оозуна жана алар жүрүүчү жерлерге коюлуучу № 0 майда капкандар менен кармоо болуп эсептелет. Капкандар кыныктыргычтар менен кошо коюлат жана ансыз да коюуга болот. Аңды көп алуу үчүн түн ичинде, коюлган капкандарды кеминде 3—4 жолу фонарь менен кыдырып көрүп чыгуу зарыл. Бул учурда капкан канчалык көп болсо, аңчылыктын натыйжасы ошончолук жогору болот.

## Суусар

Кыргызстанда суусардын бир гана түрү бар, ал таш суусар, ал эми токой суусары бизде болбойт.

Суусар — анчалык чоң эмес айбан, анын денесинин узундугу 50 сантиметрге, куйругунун узундугу 30 см. ге жакын болот.


Ноябрда, өзгөчө январь айларында суусардын жүнү эң кооз, калың, түктүү келип, үлпүлдөп жумшак болот. Бул учурда суусар ачык кызгылт-күрөң, кээде ачык күрөң келип, буттары жана куйругу караалжын болот. Өзүнүн жакын тукумдашы — токой суусарына караганда, бул суусардын кекиртеги сары эмес, апакай келет.

Баалуу, жүнү асыл бул айбан Кыргызстанда чачкын жашайт. Көбүнчө карагайлуу жана арчалуу токойлордун кыркасындагы аскаларда жана жылмышып түшүп чогулган ири тоо тектеринин арасында жашайт. Ар түрдүү бадалдуу кокту-колоттордо да болот, ал эми токойсуз жана бадалсыз аскаларда өтө сейрек учурайт.

Суусарлар өзгөчө түн ичинде активдүү болушат; алар азык издеп бир түндө 10 километрден ашуун жер басышат. Катуу суукта 3—5 суткага чейин жортуулга чыкпай ийнинде жата беришет

Балдарын өстүрүп-чоңойткондон кийин, суусар бир жерде токтолуп жашабайт, туш келди жерде—аскалар-

дын жарыктарында, жыгачтын көңдөйүндө же ийиндерде дем алып жатат. Суусар негизинен майда кемиргич айбандарды жана куштарды, курт-кумурскаларды жеп тамактанат. Ал, карагаттын, дан куурайдын жемиштерин жана четиндин ашын да жейт. Улар сыяктуу ири куш да бул кыраан жырткычтын азыгы болуп калган учур болот.



3 сүрөт. Суусар.

Суусар жыныстык жактан эки үч жашында жетилет. Үйүгүшүү мезгили июнда башталып, августка чейин созулат. Кийинки жылдын апрель-майынан тартып тукумдай башташат.

Бир жолкусунда, көп учурда 2 ден 5ке чейин, көзү ачылбаган бала тууйт. Алар 30—35 күндөн кийин гана жетилишет. Суусар балдарын чоң жыгачтын тамырларынын түбүнө же аскалардын жарыктарына жасаган уяда багат. Анын балдары тез өсөт жана 3 айдан кийин энесинен бөлүнүп, өз алдынча жашай башташат. Өзүнүн балдарын иттен жана адамдан кайраттуулук менен коргогон майда арыска жана ач күсөнгө караганда, суусардын ургаачысы абдан коркок келип, коркунучтан эң оболу өзү качып кетүүгө аракеттенет.

Кыргызстанда баалуу аң терилерди даярдоодо суусардын терисинин мааниси анчейин эмес. Жыл бою бардык болгону 30—40 гана тери түшөт, ал эми андан 4—5 эсе көбү элдин колунда калат. Анткени жергиликтүү калктын арасында суусардын териси өтө жогору бааланат жана өзүнчө бир байлык катары эсептелинет. Андан улуттук баш кийим тигилет жана сырт кийимдердин жээктери кармалат.

Өтө эле чактабай уулоонун натыйжасында, суусардын

запастары бардык жерлерде азайып кеткен. Суусарлар көбүнчө Тянь-Шань областындагы Жаңы жер жана Улан ойдуңдарында, Чаткалда жана өзгөчө Ош областынын батыш райондорунда сакталып калган.

Суусарларга аңчылык кылуу зор кыйынчылыктарды туудурат жана мергенчиден бул амалдуу айбандын адаттарын билүүдөн тышкары, чыдамкай болууну да талап кылат, анткени элдүү пункттардан алыскы тоолордон кышында аң уулоо өтө оор болот. Суусарды көбүнчө өтө кеңири таркалган таш капкандар менен кармашат, ал жалпак 2 таштан турат. Аны мындайча орнотушат: үстүнкү ташы жыгач таякча менен тиреп коюлат, таякчанын түп жагына өлгөн чычканды, майда канаттууну, же бир кесим этти татканткыч катарында бекем байлап коюшат. Татканткычты алам дегенде үстүнкү таш түшөт да өзүнүн салмагы менен айбанды басып калат.

Эгерде кармалган суусарды ошол эле замат чыгарып албаса, жырткычтар терисин бузуп коюулары мүмкүн.

Суусарды уулоонун эң жакшы мезгили декабрь—февраль айлары болот, анткени бул учурда суусардын жүнү өтө жогорку сапатта болот, мындан бир ай кийин алар түлөй башташат.

Кыргызстанда суусарларга аңчылык кылуу бардык жерлерде тыюу салынган. Аларды мамлекеттик даярдоо үчүн уулоого «Заготживсырьенун» мергенчилерине гана уруксат кылынат, ошондо да ал мамлекеттик аңчылык инспекциясы тарабынан жыл сайын белгиленген чектелүү өлчөмдө жүргүзүлөт.

## Чаар күсөн

Бул ала-була түстөгү кооз айбан мындан 10—15 жыл мурда Чүй өрөөнүнүн жарым чөлдөрүнөн кезиге турган. Эми чаар күсөн бул жерде жок. Ошондуктан, бул айбандын Чүй өрөөнүндө жашоосу жөнүндөгү айрым авторлордун адабияттык көрсөтүүлөрүн эскирип кетти деп эсептөө керек. Чаар күсөндүн бирин-сериндери Ош областынын территориясындагы чополуу жарым чөлдөрдүн кээ бир жерлеринде гана сакталып калган.

Чаар күсөн ач күсөндөн көп кичине болот, бирок анын эки түстүү куйругу узунураак келет. Жашоо түрү жагынан чаар күсөн ач күсөнгө окшош болот.

## Ач күсөн, сасык күсөн

Суусар тукумундагы бул кичинекей айбан Кыргызстандын бардык жерлеринде чачкын түрдө жашайт. Алар Чүй өрөөнүнөн баштап, деңиздин деңгээлинен 3000 метр бийиктиктеги Ак-Сай, Арпа жана Алай өрөөндөрүнө чейин таркалган.

Бийик тоолуу өрөөндөрдөгү ач күсөндөр Чүй өрөөнүндө жашаган ач күсөндөргө караганда бир канча чоңураак келет. Арпа жана Алайда кезиккен ач күсөндөрдүн денесинин узундугу көп учурда 50 сантиметрден ашат, ал эми Чүй өрөөнүндөгү ач күсөндөрдүкү — 40 сантиметрге жакын болот.

Чүй өрөөнүндөгү ач күсөндөрдүн терисинин түгү коюу жана агыш келип, уч жагы жумшак, каралжыныраак болот. Бийик тоодо жашаган ач күсөндөрдүн терисинин түгү саргычыраак келип, уч жагы кылчыктуу болот. Жонунун жүнү саргыч, буттары жана төшү кара-күрөң, көзүнүн алды жагы кара болот.



4-сүрөт. Ач күсөн.

Чүй өрөөнүндө ач күсөндөр сары чычкандардын жана башка кемиргичтердин даяр ийиндерин кеңитип жана тереңдетип жиберип пайдаланышат, ал эми Ак-Сайда, Арпада жана Алайда алар суурлардын ийиндерин ээлешет.

Ач күсөндөр көбүнчө түн ичинде активдүү аракеттенишет, күндүзү ийиндеринде жатышат. Аба ырайы начар күндөрдө жана катуу суукта алар ийиндеринен 3—5 суткага чейин, ал эми бийик тоолуу жерлерде — 10—12 суткага чейин чыгышпайт.

Ач күсөн — чыныгы жырткыч айбан, ал канаттуулардын жана айбанаттардын эти менен тамактанат. Ач күсөн көп сандаган сары чычкандарды, талаа чычкандарын, тыйын чычкандарды, жерде уялоочу канаттууларды жана алардын балапандарын, бийик тоолуу жерлерде — суурларды жок кылат. Мурдакы Фрунзе областында ач күсөн мында өстүрүлүп жаткан ондатранын негизги душмандарынын бири болуп калды.

1948-жылы февраль айында тирүү кармап алынган ач күсөндөрдүн ийиндеринен запас үчүн жыйылган 8—12 сары чычкандын эти табылган, бул болсо, алардын жырткычтык шыктуулугун ачык далилдейт. Ач күсөндөр сары чычкандарды чээнде жатканда кармашкан.

Ач күсөндүн аңчылык жолу өтө узак болот, көп учурда бул кичинекей жырткыч бир түндө 10—12 километр жер басат.

Ач күсөндөрдүн үйүгүшүү мезгили тоо этектеринде — февралдын орто чепинде, бийик тоолуу жерлерде — мартта башталат. Ургаачылары жыныстык жактан жетилип, экинчи жылы тукумдай башташат. Балдарын энеси менен атасы экөө тең бирдей тарбыялайт.

Ач күсөн балдарын ичинде 40—45 күн көтөрөт. Бир жолкусунда ал сейрек чыккан агыш жүндүү 6—10 бала тууйт. Алар көзү ачылбай туулуп, бир ай чамасында барып жетилишет. Кээ бирде ач күсөн ондон да көбүрөөк бала тукумдашы мүмкүн. Мисалы, биз кармаган ач күсөндөрдүн ичинен бири 18 ди, экинчиси — 19 ду тууган. Июлдун акырында жана августта жаш ач күсөндөр өз алдынча жашоого өтүшөт.

Жаш кезинде кармалган ач күсөндөр оңой үйрөтүлөт. Бизде капаста багылып жаткан ач күсөндөрдүн көбү кармалгандан 5—6 күндөн кийин эле эч коркпостон күн-

дүз эле капасттардын эшикчелерине келип, кишинин колунан эт алып жешет.

Ач күсөндөр коркок эмес, аларга кол салган учурда кайраттуулук менен коргонушат, ал эми балдары менен чогуу жүргөн кезде ач күсөндөр душманына өздөрү биринчи болуп кол салууга аракет кылышат.

Ак ач күсөндөрдүн терилери кооз, жылуу жана бышык келет. Анын жүнү суусардыкынан кийинки мехтердин эң мыкты түрлөрүнүн бири болуп эсептелет.

Ач күсөндөрдүн душмандары — чоң үкүлөр, түлкүлөр, карышкырлар жана ээсиз иттер болуп саналат.

Ач күсөндү — эң сонун мехтерди берүүчү жана айыл чарбасынын көп сандаган чычкан сымалдуу зыянкечтерин жок кылуучу пайдалуу айбан катарында эсептөө керек.

Мурдагы Фрунзе областын айтпаганда, баалуу аң терилердин мамлекеттик даярдоосунда ач күсөндүн терисинин мааниси жокко эсе. Ач күсөндөрдү атайын кармабайт, анда-санда кокусунан кезиккен учурда кармашат, ошондо да суурларды уулоо мезгилинде, бирок, бул учурда алардын мехи жараксыз болот.

Мурдакы Фрунзе областында жыл сайын 500 гө жакын ач күсөн кармалат.

Ач күсөндү уулоо башкаларга караганда оңоюраак болот. Аны № 1 капкан менен кармашат, капкан ийиндин оозуна коюлат, кыш мезгилинде ак кардуу талаадан ач күсөндүн ийинин алыстан эле көрүүгө болот, анткени ал өзүнүн ийнин кеңейтип же тереңдетип казып, топуракты сыртка чыгара берет, натыйжада ар кайсы жерде топ-топ болгон жаңы топурак пайда болот.

Кыргызстанда ач күсөнгө аңчылык кылуу бардык райондор боюнча 1-ноябрдан 15-февралга чейин уруксат этилет.

### Узун куйрук сары чычкан

Анчейин чоң эмес айбан. Эркектеринин денесинин узундугу 25 сантиметрге жакын болот, ургаачылары кичирээк келет. Сапаты анчейин жогору болбогон жүнүнүн кышкы түсү ачык күрөң, кызыл-саргыч келип, жайкысын каралжын болот. Кыргызстанда узун куйрук — чыныгы тоо айбаны, ал 1700—2000 метр бийиктиктен төмөн түшпөйт.

Узун куйруктун жалпы саны аз. Негизинен ал Ысык-Көлдүн айланасында, сейрегирээк Тянь-Шань областында жашайт. Кээ бир ойдуңдарга караганда узун куйруктар Жуукуда, Тосордо, Барскондо, Ысык-Көлдүн түштүгүндө жана Сары-Жаздын чыгыш жагында көп болот.



5-сүрөт. Сары чычкан.

Кыргызстанда узун куйруктун биологиясы изилдене элек. Аң терилерин даярдоодо анын эч мааниси жок. Арыска коюлган капканга кокустан гана түшүп кармалат.

## Арыс


Бул кичинекей айбандын чоңдугу бар болгону 22—26 гана сантиметр, а ургаачылары андан да кичирээк болот. Куйругу денесинен бир аз узунураак келет.

Кышында арыстын жүнү кыска, тегиз, агыш же аппак келип, куйругунун учу кара болот. Жазында арыс түлөйт, жайкысын жону жагына ачык-күрөң түстүү жүн чыгат, ал эми боор жагы саргычыраак келип, апакай бойдон кала берет.

Арыс негизинен күүгүм киргенде жана түндө аракеттенүүчү айбан, бирок ал кээде күндүзү да кезигет, өзгөчө күздүн башында, балдары өз алдынча жашоого өткөн мезгилде учурайт.

Бизде арыс төмөнкү зоналардагы көлмөлөргө жакын бадалдардан тартып, 3000 метрден ашуун бийиктиктеги эшилип түшүп чогулган тоо тектерине чейинки бардык жерлерде жашайт. Башкача айтканда, алар өзөндөрдүн жайылмаларында, коктуларда, токойдун ачык жерлеринде, эшилип түшүп чогулган тоо тектеринин арасында, арчалуу жерде жана көбүнчө адам жашаган жерлерде — ураган эски үйлөрдүн ичинде, үймөктөрдүн түбүндө жана башка ушул сыяктуу жерлерде таркаган.

Арыстын адам менен кездешкен учурдагы кылык-жоругу кызыгаарлык. Башка көп айбандарга караганда, ал ошол замат эле качууга аракеттенбейт. Эгерде аны көздөй басып баратып, токтой калсаң, ал да токтоп, кишини тиктеп тура берет. Эгерде кубалап жүрүп олтур-



6-сүрөт. Арыс

саң, бирде качып, бирде токтой калып, кылчактап кете берет. Мына, карап турсаң жылан сымалдуу соймоктогон айбан, чоң-чоң таштардын арасына жылт этип кирип кетип жок болду. Арыс ошол жерден кайра чыгат деп күтө берүү пайдасыз, ал, таштардын арасы менен жүрүп олтуруп 20—30 метр алыстыктагы башка бир жактан чыга түшөт.

Арыс — чынында эле кызык айбан, аны таңыркандай кароого болбойт, ал абдан шамдагай. Бир жолу арысты биз күндүз кезиктирдик. Ал күтпөгөн жерден, балыкчынын кайырмагына түшүп кумда ары-бери чабылып жаткан чоң балыктын жанына келип калды. Алаксыгысы келбеген балыкчы, айбанды кыйкырык менен кетирүүгө аракеттенди, бирок арыс андан корккон жок, качмак турсун, балыкчыны жана балыкты улам карап коюп, аны көздөй ыргыткан ташты кубалап жөнөйт.

Ит, арысты анда-санда эле албаса көп учурда алалбайт. Ал жашынып кала турган тешикти кайдан болбосун табат.

Зарыл болгон учурда арыс өзөндөн сүзүп чыгып кетет, ал суунун жээгинен 10 метр алыстыкта турган андатралардын үйчөлөрүнө оңой эле сүзүп жетет.

Арыс жазында тукумдайт, ал 15 тен 18 ге чейин бала тууйт, бирок көп учурда 5—8 ден ашпайт. Адегенде энеси балдарын эмчек берип багат, кийинчерээк аларга майда канаттууларды, чычкандарды алып келип берет. Балдарын коргогон кезде энеси укмуштай тайманбастыкты көрсөтөт, ал эмес, чакылыктап барып итке да кол салат. Туулгандан 3—4 ай өткөндөн кийин, арыстын балдары уяларын таштап, өз алдынча жашай башташат. Кышка чейин алар абдан чоңоюп калышат, бул учурда аларды чоң арыстардан айрып таануу кыйын болот.

Арыстын негизги тамагы майда кемиргичтер болот, кээде ал майда канаттууларды да жейт. Ар түрдүү чычкандарды, пишуха, сары чычкан, тыйын чычкан жана ушул сыяктуу башка кемиргичтерди өзгөчө көп сандап жок кылат. Кези келсе, балыкты да жейт.

Арыс бизде абдан көп, бирок аны өтө аз кармашат. Арыстарды кармоо эң эле оңой болсо да, баалуу аң терилерди даярдоодо алардын териси жылдан-жылга азайып бара жатат. Арысты көбүнчө эттен жасалган таткантчычы бар № 0 капкан менен кармашат. Сибирде жана башка жерлерде арыстарды тузак менен жана башка жолдор аркылуу кармашат, бизде бул жолдор колдонулбайт.

Арыстын көпчүлүгү Ысык-Көлдүн айланасында жана Тянь-Шань областында болот. Суусамыр менен Чаткалда да көп.

Арыстын терисин ийлеп, иштетүү этияттуулукту жана билгичтикти талап кылат, анын териси туюк союлат.

Арыска аңчылык кылуу Кыргызстандын бардык райондору боюнча 1-ноябрдан 15-февралга чейин уруксат этилет. Алардын терилери декабрдын экинчи жарымында жана январда эң мыкты товардык сапаттуулукка айланат.

## Арыс чычкан

Кыргызстандагы териси асыл айбандардын ичинен арыс чычкан эң кичинеси болуп эсептелет, анын денесинин жана өзгөчө куйругунун узундугу ага тукумдаш болгон арыстыкынан кыскалык кылат. Жайында алыстан арыс чычканды арыстан айрып алуу кыйын, анын жон жагындагы жүнү бир аз каралжыныраак келет. Кышкысын бул айбан арыс сыяктуу эле, апакай жүндүү болот, бирок анын бир аз гана айырмасы бар, арыстын узун куйругунун уч жагы кара болсо, арыс чычкандын куйругу кыска келет да, бүт денеси сыяктуу апакай болот.

Арыс чычкан — арыс сымалдуу эле көрктүү, шамдагай айбан. Алардын азыгы да бирдей болот: чычкандар, талаа чычкандары, кез-кезде майда канаттуулар. Жашаган жайлары да бирдей, айырмасы — арыс чычкан арыска караганда, түздөн-түз адам турган жайларда жашайт.

Кышкысын арыс чычкандын жүнү арыстыкы сыяктуу эле апакай келет, бирок кыскараак жана анчалык коюу эмес, териси да кичирээк болот.

Кышкысын анда-санда түлөбөгөн арыс чычкандарды кезиктирүүгө болот, алардын жүнү апакай болбостон, жайкы түстө болот. Ушул себептен, арыс чычкандын териси арыстыкына караганда он эсе арзан бааланат. Ошондуктан көп сандаган бул айбан бизде пайдаланылбайт дээрлик жана аң терилерди мамлекетке даярдоодо анын мааниси анчейин эмес.

Ага карабастан, арыс чычкандар адамга чоң жардам көрсөтөт, алар чычкан сымалдуу көп сандаган зыяндуу кемиргичтерди жок кылышат. Бул кичинекей жырткыч аларды аз жеп, көп өлтүрөт.

## Кашкулак

Суусар тукумдуу бул айбан Кыргызстанда өтө кеңири таркаган: ал ойдогу түздүктөрдө да жана деңиздин

деңгээлинен 4000 метрге чейинки бийик тоолордо да жашайт. Кашкулакты таануу оңой эле. Анын денесинин массивдүүлүгү жай-баракат жүрүшү, буттарынын кыскалыгы, күчтүү тырмактуу тамандары кичинекей аюуну элестетет. Бирок да башы менен куйругунун түзүлүшү, түсү башкача болот.

Чоң кашкулактын башынан аягына чейин денесинин узундугу 60 сантиметрден ашат, куйругу 20 сантиметрге жакын. Жүнүнүн уч жактары кылчыктуу, узун жана сейрек болот. Жалпы түсү карасур келет, жаагынын эки жагында тең көздөрүнүн үстү менен өткөн эки кара тилке бар.

Жазында чоң кашкулактын салмагы 10 кг болот, ал эми күзүндө, чээнге кирүүнүн алдында анын салмагы эки эсе көбөйөт. Мисалы, 1950-жылы 23-сентябрда Суусамырда салмагы 25 кг. болгон кашкулак алынган болучу. Кашкулак — түнкү айбан, бирок анын тынчын албаган жерлерде, ал күндүз да активдүү. Күндүзү жүргөн кашкулактарды Тогуз-Торонун Уу-Тал жана Алайку деген жеринен кезиктирүүгө болот. Кашкулактар Кыргызстандын түштүгүндө, Тянь-Шань областында жана Күнгөй Ала-Тоосунда өтө көп.



7-сүрөт. Кашкулак.

Кашкулак — сак айбан: ийнинен чыгуунун алдында, ал тумшугун чыгарып көпкө чейин жыт алат жана тыңшайт. Коркунуч жоктугуна көзү жеткенден кийин гана сыртка чыгат.

Алар ийиндерди бир нече оозду кылып, терең казышат, ал ийиндер көп жылга чейин жарайт.

Кашкулак өзүнүн тазалыгы менен да айырмаланат. Ал ийининен алыс эмес жерден чуңкур казып коюп, ошондо заңдайт, пайдаланып бүткөндөн кийин чуңкурду топурак менен көөмп коёт.

Дүңкүйүп, ыксыз көрүнгөндүгүнө жана анчалык чоң эместигине карабастан, кашкулак коркунучка туш болгон учурда кайраттуулук жана шамдагайлык менен коргонот. Көп учурда кашкулакка кол салган ит кыңшылаган бойдон кайра качууга аргасыз болот.

Эгерде кашкулак бир нерседен коркуп калбаган болсо, ал ийининен эки-үч километр алыстыкта түн бою аңчылык кылып чыгат. Кокус коркунуч болсо, ал тез эле жолго түшүп, ийинин көздөй качат.

Кашкулак жырткыч экендигине карабастан, ар кандай нерселер менен тамактанат, чээнден чыккандын биринчи күндөрүндө, кар абдан кетелек мезгилде кашкулактар чөптөрдүн тамырларын казып, майда кемиргичтерди кармап, курт-кумурскалардын личинкаларын, жамгыр курттарын, кышкысын жатып калган кескелдириктер менен жыландарды таап жейт. Кийинчерээк коңуздарга, чегирткелерге, кожогаттарга өтөт. Кашкулак түз жерлерде уялаган канаттууларды, алардын жумурткалары менен балапандарын да аябайт. Кээде коёндун бөжөктөрүн, суурлардын чөндөлөйлөрүн, жалгыз калган улактар менен козуларды кармап жейт. 1949-жылы Босого ойдуңунда кашкулактын эликке кол салган учуру да белгиленген.

Ош областынын жемиш токойлорунда августтан тартып, чээнге киргенге чейин кашкулактын рационуна алмалар жана алчалар кирет.

Ургаачы кашкулактар жыныстык жактан 2 жашка чыкканда жетилет. Баланы көтөрүү мөөнөтү бир жылга жакын созулат. Алар жакада февралдын аягында, бийик тоолуу жерлерде андан бир ай кеч тууйт. Кашкулактар көпчүлүк убакта 2—4, ал эми кээде 7 ге чейин, көзү ачылбаган бала тууйт. Туугандан бир нече күндөн ки-

йин, алар кайрадан уруктанышат, бирок кийинки жылы тукумдашат.

Кашкулактардын чээнге кирүү мезгили суурлардыкындай болбойт. Көп учурда жемиштүү токойлордон чээнге кирип жатпай жүргөн кашкулактардын издерин декабрда гана эмес,январь айында да кезиктирүүгө болот.

Баалуу аң терилерди даярдоодо кашкулактын мааниси анчейин эмес. Жыл сайын 5—6 миң тери даярдалат, алар сырт кийимдерди, туш кийиздерди жасалгалоого пайдаланылат, кылынан кисттерди даярдашат.

Кашкулактын майы элдик медицинада көп талап кылынат, биринчи иретте кургак учукту дарылоодо пайдаланышат, ошондуктан бир катар райондордо кашкулактарды жыл бою кармашат. Кашкулактын жакшы бышырылган эти аябай жумшак жана даамдуу келет. Бирок алдын ала көтөн-чучугу жактагы сасык безди жана майынын калың катмарларын кесип салуу керек.

Кашкулактарды негизинен № 5 капкан менен кармашат. Алар ийиндин оозуна же кашкулактын өткөн жолуна коюлат. Таң атпай же кечинде ийинди аңдып олтуруп мылтык менен атып да алышат, иттерди да колдонушат.

Итти колдонуу абдан пайдалуу жана спорттук жактан кызыктуу болот. Бул сыяктуу аң уулоодо мергенчи түн киргенден кийин, үйрөтүлгөн 2 ити менен кашкулактардын жашаган белгилүү жайларын кыдырып чыгат. Алардын издерин таап алган иттер кол салышат да, басып алып муунтушат, же мергенчи келгенче кармап турушат. Келген мергенчи кашкулакты узун таяк менен тумшукка чаап өлтүрөт.

Кашкулактар жүгөрүлөрдүн жана жашылчалардын айдоолоруна өтө сейрек зыян келтиришет, үй малдарына андан да сейрек кол салышат, мына ушуларды айтпаганда, кашкулакты чычкан сымалдуу кемиргичтерди жана зыяндуу курт-кумурскаларды жок кылуучу пайдалуу айбан деп эсептөө керек.

Кашкулакка аң уулоо Кыргызстандын бардык райондорунда 1-сентябрдан тартып ал чээнге киргенче уруксат кылынат.

### Кундуз

Териси асыл бул айбан жакында эле Кыргызстандын көп сандаган көлмөлөрүндө жашаган. Азыр да жергиликтүү калктан кундуздун терисинен жасалгаланган

улуттук баш кийимдерди жана сырт кийимдерди көп кезиктирүүгө болот.

Жаңы-Жол районунда Кара-Суу өзөнүнө куйган Турдук суусунун бир нугу Кундуз колот деп аталат. Афлатунка суусунун мурдакы башталган жериндеги анчалык терең эмес үңкүр да Кундуз-Таш деп аталат. Бул аттар өткөн учурда мында күндүздүн жашагандыгы менен шексиз байланыштуу. Кундуз Тар-Дарыя, Көкө-Мерен жана Нарын өзөндөрүндө жашайт имиш, деген пикирлерди азыр да угуп калабыз.

Болжолу мындан 30 жыл мурда жергиликтүү фаунachылар, Кыргызстанда кундуз жок болуп кетти, ал жөнүндө адабиятта да эч нерсе жазбай калышты деген тыянакка келишкен. Кундузду такыр кезиктирбей калгандык жана алардын терилеринин даярдоого түшпөгөндүгү мына ушуга негиз болгон.

Күтүлбөгөн жерден 1952-жылы Ысык-Көлдүн Түп районундагы Түп суусунда кундуздун пайда болгондугу белгиленген.

Сталин атындагы колхоздун темир устасы Тимофей Мирошниченко кундузду мурда Сибирде турганда таанышгандыктан, өрдөк уулап жүрүп, Түп суусунун жээгинен кундуздун издерин таап, жерге терең кагылган казыкка бекитилген капкан койгон. Эртеси ал жерде капкан да, казык да жок болуп чыккан, капканга түшкөн күчтүү айбан аны сууруп кеткен.

Мергенчи экинчи жолу капкан койгон, ага ургаачы чоң кундуз түшкөн. Кийинчерээк бул мергенчи дагы бир жаш кундузду кармаган.

Бул кундуздардын бирөө бир топ убакытка чейин капаста багылган. Капастын ичине ташталган ондатраны ал өтө кызык жей турган. Кундуз айбанды терисине эч зыян келтирбей оюп олтуруп жейт. Териси бул учурда туюк бойдон кала берет.

Кыргызстанда кундуздун биологиясы изилденген эмес, анткени жогоруда айтылганга чейин мындагы зоологдордон эч кимиси аны көрбөгөн.

Кундуз Түптүн суусунун жээктерине Каркыра аркылуу, чыгыштан келди деп болжолдообуз мүмкүн, анткени анда алар көп болот.

Кундузду таануу оңой. Бул жырткычтын жашоосу суу менен тыгыз байланыштуу болот. Анын кыска бар-

мактары сүзүү жаргактары менен бириккен. Кундуздун жон жагы кара-күрөң, тамак жагы жана боору агыш-жылтырак түстө болот. Чоң кундуздун денесинин узундугу 75 сантиметрге жакын болот, ал эми түп жагы жоон, уч жагы ичке келген куйругу денесинин узундугунун жарымынан көбүрөөгүндөй келет.

Адабияттык маалыматтарга караганда, кундуз негизинен балык менен тамактанат, сууда сүзүүчү канаттууларды жана алардын жумурткаларын, бакаларды, кези келсе кемиргичтерди да жейт. Ошол эле маалыматтар боюнча, кундуздун ургаачысы апрель — майда 2—5 көзү ачылбаган бала тууйт. Кундуздар өздөрүнүн түнөгүн сууга жакын, жыгачтардын тамырларынын, бутак-сутактардын алдына, чоң-чоң таштардын арасына жасашат. Ийиндерди бийик жээктерде да казышат, алардын кирүү оозу суунун астында болот.

Кундуз түн ичинде аракеттенет. Ал өтө сак болот, ал эмес кишилердин турагына жакын көлмөлөрдө жашаган кундуздар да көп убакытка чейин өздөрүн билинтпей жата беришет. Кундуз суунун ичинде бир нече минут сыртка чыкпай кала берет, ал эми дем алуу үчүн ал тумшугунун учун гана чыгарып туруп, кайра кирип кетет.

Көлмөдө балык азайган кезде, кундуз тоо суу тармактары аркылуу жана калың карды жиреп олтуруп башка көлмөлөргө көчөт.

Кундуздун жүнү коюу жана бышык келет, башка мехтердин ичинен аябай бекем деп эсептелинет. Иштетүү учурунда жүнүнүн уч жагындагы катуу кылдары кыркылып салынат. Терисинде мехти бөтөнчө кооз кылып көрсөткөн коюу, үлпүлдөк түктөрү гана калат. Териси сапаттуу болгондуктан, кундуз баалуу айбандардын бири болуп эсептелет.

## Аюу

Кыргызстандагы жырткычтардын ичинен аюу эң чоң айбан. Бизде күрөң аюу түспөлдүү — Тянь-Шань аюусу же ак тырмак деп аталган аюу таркаган. Ак тырмак деп аталышынын себеби, башка күрөң аюуларга караганда, анын тырмагы кара эмес, ак саргыл келет.


Ак тырмак аюунун сырткы көрүнүшү мындай болот:

дене бою жана буттары салмактуу, маңдайы жазы, башы чоң, куйругу кыска келип, чоңунун жүнү ачык күрөң жаштарыныкы кара күрөң болот. Ал, Сибирдеги күрөң аюуларга караганда көп кичине келет.

Кыргызстандагы аюу — чыныгы бийик тоолуу айбан, ал субальп жайыттарында жана токойлордун жогорку тилкелеринде жашайт. Деңиздин деңгээлинен 4000 метр бийиктикке чейинки тоого чыгат.

Аюу Кыргызстандын бардык областтарында жана райондорунда аз-аздан таркалган. Алар көбүнчө Талас тоо кыркасынын түштүк беттеринде сакталып калган.

Аюу жырткыч болгону менен, бардык нерселерди жей берүүчү айбан. Кээде ал канаттуулардын уяларын таап бузат, эликтин балдарын басып өлтүрөт, бирок ошого карабастан, аюунун негизги тамагы өсүмдүк болот. Эрте жазда, чээнден чыккандан кийин аюулар өсүм-



8-сүрөт. Аюу.

дүктөрдүн тамырлары жана баштары менен, курт-кумурскалар, алардын личинкалары жана майда кемирүүчтер менен тамактанышат. Кийинчерээк аюулар, суурлар чээнден чыгары менен алардын ийиндерин бузуп жиберип жешет. Жайында чөп өсүмдүктөрү менен кожогаттарга (дан куурайы жана карагаттар) өтүшөт. Чээнге киргенге чейин аюулар аябай семиришет.

Аюулар чээнге аба ырайына, кээ бирде өздөрүнүн семиришине байланыштуу ар кандай мезгилде киришет. Маселен Ак-Сайда жана Чаткалдын жогору жактарында октябрдын орто чендеринде чээнге киришет, ал эми Узун-Акмат жеринде, Талас тоо кыркасынын түштүк беттеринде болсо, аюулар али ноябрдын орто ченине чейин чээнге кирбей жүрө беришет.

Аюунун үңкүрлөрү ар качан аска-жарлардын терең жарыктарында, чоң-чоң үңкүрлөрдүн ичинде, кыйраган жыгачтардын үймөктөрүндө, калың бадалдарда жана башка ушул сыяктуу жерлерде болот.

Декабрдын акырында — январдын башында сейрек жүндүү, көзү ачылбаган үч же төрт мамалак тууйт. Энесинин салмагы көп учурда 200 кг. га чейин жетсе да, жаңы туулган мамалагынын салмагы 500 гана грамм болот.

Марттын башында эле, кардын кете элегине карабастан, аюулар үңкүрлөрүнөн чыгып, азык издей башташат. 1954-жылы февралда Ак-Сайда суук 15 градуска чейин жетип турган учурда мергенчилер бадалдын түбүнөн үч баласы менен жаткан ургаачы аюуну көрүшкөн. Энеси качып кетип, балдарын кармап алышкан. Бул аюунун үңкүрдөн эрте чыгышына эмне себеп болгондугун айтуу кыйын, кыясы бир нерседен чочуп чыккан.

Аюуларда үйүгүшүү мезгили болжолу июнда башталат. Эркек аюулар көп болгон жерде жалгыз ургаачысынын артынан бир канча эркеги кубалап алат. Натыйжада алардын ортосунда катуу алышуулар болот.

Аюу сыртынан ыксыз көрүнгөнү менен, шамдагай айбан; анын жыт алуу жана угуу сезими эң мыкты, коркунуч болгон учурда аюу дайым качат. Эгерде мергенчи аюуну адегенде эле бутага албаса, ал билгичтик менен аскалардын арасына кирип кетет, экинчи аны көрүү өтө кыйын болот.

Адамды айтпаганда, Кыргызстандын шарттарында чоң аюунун душмандары жок. Ырас, жанында энеси жок болсо, мамалактары карышкырларга жем болуп калуулары мүмкүн.

Ургаачы аюу, балдарын өстүрүп тарбыялоодо энелик чоң камкордук кылат. Күн жылууда энеси күнгө кактанып жатса, мамалактары анын жанында оюн салып жүрүшөт. Эгерде алардын мындай камырабастыкта жаткан

учурун байкап, көрүп турган болсо энесинин мезгил-мезгил менен тура калып жыт алып, эки жакка кулак салып, коркунуч сезилбесе дем алууну кайрадан уланта бере тургандыгын көрүүгө болот. Ал эми коркунучту сезип калган болсо, анда ал жүнүн үрпөйтүп, коркунучту билдирүүчү өкүрүктү салып, балдарын ээрчитип, качууга бет алат.

Кыргызстандын мергенчилеринин аюуга аңчылык кылуусу кокустук мүнөздөгү иш болуп эсептелет. Аюуну кээ бирде гана, колдо жасалган чоң капкандар менен кармашат, ошондо да Ош областындагы токойлордун жогорку зоналарында кармалат. Кыргызстанда аюуну ар качан дүрмөтү октолгон мылтык менен уулашат. Мергенчилердин айтууларына караганда, аюу жарага бош келет. Сентябрь айында Арпанын Сөөк ойдуңунда салмагы 200 кг. болгон аюу майда калибрдүү мылтыктын эки огу менен гана өлтүрүлгөн.

Ак мөңгүлүү аскалар менен жүрүү мүмкүн болбогондуктан, Кыргызстанда үңкүрдөгү аюуга аңчылык кылуу практикаланбайт. Көбүнчө аюуга күзүндө жана эрте жазда аңчылык кылышат.

Аюунун эти күзүндө абдан даамдуу болот. Бул учурда чоң аюудан 40 кг. га чейин май алынат, аны эл көбүнчө ар түрдүү ооруларга, айрыкча кызыл жүгүрүк оорусуна дары иретинде керектейт. Аюунун жүнү октябрдан тартып апрелдин акырына чейин калың жана жарым кылчыктуу болот. Анын териси менен үйдүн ичин жасалгалашат же талпакка пайдаланышат. Кыргыздар аюу талпагы бар үйгө бүргө жолобойт дешет.

Аң терилерин мамлекетке даярдоодо аюу терилеринин эч кандай мааниси жок, анткени алардын бардык дээрлиги элдин колунда калат.


Аюуларга аңчылык кылуу Кыргызстанда 1-октябрдан тартып, чээнге киргенге чейин уруксат этилген, жазгы жана жайкы уулоого тыюу салынган. Аюуга аңчылык кылууга мындай кыска мөөнөттүн берилиши биринчиден, Сибирдин бир катар областтарына караганда бизде аюулардын али аздыгы; экинчиден, Кыргызстандын шарттарында аюулардын мал чарбасына зыян келтирбегендиги менен түшүндүрүлөт. Аюунун адамга өзү кол салган учуру да ушул убакка чейин болгон эмес.

## Карышкыр

Карышкырлардын сырткы көрүнүшүн жазып олтуруунун эч кажети жок, анткени алар жөнүндө көп жазылып, көп айтылат. Ошондой болсо да, тундралык өтө чоң карышкырларды айтпаганда, Сибирдин жана РСФСРдин башка областтарындагы токой карышкырларына караганда, биздеги карышкырлар майдараак келе тургандыгын билүүбүз керек. Бирок, Кыргызстандагы карышкырлар да өз учурунда чоңдугу жагынан бирдей болбойт: Ак-Сай, Арпа жана Алайда алар түз зоналардагы карышкырларга караганда майдараак келет.

Кыргызстанда карышкырлар өтө кеңири таркаган, мында Чүй өрөөнүнөн тартып, 4000 метр бийиктиктеги тоолуу жерлерге чейин алар болбогон бир да район жок.

Карышкырлар күчтүү, кайраттуу жана ошону менен бирге аябай сак жырткыч болуп эсептелет. Алардын көзү курч, жыт алуу жана угуу сезими эң күчтүү болот.



9-сүрөт. Карышкыр.

Малга карышкырлардын тобу гана коркунучтуу имиш деген пикир туура эмес. Жалгыз чоң, ач карышкыр жылкыны жана төөнү жеп кетүүгө күчү келет.

Карышкырлардын үйүгүү мезгили төмөнкү зоналарда көбүнчө январдын башында, жогорку зоналарда андан 20—25 күн кеч башталат. Эки жашар канчык карышкырдын үйүгүү мезгили, жетилген карышкырларга

караганда 15—20 күн кечигип өтөт. Үйүгүү убагында бир жаштагылар, башкача айтканда, жыныстык жактан жетиле элек канчык карышкырлар ата-энеси тарабынан четке куулуп ташталат. Карышкыр — түгөйлүү айбан, ал бир катар жылдар бою бир гана канчык карышкыр менен чагышат. Экөөнүн бирөө өлгөн учурда гана, аман калганы кайрадан өзүнө түгөй таап алат. Жетилген карышкырлардын үйүгүшүүсү тынч шартта өтөт, ал эми жаштарыныкы, тескерисинче, канчыгын тартып алуу үчүн катуу күрөштө өтөт. Үйүгүшүү мезгили аяктагандан кийин, кайрадан карышкырлар тобу түзүлөт, алар көп жылдар бою пайдаланып келишкен тууй турган жерлерине акырындап олтуруп жакындап келишет. Жетилген карышкалардан кийинирээк чыгышып калган жаш карышкырлар да ийинге ылайыктуу ыңгайлуу жерлерди издешет, алардын ийиндери көбүнчө чоң-чоң аң-саңдарда, жарларда, үңкүрлөрдө, аскалардын жана таштардын чогулган дөбөчөлөрүндө, же болбосо калың бадалдарда жана арчаларда болот. Кээде алар кашкулактын же түлкүнүн ийиндерин да пайдаланышат.

Карышкырлар ийиндерин агын сууга жакын жерге казышат, анткени жаңы тууган канчык карышкыр суткасына бир нече жолу суу ичет.

Чагышуу аяктагандан 63—65 күндөн кийин канчык карышкыр көзү ачылбаган 5—6 бөлтүрүк тууйт, аларды алты айга чейин эмизет, андан кийин жеген эти аш болумдуу болсун үчүн кусуп берип бага баштайт. Көп учурда туулган бөлтүрүктөрдүн саны жогорудагыдан да көбүрөөк болот: 1940-жылы Чүй өрөөнүндөгү каналдын жээгинен 13 бөлтүрүгү бар канчык карышкыр кармалып алынган.

Карышкырларда ата-энелик жана эриш-аркак инстинкти абдан күчтүү, дөбөт карышкыр канчык карышкырга, ал тууганга чейинки жана бөлтүрүктөрүн эмизип чоңойтконго чейинки мезгилде өтө этияттык жана сактык менен мамиле кылат. Бөлтүрүктөрүнө тапкан азыктарын алып келип берип турат.

Бөлтүрүктөрүн 2,5—3 ай болгондо, ата-энелери аларды суу ичирүүгө жана ийинге жакын жердеги айбандардын өлүгүнө ээрчитип бара баштайт. Бара-бара мындай чыгуулар ийинден алыстай баштайт. Кийинчерээк, сентябрь—октябрда бөлтүрүктөр ийинге жакын

жерлерден такыр кетишет, аларга өткөн жылы туулган жаш карышкырлар кошулушат, ошентип алар бир жерден экинчи жерге көчүү турмушуна өтүшөт. Ата-энесинен, өткөн жылкы жана быйылкы бөлтүрүктөрдөн турган 10—12, кээде 15—16 баш карышкырдан түзүлгөн топ, өздөрүнүн туулуп өскөн жеринен ондогон, жүздөгөн километр алыстыкка кетишет. Муну, жыл сайын күзүндө Ак-Сай жана Сары-Жазга Кыргызстандын чыгыш чек арасы жактан келген карышкырлардан билүүгө болот. Марттын акыры ченинде карышкырлар кайра кете башташат.

Карышкырдын азыгы ар түрдүү, сүт эмүүчү жаныбарлардан жана түз жерлерде уялоочу канаттуулардан, алардын балапандары менен жумурткаларынан, ошондой эле бакалардан, кескелдириктерден, курт-кумурскалардан жана бир аз жер-жемиштерден турат. Карышкыр чычкан сымалдуу кемиргичтерди, териси баалуу майда жырткычтарды жана түлкүлөрдү да жейт. Жайында карышкырлар көп сандаган суурларды жана сары-чычкандарды жок кылышат. Ача туяктуулардан карышкырларга эликтер, аркарлар, тоо эчкилер жана өзгөчө алардын балдары жем болот. Мисалы, Ак-Сай менен Арпадан жайында чогултуп алынган карышкырдын заңдарын изилдеген кезде, анын 65 жолкусунун ичинен 12 жолкусунда тоо эчкисинин улактарынын жана аркарлардын козуларынын сиңбей калган туяктары; 24 жолкусунда суурлардын жана 29 жолкусунда ар түрдүү талаа чычкандарынын калдыктары табылган. Тоо эчкилер аркарларга караганда карышкырларга оңойлук менен жедирбейт. Аңчылык кылуу законун бузууну айтпаганда, Кыргызстанда маралдардын азайышынын негизги себептеринин бири алардын карышкырлар тарабынан жок кылынышы деп эсептөө керек.

Карышкырлар үй малдарына, биринчи иретте койлорго, жаш малдарга, жалгыз-жарым жүргөн жылкылар менен ири мүйүздүү малдарга чоң зыян келтирет. Маселен, 1954-жылдын 9 айынын ичинде Ысык-Көлдүн гана айланасында карышкырлар 9000ге жакын койду, 500 уй менен жылкыны жок кылышкан. Карышкырлар өзгөчө кышында, тамак издеп таап жеши кыйындап калган кезде тарптарды да жештен качпайт.

Мал чарбасына жана аңчылык фаунага келтирген

зыяндардан тышкары, карышкырлар кутуруу жана көк мээ ооруларын таратат.

Мына ушунун бардыгы мүмкүн болгон чараларды колдонуп, карышкырларды жок кылууну талап кылат.

Кыргызстандын шарттарында адыр-будур, өңгүл-дөңгүл жерлердин көп болушу карышкырларга аңчылык кылууга кыйынчылык келтирет. Азыркы учурда карышкырларды көбүнчө бирден терип атышат, мындай жол аларды массалык түрдө жок кылууга мүмкүндүк бербейт. Карышкырларды жок кылууну жыл бою жакшы уюштуруу үчүн, бардык райондордо үч-беш кишиден турган дайыма иштөөчү аңчылык бригадаларын түзүү керек.

Карышкырларды жок кылуунун жолдору көп. Алардын ичинен Кыргызстанда кеңири таркалган жолдор төмөнкүлөр: карышкырларды ийнинен кармоо, алардын жолдоруна жана татканкычтардын жанына капкан коюп кармоо жана жаш карышкырларды кээ бир учурларда күчтүү, кыраан бүркүттөргө алдыруу жолдору. Карышкырларды атып да алышат. Бизде карышкырларды жок кылуунун эң бир эффективдүү жолу аларды ийиндеринен кармоо болуп эсептелет. Бул учурда мергенчи чоң карышкырлар менен бирге алардын бөлтүрүктөрүн да жок кыла алат. Мындай аңчылыктын дагы бир жакшы жери: ал апрель-июнь айларында, күн жылып калган кезде жүргүзүлөт жана мергенчиге минген аты менен көп убакытка чейин тоодо жашоого мүмкүндүк берет.

Жыл сайын Кыргызстанда 800гө жакын карышкыр териси даярдалат, алардын ичинен төрттөн бир бөлүгүнө жакыны бөлтүрүктөрдүн териси. Бир жылдын ичинде даярдалган карышкыр терисинин наркы Кыргызстан боюнча даярдалуучу бардык баалуу аң терилердин бир гана проценттен көбүрөөгүн түзөт.

Баалуу аң терилерди даярдоодо карышкырлардын анчалык мааниси жок, бирок бул жырткычтан үй малын жана аңчылык фаунасын сактап калууда анын мааниси зор. Мына ушул эсепке алынып, өкмөт тарабынан карышкырдын терисин өткөргөн ар бир мергенчиге: ар бир карышкыр терисине, алардын эркек-ургаачысына карабастан 500 сом жана үч айга чейинки бөлтүрүктүн терисине 250 сом сыйлык белгиленген.

Мындан тышкары, Кыргызстанда мыкты мергенчи —

карышкырчы — деген наам үчүн жыл сайын конкурс өткөрүлөт, ал боюнча белгиленген сыйлыктан жана теринин наркынан тышкары —15 карышкыр жок кылгандарга 3000 сом, 10 карышкырга —2000 сом жана 5 тен кем эмес карышкырга 1000 сом төлөнөт.

Карышкырларды жок кылуу бардык граждандарга жылдын бардык мезгилинде уруксат кылынат.

## Чөө


Кыргызстанда чөө жөнүндө айтылган сөздөр көп, бирок аны көргөндөр аз.

Чөөлөрдү түздөн-түз көргөн мергенчилерден алынган маалыматтар өтө аз, ошондуктан бул сейрек учурай турган жырткычтын биологиясын билүү өтө кыйын.

Чөөлөр тоо арасында, адам жашабаган, анда-санда мергенчилер гана барып жеткен жерлерде жашай тургандыктары белгилүү. Мергенчилердин айтууларына караганда, эч качан эч ким жалгыз жүргөн чөөнү көргөн эмес, аларды ар качан үч-алтыдан болуп тобу менен жүргөнүн кезиктирүүгө болот. Чөөлөр аңчылыкка да, негизинен тобу менен чыгышат.

Чөө түлкүдөн бир аз чоңураак жана карышкырдан саал кичирээк болот. Ал эми куйругу болсо, карышкырдыкына караганда узунураак жана жоонураак келет. Ал көгүш темгилдүү кызгылт-сары түстө болот. Мергенчилердин билдирүүлөрүнө караганда, чөө өтө чыдамдуу жана кайраттуу айбан, ошону менен катар анын жашоосу жашыруун түрдө өтөт. Алар карышкырлар сыяктуу улубайт. Тамак издеп жортуулга чыккан чөөлөрдү күндүз кезиктирген учурлар болгон, демек алар карышкырлар сыяктуу түндө жорткон жырткыч айбан болбоого тийиш.

Чөөлөрдүн жүрүш-турушунун бир катар мүнөздүү эпизоддорун алып көрөлү. Ат-Башы районундагы мергенчи Саалаев Балтаалы 1948-жылы текеге аңчылык кылып жүрүп, таң кылайып атканда Жаңы-Жер Уландагы Дүңгүрөмө ойдуңунан текенин өлүгүн талап жаткан 5 чөөнү көргөн. Чөөлөр мергенчини көрөөр замат айласыздан өзүнүн табылгасынан бир аз обочолоп барып, кан болгон тумшуктарын жаланып, катар тизилип, бул күтүлбөгөн кезигүүдөн коркуп кеткен мергенчи кайра кеткенге чейин, кыңшылашып отура беришкен.



10-сүрөт. Чөө

1949-жылдын сентябрында Ош областынын Совет районуна караштуу Сагындык атындагы колхоздун мергенчилери Карабаев Иса жана Султанбаев Жаңыбай Кашка-Суу ойдуңунда аң улап жүрүп, алты чөөнү учуратышкан. Кишилерди көргөн чөөлөр бир-бирден тарап кетишкен.

1952-жылдын февралында ошол эле мергенчи Карабаев Иса Алай-Куудагы Төрт-Көл көлүнө жакын жерден текенин өлүгүн жеп жаткан үч чөөнү көргөн. Мергенчилерди көргөн чөөлөр аскалардын арасына кирип жок болушкан.

Чөөлөр Шабыр Казакбай ойдуңунан, Кабак-тоодон жана Алай тоолорунан да учураган. Мындан тышкары, 1948-жылы «Заготживсырьёнун» Баткен конторасына Чоң-Алай районуна чектеш Зардар сельсоветинен бир чөөнүн териси түшкөн.

Баалуу аң терилерди мамлекетке даярдоодо чөөнүн терисин өткөрүү жокко эсе. Жогорудагыны эсепке албаганда 1922-жылдан бери болгону 5 гана чөө териси даярдалган, алардын бардыгы Тянь-Шань областынан.

Чөөлөргө аңчылык кылуу чектелбеген. Карышкырдын терисин өткөргөндөргө кандай сыйлык берилсе, чөөнүн терисин өткөргөндөргө да ошондой эле сыйлыктар төлөнөт.

## Түлкү

Бул баалуу айбан жүрбөгөн Кыргызстанда бир да район жок. Түлкү бизде адам жашаган жерлерге жакын, айдалган аңыздарда, кокту-колоттордо, коолордо же калың бадалдарда, кээ бирде жөнөкөй эле бийик өскөн отоо чөптөрдүн арасында жашайт. Түлкүлөрдүн турган жайлары ар түрдүү болот. Ак мөңгүлүү тоолорду айтпаганда, түлкүлөр бардык дээрлик зоналарга ыңгайлашкан, ал деңиз деңгээлинен 3500 метрге чейинки бийиктикте да жашайт. Кыргызстанда, көбүнчө баалуу аң терилердин стандарты боюнча Жети суу бөксө тоолоруна таандык болгон Тянь-Шандын тоо түлкүсү кезигет. Анын саны жалпы даярдалуучу түлкү терилеринин 80—85 процентин түзөт. Алардын чоңдугу орточо келип, дөбөтүнүн салмагы 6—9кг., ал эми канчыгыныкы андан саал азыраак болот.


Жети суу түлкүлөрүнүн кышкы түсү кызгылтым саргыч болот, жүнү үлпүлдөп жумшак, куйругу жайкалып жоон келет, алдыңкы буттары жол-жол кара болот.

Даярдоодо чоң түлкүлөрдүн, башкача айтканда кызгылтым-саргыч түстөгү Семипалат бөксө тоолорунда жашоочу түлкүлөрдүн терилери өтө сейрек учурайт. Бул түлкү Ысык-Көл өрөөнүндө жана Тянь-Шань областынын түндүк райондорунда жашайт. Кыргызстандын түштүгүндө Фергана бөксө тоолорунда жашаган түлкүлөрдүн түрлөрү көп, ал эми Ташкент бөксө тоолорунда жашаган түлкүлөрдүн түрү аз болот. Бул түлкүлөрдүн эки түрү Жети-Суу түлкүлөрүнөн майдараак келет. Тоо түлкүлөрүнүн арасынан кез-кези менен агыш жүндүү түлкүлөр кезигет.

Кыргызстанда мурда кара-күрөң түлкүлөр жашаган көрүнөт. Ал жөнүндө кыргыз тилинде айтылып калган калтар деген ат далил боло алат. Калтарлар эми такыр жок болуп кеткен же өтө аз болгондуктан, аларды эч жерде кезиктирүүгө мүмкүн эмес. 1939-жылы Талас өрөөнүндөгү ошол кездеги Буденный районунун тоолорунан акыркы жолу эки калтар кармалган.

Түлкүлөрдүн үйүгүшүү мезгили ар качан январдын акырында, февралдын башында өтөт, ал эми жогорку зоналарда—15—20 күнгө кеч башталат. Үйүгүшүү убагында жалгыз канчыктын артынан бир нече дөбөт ээрчип алат,

дөбөттөрү канчыктарын алардын издери боюнча же болбосо чакырган сыяктуу туруп-туруп үргөнүнөн билип таап алышат. Үйүгүү мезгилинде дөбөттөрдүн ортосунда ар дайым катуу алышуулар болот.



11-сүрөт. Түлкү.

Чагышып бүткөндөн кийин дөбөтү канчыгы менен түгөй түзөт да, башка дөбөттөрдөн кызганып дайым аны менен бирге болот. Чагышуудан кийин 52—56 күн өткөндө канчыгы көзү ачылбаган 4—8, а кээде 12 күчүк тууйт.

Үч жумадан кийин жетилип калган күчүктөр сыртка чыга башташат, бирок ийинден көп алыс кетишпейт. Мында алар оюн салышат же ата-энеси алып келген чалажан канаттууларды же айбандарды тыткылашат. Ата-энеси экөө тең күчүктөрүнө аябай камкордук менен мамиле кылышат, эгерде киши же ит алардын ийинин билип, калган болсо, алар күчүктөрүн тиштеп алып бөлөк жерге көчүрүп кетет.

Июлдун—августтун акырында, чоңоюп калган күчүктөрү карышкырлар сыяктуу топ-топ болуп жүрбөстөн, жалгыз-жалгыздан болуп өз алдынча жашоого өтүшөт. Алар жыныстык жактан кийинки жылы жетилишет жана ошол эле жылы чагышууга катышып калышат.

Түлкүлөр көбүнчө кашкулактын, суурдун даяр ийиндерин ээлешет же өздөрү казышат. Түлкүнүн ийини негизинен арчанын арасында, жыгачтардын тамырларынын

астында, жардын беттеринде же бадалдардын арасында болот. Түлкүнүн ийиндери эч качан бир ооздуу болбойт. Аз дегенде 4—6 оозу болот. Ал турсун тоо арасындагы топурагы таштуу жерде казылган ийиндери да 2—3 ооздуу болуп, терең келет.

Күчүктөрү бар түлкүнүн ийинин табуу кыйын эмес. Тазалыгы мыкты кашкулакка караганда түлкүнүн ийиндеринин жанында ар түрдүү канаттуулардын канат-жүндөрү, майда айбандардын калдыктары, алардын шыйрактары жана баштары жатканын көрүүгө болот. Мындан тышкары, ийиндин так эле жанында түлкүнүн чачылып жаткан заңын көрөсүң.

Түлкүнүн тамагы негизинен жаныбарлардан турат: чычкандар, талаа чычкандары, коёндор, ар түрдүү канаттуулар, алардын жумурткалары жана балапандары, кесделдириктер, бакалар, курт-кумурскалар, кээ бир жерлерде териси баалуу ондатралар. Түлкүлөр ондатраны кечинде жана түндө тамактанып жаткан учурда алып жешет, ал эми кышында аларга түздөн-түз түнөктөрүндө жатканда кол салат. Түлкү кезиксе ач күсөндү жана арысты, кези келсе ал эмес, эликтин балдарын да аябайт.

Жайында, көп-сандаган чегиртке чыккан кезде, түлкүлөр аларды да койбойт. Суусамырдын чыгыш жагынан август айында кармалган бир түлкүнүн ашказанынан чегирткеден турган тамак массасы чыккан, аш казандагы чегиртке 620—710 грамм болгон. Күзүндө жана кышында түлкүлөр кардын астындагы чычкандын ийиндерин бузуп, аларды жээгө катуу киришишет. Бул мезгилде аларды көбүнчө күндүз кезиктирүүгө болот, чычканды уулоого аябай кызыккандыктан, аларга бытыра менен атууга мүмкүн болгондой аралыкка чейин жакындап келүүгө болот. Чычканды уулоого мына ушундай кызыккан түлкүнү биз январь айында таң атаарда Түп селосуна жакын жерден көрдүк. Селодон ачык угулуп турган иттердин үргөнүнө, уйлардын мөөрөгөнүнө, арабалардын калдырагандыгына карабастан, түлкү үймөк чөптүн төбөсүнө чыгып алып чычкан кармап жатты. Кышында түлкүлөр чычкан сымалдуу кемиргичтерди өтө көп жегендиктен, алардын заңы бүт бойдон дээрлик жүн менен майда сөөктөрдөн турат. Жайында жана күзүндө алар кожогаттар, жер-жемиштер жана өсүмдүктөрдүн уруктары, сабактары менен да тамактанышат.

Түлкүлөрдүн саны ар кайсы жерлерде эч качан бир калыпта өзгөрүлбөй турбайт, ал эмес кыска мөөнөттүн ичинде 3—5 жылда да өзгөрүлбөй койбойт. Алардын санында белгилүү бир өзгөрүүлөр, башкача айтканда, бирде кескин түрдө көбөйүүлөр, бирде кескин түрдө азайуулар болуп турат. Бул, негизинен тоюттун болушу менен түшүндүрүлөт. Чычкан сымалдуу кемиргичтер көп болгон жылдары түлкүлөрдүн саны кескин түрдө көбөйө түшөт, бул учурда түлкүлөр өздөрүнүн көп сандаган күчүктөрүн өстүрүп-чоңойтууга мүмкүндүк алышат. Бул абал башка айбандардын турмушунда да белгиленген: канчалык тамак, азык көп болсо, ошончолук алар көп тукумдап, аз чыгымга учурашат.

Бийик тоодо жашаган түлкүлөр жыл сайын бир жерден экинчи жерге которулуп турушат. Мисалы, Суусамырдын чыгыш жагында жашаган түлкүлөр кыш келердин алдында кекиликтердин артынан Кыргыз Ала Тоосунун этектерине жана төмөн карай Чүй өрөөнүнө көчүшөт, өрте жазда кайра кетишет. Соң-Көлдүн түлкүлөрү кышкысын негизинен карсыз Кара-Кокту тоолоруна түшүшөт, түлкүлөрдүн мындай көчүүлөрү башка райондордо да байкалат. Кээ бир жерлерде кышкысын түлкүлөр аябай көп топтолушат, тайган менен аң уулап жүрүп бир эле күндүн ичинде ондогон түлкүлөрдү кезиктирүүгө болот. Бул, республикабыздын түндүгү менен түштүгүнүн бардык дээрлик жерлерине таандык.

Зыянкеч кемиргичтерди жок кылып чоң пайда келтиргенден тышкары, түлкүлөр Кыргызстандын шарттарында баалуу аң терилерди мамлекетке даярдоодо алдыңкы орунду ээлейт, бул жагынан алар 1953-жылдан тартып ондатрадан гана бир аз артта. Бул жерде даярдалуучу түлкү терилеринин салыштырма салмагы, республика боюнча бир жылда даярдалуучу бардык баалуу аң терилердин 27 процентten көбүрөөгүнө барабар. Аңчылыкты мындан да кеңири өнүктүргөн учурда, түлкүлөрдү алууну көбөйтүүгө мүмкүн экендигин белгилеп кетүү керек.

Түлкү уулоодо жыл сайын 1000 ге жакын мергенчи катышат. Түлкүлөргө көбүнчө тайган, кыраан бүркүт, айбандын жолуна жана тарптын жанына коюлган капкан жана ошондой эле мылтык менен аңчылык кылышат.

Тажрыйбалуу билгич мергенчилердин колунда аңчылыктын айтылган бул жолдору абдан пайдалуу жана

мергенчинин буга кетирген эмгегин алар толук актай алууда.

Тилекке каршы, жайында мал жайыттарында аңчылык кылуу законун бузуучулар жана тайгандар тарабынан көп-сандаган түлкүлөр эч пайдасыз жок кылынып жатат, бул мезгилде түлкүнүн териси жараксыз болот жана да айбандар бул учурда күчүктөрүн тарбыялап өстүрүүнүн үстүндө болушат. Түлкүлөрдүн өтө коркунучтуу душмандары болуп, ошондой эле бүркүттөр, кээ бир учурларда карышкырлар эсептелет.

Түлкүлөрдүн терилери табигый түрүндө болсун же боёлгон түрүндө болсун, алар баш кийимдерди, жылуу жакаларды жана башка жылуу сырт кийимдерди тигүү үчүн пайдаланылат.

Түлкү терисинин товардык баалуулугу төмөнкү зоналардын шарттарында декабрдын экинчи жарымынан тартып гана жогорку сапатка ээ боло баштайт. Бул учурда алар түлөп, ал эми тоо этектеринде жана бийик тоолуу жерлерде алардын терилери ноябрдын экинчи жарымынан тартып жогорку сапатка айланат.

Түлкүлөрдү уулоо Кыргызстандын бардык территориясында 1-ноябрдан 15-февралга чейин уруксат этилет.

## Илбирс


Кыргызстанда илбирстер мышык тукумундагылардын ичинен эң чоңу болуп эсептелишет. Чоң илбирстин узундугу бир жарым метрге жетет, куйругунун узундугу денесинин узундугунун төрттөн үч бөлүгүндөй бар. Илбирстин терисинин түсү башынан куйругуна чейин бүт денесине жайылган кара темгилдери бар агыш-күрөң болот. Илбирстин зор жана ошол эле учурда абдан жумшак тамандары күчтүү жана курч тырмактар менен куралданган.

Илбирс — бийик тоолуу жерлерде жашоочу айбан, ал бүт Кыргызстан боюнча таркаган. Адам барбаган тоолордун арасында жашыруун жашагандыктан, илбирстердин биологиясы жетишээрлик түрдө изилденбей жатат.

Илбирс эрте жазда, болжолу апрелдин башы ченде экиден-бешке чейин бала тууйт. Туурдун алдында ургаачы илбирс аскалардын жарыктарынан же зоокалардын урчуктарынын алдынан үңкүр даярдайт. Үңкүргө алар

эч нерсе төшөшпөйт. Балдары көзү ачылбай туулат жана алсыз, начар болушат. Илбирстин эркеги балдарын тарбыялап өстүрүүгө эч катышпайт. Үч айга жакын убакыттан кийин энеси балдары менен үңкүрдөн кетип, кыдырып жашоо түрүнө өтөт, бирок карышкырларга караганда ал үңкүрдөн алыс кете албайт. Балдарына өтө кыйбастык мамиле кылат. Балдары келерки жылга дейре, энеси кайрадан тукумдаганга чейин, аны менен чогуу болушат.

Ургаачы илбирс жыныстык жактан үч жашка толгондо жетилет.



12-сүрөт. Илбирс.

Кыргызстанда илбирстердин саны, аларга аңчылык кылуунун кыйынчылыгына байланыштуу али да көп. Орто-Азия республикаларына жана Казакстанга караганда, алар бул жерде көп болууга тийиш.

Илбирс — чыныгы жырткыч айбан, ал негизинен жаңы табылгалар менен тамактанат. Тарпты же болбосо өзү жеп түгөтө албай калтырган тоо эчкинин же башка айбандын өлүгүн ал өзгөчө бир жаман шарттарда, башкача айтканда, өтө ачка болгон учурда гана жейт. Илбирстердин негизги тамагы тоо эчкилер, алардын улактары, кээ бир токойлуу жана арчалуу жерлерде илбирстер эликтерге аңчылык кылышат. Илбирстердин үй малдарына кол салышы өтө сейрек учурайт, эгерде учураган болсо, ал кыш мезгилине таандык. Бирок алардын жай мезги-

линде да кулундарга кол салган учуру белгиленген. Адамга кол сала алышпайт.

Тоо эчкилердин өтө сактыгына карабастан, илбирс этияттык менен билинбей жылып отуруп, 5—8 метрге жакын аралык калганда секирип барып өзүнүн салмагы менен аларды баса жыгылып тамактап жиберет. Илбирстер уларларды көбүнчө түн ичинде, жаткан жеринде кармап жешет. Алар көп учурларда тоо эчкилердин эти менен тамактанышат. Ошондуктан, Уссурий крайында мергенчилер жолборсту «жапайы чочколордун аңчысы» деп айтышса, Кыргызстанда илбирсти «тоо эчкилердин аңчысы» деп атоо керек.

Баалуу аң терилерди даярдоодо илбирстердин терисинин мааниси жокко эсе: бир жылда бар болгону 10 го жетпеген гана тери түшөт, терилердин көпчүлүгү элдин колунда калат. Илбирстин терилери үйдүн ичин жасалгалоого пайдаланылат, кээ бирде алардан эркектерге ичик жасашат.

Илбирстерди тоо эчкилерге жана аркарларга аңчылык кылып жүрүп гана кокусунан кармап же атып алышат. Кыргызстандын зоопарктары үчүн илбирстерди тирүүлөй кармоо аңчылыгы өнүккөн. Аларды кийиз оролгон доголуу капкандар менен кармашат, капкандарды илбирстердин жүргөн жолдоруна коюшат.

Карышкырлардан, түлкүлөрдөн, суусарлардан жана башка жырткыч айбандардан айырмасы, капканга түшкөн илбирстер өтө жоош болушат. Капканга бир гана тырмагы илинген илбирс бошонуш үчүн катуу булкунбайт, бутун кемирип да жибербейт, бошонууга бир аз аракеттенгенден кийин жөн жата берет. Ыркырап жаткан айбанга жете келген мергенчи аны тон менен жаба салат, жаагын, бутун карыштыра таңып, атка артынып алат.

Чоң илбирстер адегенде эрксиздикке өтө кыйынчылык менен көнүшөт, тамак берген кишиге да ыркырашат. Ал эми илбирстин балдары абдан тез көнүшөт, ал эмес кишиге сылап-сыйпоого да мүмкүндүк беришет.

Илбирстер биздин фаунанын эң сонун көздүгү жана зоопарктар үчүн баалуу айбандары болуп эсептелишет, ошондуктан, аларга кышында аңчылык кылуу тыюу салынган. Мамлекеттик аңчылык инспекциясынын бөтөнчө уруксаты боюнча зоопарктар үчүн тирүүлөй кармоо гана жыл бою жүргүзүлүүдө.

## Сүлөсүн

Сүлөсүн мышыктар тукумуна кирет. Ал бир топ чоң айбан, салмагы 30 килограммга чейин барат. Тянь-Шанда жашоочу сүлөсүндөрдүн түсү Сибирь сүлөсүндөрүнө караганда каралжыныраак келет, бозгумтул-саргыч жүнүндөгү чаар темгилдер жакшы билинбейт. Бизде сүлөсүндөр бардык тоолордо таркаган, бирок өтө сейрек. Алар көбүнчө Күнгөй Ала Тоодо, Кыргыз жана Алай тоо кыркаларында, Таласта кезигет.



13-сүрөт. Сүлөсүн.

Сүлөсүн — токой айбаны, ал карагайлуу жана жалбырактуу токойлордо, арчалардын арасында жана ошондой эле коктулардакы бадалдарда жашайт.

Адабий маалыматтар боюнча, сүлөсүн май айында 2—3, кээде 5 ке чейин бала тууйт. Алар көзү ачылбай туулуп, 10—12 күндөн кийин жетилишет. Энеси аларды 3 айга чейин эмизип багат. Балдары энесинен экинчи жылы бөлүнүп, өз алдынча жашоого өтүшөт.

Сүлөсүндүн душмандары болбойт, бирок ал өзү аңчылык чарбасына бир кыйла зыян келтирет. Ал коёндорду, эликтин балдарын жок кылат жана чоң эликтерге да кол салат. Көп сандаган канаттуулардын уяларын бузат, кекиликтерди, чилдерди, кара курларды жана башка канаттууларды кармап жейт.


Өзүнүн табылгасына сүлөсүн зооканын же жыгачтын башына чыгып алып, аңдып туруп секирет. Анын буттары узун болгондуктан жакшы жүгүрөт, көп айбандарды узатпай эле кууп жетип жейт. Ошондой болсо да, кээде иттерден кутула албай, жыгачтын башына чыга качат.

Ал өтө сейрек учурагандыктан, баалуу аң терилерди даярдоодо анын мааниси анчалык эмес. Даярдоого жылына онго жетпеген сүлөсүн териси түшөт, ошончолук эле тери элдин колунда калат, анткени сүлөсүн териси жергиликтүү калктын кийим-кечелерин жасалгалоого керектелет.

## Ала мышык

Ала мышык үй мышыгына караганда көп чоң келет. Денесинин узундугу 60 сантиметрге чейин жетет. Куйругунун узундугу денесинин узундугунун жартысына барабар болот. Териси бозгумтул-саргыч келип, денеси бүт бойдон кара-күрөң темгилдүү болот. Ала мышык—негизинен түз жерлерде жашоочу айбан, бирок тоо этектеринен да кезиктирүүгө болот, бийик тоолуу жерлерде болбойт. Ал көбүнчө Кыргызстанда өрөөндөрдө таркаган. Ысык-Көлдүн жээктеринде, тоо этектеринде, Чүй, Кочкор жана Талас өрөөндөрүндө жашайт, Кыргыз тоо кыркасынын этектеринен да кездешет. Ала мышыктар негизинен ар түрдүү калың бадалдардын, камыштардын арасында болушат. Алар жайы-кышы тайыз казылган ийиндерде жашайт, апрелдин аягында жана майда 2—3, кээ бирде 5 ке чейин бала тууйт. Августта алар өз алдынча жашоого өтүшөт.

А. А. Слудскийдин берген маалыматтары боюнча, Казакстанда ала мышыктар негизинен талаа чычкандары, сары чычкандар, ондатралар, канаттуулар, көбүнчө кыргоолдор жана жапайы өрдөктөр менен тамактанышат, кези келсе кескелдириктерди жана курт-кумурскаларды да кармап жешет.



14-сүрөт. Ала мышык.

Баалуу аң терилерди даярдоодо ала мышыктын мааниси анчейин эмес. Мурда аң терилер базасына 500 гөчейин тери түшсө, азыркы убакта 200—250 даанадан ашпайт. Даярдоодо ала мышык «жапайы мышык» деп аталып жүрөт, буга башка мышыктар, алардын ичинде мадыл да кирет.

## Мадыл

Бул айбан чоңдугу жагынан талаа мышыктан бир аз кичирээк болот, жүнү калың жана үлпүлдөп жумшак келет. Анын түсү көгүлтүр саргыч келип, куйругу жол-жол кара шакекчелер менен курчалып, учу кара жана тоголок болот.

Бизде мадылды негизинен Күнгөй Ала Тоосунун түштүк бетинен жана Ат-Башы өзөнүнүн өрөөнүнөн кармап, же атып алышат.

Ал көбүнчө анчейин калың эмес бадалдуу жана кургак талаалуу тоо этектеринде жашайт.

Жашоо түрү изилделе элек, бардык жагынан ала мышыкка окшош болууга тийиш. Ала мышык сыяктуу эле кемиргичтер жана канаттуулар менен тамактанат.

Баалуу аң терилерин даярдоодо анын мааниси жокко эсе, анткени даярдоо конторалarына бирин-серин гана тери түшөт.

## Марал (эркеги — бугу)

Кыргызстанда ача туяктуулардын ичинен марал айбандардын эң чоңу болуп эсептелет. Анын бийиктиги 140—150 сантиметрге жетет, салмагы 300—350 килограммга чейин барат.

Бугунун мүйүзү эки ачага бөлүнүп көркөмдүү келет да, андан арыдагы бир канча ачага ажырайт. Айбандын өсүшү менен бирге мүйүзүнүн бутактарынын саны да көбөйөт, чоң маралдардын мүйүздөрүндө 6—7, кээде андан да көп бутактары болот. Маселен, 1948-жылы Жаңы-Жер-Уланда мүйүзү тогуз бутактуу бугу атылып алынган. Маралдын мүйүзү жыл сайын түшөт да кайра жаңыдан чыгат. Алардын мүйүздөрү жазында, болжолу май айларында түшүп, кайрадан жаңылап чыгат. А дегенде алар жумшак болот, кыска жүн чыгат. Жаш мүйүздөр «панты» деп аталып, медицинада керектелет. Пантыдан жасалган пантакрин ар кандай оорулардын учурунда организмди оңоочу дары катарында колдонулат жана жаралардын тез бүтүшүнө жардам берет. Августтун акырында мүйүз толук катат жана жүндүү кабыкчасы түшүп, тазаланат. Мына ушул мезгилден тартып маралдарда куут башталат.

Кууттун учурунда бугулар мөөрөгөнсүп катуу өкүрүк салышат. Ошол убакытка чейин музоолору менен жалгыз жашаган маралдар бугунун өкүрүгүн угуп, бир жерге топтоло башташат. Бугу бир нече маралды токтотот. Бугунун өкүрүгүн угуп үйүрү жок башка бугулар да келишет, бугулардын ортосунда катуу сүзүшүүлөр болот, акырында алардын бири жеңип, калганы качып кутулат. Күүлөө жана өкүрө берүү мезгили бир айга жакын созулат, андан кийин бугулар маралдарын таштап башка жакка кетишет.

Кууттан чыккандан кийин 8,5—9 ай өткөндө марал бир, анда-санда эки музоо тууйт. Биринчи күндөрдө музоосу өтө алсыз, начар келип, энесинин артынан ээрчий албайт. Бул учурда ал калың бадалдардын ичинде жатат. Энеси музоосун кеч күзгө чейин эмизет.

Бул көрктүү айбандар мындан бир аз мурдараак Кыргызстандын бардык карагаттуу жана жаңгактуу токойлорунда таркаган болучу. Жок кылуунун натыйжасында, азыр маралдар өтө аз калган. Алар республикабыздын



15-сүрөт. Бугу.

чыгышында гана, Нарын, Ат-Башы жана Сары-Жаз өзөндөрүнүн төр жактарында сакталып калгандыгы анык белгилүү. Бир аз сандагы маралдар жыл сайын Казакстандан Ысык-Көлдүн Талды-Суу зоокасына түшүп келишет. Бул жерден 1950-жылдын күзүндө жергиликтүү бир мергенчи маралдын музоосун кармап алган, аны ал көпкө чейин колдо багып турган. 1946-жылга чейин Кабактын тоолорунда да бир нече марал жашаган.

Маралдардын көпчүлүгү, алардын панттары менен даамдуу эттерине кызыккан, ачкөздүк законун бузуучулар тарабынан жок кылынган. Андан тышкары, маралдарды карышкырлар да жок кылууда. Маралдардын калганын сактап калуу үчүн аларды катуу коруу керек, антпесе, жакын арада бул баалуу айбандар Кыргызстанда таптакыр жок болуп кетүүгө мүмкүн.

Маралдарды уулоого тыюу салынган, аны бузуучуларга акчалай штрафтар салынат.

## Элик

Элик сырткы көрүнүшү жагынан кичинекей маралга окшош болот. Маралдыкындай буттары сындуу, көчүк

жагы апакай келет. Элик жайкысын саргыч, кышкысын сур түстө болот. Мүйүзүнүн узундугу 30 сантиметрге жетет, сырткы кабыкчасы чор баскан сыяктуу бүдүр-бүдүр келип, жогорку жарымы 3—4 ачадан турат. Ургаачы эликтин мүйүзү болбойт. Маралдыкы сыяктуу эликтин мүйүзү жыл сайын декабрь-январда түшүп, эрте жазда кайрадан жаңылап чыгат. Адегенде алардын мүйүздөрүнүн кабыкчасы кыска жүндүү болот, кийинчерээк ал бара-бара катып, мүйүзгө айланат.

Элик — анчейин чоң болбойт, чоң эркек эликтин орточо салмагы 18—26 кг., кээде 30 килограммга чейин барат. Ургаачылары кичирээк келишет. Бул сындуу айбандар түздө болсун, же тоодо болсун абдан тез жүгүрүп, күлүк болушат.

Кыргызстанда эликтер аябай кеңири таркаган, алардын саны азыр да өтө көп. Алар Чүй өрөөнүндөгү камыштуу жерлерден тартып, альпийлик жайыттардын зоналарына чейин жашашат, бул жерлерде алар карагайлуу токойлордон, калың арчалардан, бадалдуу кокту-колоттордон чыгып келип оттошот.

Эликтердин куут мезгили, ача туяктуу башка айбандарга караганда, мурдараак—августтун аягында, сентябрдын баш ченинде башталат да, бир айга жакын созулат. Куутка эки жаштан жогорку эркек эликтер катышат. Башка ача туяктуулар сыяктуу элс куут убагында эркек эликтердин ортосунда катуу сүзүшүүлөр болуп, анда ар качан 4—5 жаштагы чоң эликтер жеңип чыгышат.

Эликтердин массалык түрдө төлдөшү төмөнкү жана жогорку зоналарда май айынын башы ченде башталат. Тукум, туутка эки ай калганда өтө интенсивдүү түрдө тез өсө баштайт. Ага чейин, ал эми декабрда, башкача айтканда кууттан чыккандан төрт ай өткөндөн кийин да, тукум грек жаңгагынан көп чоң болбойт.

Элик көбүнчө экиден, кез-кезде 1—3 чаарчык тууйт. Жаңы туулган чаарчыктар алсыз, начар болушат, алар көбүнчө бадалдардын же калың чөптөрдүн арасында жатышат. Оттоого чыккан энеси жаңы туулган чаарчыктарынан көп алыс кетпейт. Жашырууда жаткан чаарчыгына жакын жерден мергенчини же башка бир нерсени көрүп калган элик, аны көздөй бир аз жакындап келип, ан-

дан кийин душманын алагды кылуу үчүн, аны артынан ээрчитип алыстатып кетүүгө аракет кылат.

Туулгандан он күндөн кийин чаарчыктар энесин ээрчүүгө жарап калышат.

Эликтер күзүндө, куут мезгилинин алдында 5—8 ден болуп топтолуп алышып, эрте жазга чейин кыдырып жүрө беришет. Бооз эликтер туурдун алдында калың бадалдуу же калың чөптүү, тууганга ылайыктуу жер издешип, ар кайсы жакка бөлүнүп кетишет.



16-сүрөт. Элик.

Кар калың түшкөнгө чейин эликтер жүз жана андан да көп километрге чейинки аралыкка көчө башташат. Алардын Ысык-Көлдүн түндүк жээги боюнча чыгыштан батышты карай, Жаңы жер жана Улан ойдуңунан Ак-Беитти көздөй көчүүлөрү белгилүү. Көчүү мезгилинде айбандардын айрым топтору бирин-бири кууп жетип олтуруп, бир аз эле убакытка 100 баштан кем болбогон чоң топту түзүшөт, андан кийин алар майда-майда топко бөлүнүп, тушка-тушка таркап кетишет.

Эликтердин негизги душмандары карышкырлар, сейрегирээк илбирстер, Ысык-Көл өрөөнүндө алардан башка дагы сүлөсүндөр болуп саналат. Эликтердин чаарчыктарын түлкүлөр, кээде кашкулактар да жок кылышат. Бирок эликтердин көпчүлүгү аңчылык жөнүндөгү законду бузуучулар тарабынан жок кылынууда. Мунун себеби, биринчиден, алар аңчылыкка өтө ыңгайлуу жерлерде жашашат, экинчиден, жаратка эң эле бош келишет. Аларды 50—60 метр аралыктан орточо чоңдуктагы бытыра менен оңой эле атып алууга болот. Көп сандаган эликтер жайында жана кышында салынуучу зым тузактар менен да жок кылынып жатат.

Эликтин эти аябай жумшак жана даамдуу келет, бирок аркардыкындай же тоо эчкиникиндей эч качан семиз болбойт.

Эликтин кышкы жүнү кылчыктуу жана бош келет, ошондуктан алардын териси кийим үчүн өтө эле аз керектелет, анткени андан тигилген кийимдин жылуусу аз, бышыктуулугу начар болот. Жергиликтүү калк жайында, түлөп бүткөн эликтин терисинен кайыш буюмдарын тигүү үчүн ичке-ичке көк тилишет.

Эликтин кармалган чаарчыктары башка ача туяктууларга караганда адамга тез көнүшөт, маселен, өзүнүн багып өстүргөн ээсинин артынан көпчүлүктүн ичинде да ээрчип жүргөн эликтин балдарын көп учуратууга болот.

Эликке уучулук кылуу Кыргызстандын бүт территориясында толук тыюу салынган. Бирок аңчылык жөнүндөгү законду бузуучуларга каршы тийиштүү күрөш жүргүзүлбөгөндүктөн, аларды али да жыл сайын көп кармап же атып алып жатышат.

Сулуу, көрктүү бул айбандар биздин токойлордун кооздугу болуп эсептелет, ошондуктан эликтерди корууну күчөтүү керек.

## Тоо эчки (тоо теке)

Кыргызстандын тоолорунда жапайы ача туяктуулардын ичинен өтө көп сандаган тоо эчкилер жүрбөгөн зоокалуу жерлерди табуу кыйын. Көп жерлерде тоо эчкилердин тобу эки жүз баштан, кээде андан да көбүрөөктөн турат, ал эми Ак-Сайдын чыгыш жагында беш жүз баштан турган тоо эчкилердин тобун кезиктирүүгө болот.

Тоо эчки—абдан чоң айбандардан. Алты—сегиз жаштагы текелеринин салмагы бир жарым центнерге, эчкисиники—70—80 килограммга чейин барат.

Тянь-Шандын чыгыш жагында, Ысык-Көлдүн, Алайдын тоолорунда жана Кыргыз Ала-Тоосунда жашаган чоң тоо эчкилердин түсү көгүш-күрөң келип, жону каракүрөң болот; ал эми Таластын жана Чаткалдын батыш жагында жашаган тоо эчкилер кара-күрөң түстө болушат. Текелеринин сакалы узун, мүйүздөрү аркайып чоң болот да, туурасынан муунактарга бөлүнүп, артын карай ийилип турат. Эчкилеринин сакалы болбойт, мүйүздөрү кичирээк келет.

Тоо эчкилер — бийик тоолордо жашоочу айбандар. Жайкысын алар көк мөңгүлөргө чейин чыгып барышат, ал эми зарыл болгон учурларда аларды оңой эле ашып түшүшөт. Тоо эчкилер зоокалардын шарттарына аябай көнгөн айбан, алар үчүн күркүрөп, ташкындап аккан тоо сууларынан башка эч тоскоолдуктар жок. Аска-зоолордо жашаган айбандардын ичинен тоо эчкисинде гана өзүн тең салмакта алып жүрүү сезими күчтүү өнүккөн. Маселен, чоң теке керек болгон учурда асканын эң кылда учуна чыгып алып, 200—300 гана чарчы сантиметр келген аянтчада көп убакытка чейин былк этпей туруугa жөндөмдүү келет. Алар кичинекей эле урчук таштарга жармашып, типтик жалама аскаларга чыгып кете алышат. Бул жагынан алардан улактары да калышпайт. Туулганына 10—15 эле күн болгон улактар оюн салып, 3—5 метр келген асканын урчуктарына чыга калып, андан кайра тик секирип түшүшөт. Бир нерседен үрккөн тоо эчкилер канаттуулар гана учуп бара ала турган зоокалардын коңулдарына жашына алышат. Коркунучтан качып гана кутулган аркарларга караганда, тоо эчкилер адегенде эле зоокалардын чокусун көздөй бет алып, же

аскалардын арасына кирип кетип кутулушат, же болбосо ошол тоо кыркаларын ашып кетишет.

Бир аз, убактылуу гана которулуп туруууларын айтпаганда, тоо эчкилер негизинен туруктуу бир жерде жашашат. Мылтыктын үнүнөн коркуп качкан тоо эчкилер өздөрүнүн жашаган жерине бир нече күндөн кийин болсо да кайра келишет. Көбүнчө, экинчи эле күнүндө кайтышат.

Кышында тоо эчкилердин тобу тоолордун кар жаткан беттерине келип кышташат, арчалуу зоналарга жана карагайлуу токойлордун төр жактарына да төмөндөп түшүп келишет.

Тоо эчкилердин куут мезгили аркарларга караганда кечирээк өтөт. Тянь-Шандын жана Алайдын шарттарында кууттун кызуу учуру декабрдын биринчи жарымында өтөт, кээде айдын акырына дейре созулуп кетет. Жергиликтүү мергенчилердин белгилери боюнча, тоо эчкилердин куутунун начар өтүшү кыш өтө суук келип, жут боло тургандыгын билдирет, тескерисинче, эгерде куут аларда активдүү, кызуу өтсө, анда кыш жакшы шарттарда өтө тургандыгын белгилейт.

Куутка чоң текелер гана катышат, ал эми 2—3 жаштагы текелер бул учурда четтетилип ташталат. Куут мезгилинде башка ача туяктуулар сыяктуу эле тоо текелердин ортосунда катуу сүзүшүүлөр болот. Кууттан кийин текелер жазга чейин эчкилер жана улактар менен бирге болушат. Эчкилер төлдөй баштагандан тартып, 6—15 баштан турган текелер тобу бөлүнүп чыгып, келерки куут мезгилине чейин бөлөк жашашат. Куутка 15—20 күн калганда текелер начар тоюттанып арыктай башташат, кууттун акырында алар өтө арыктап кеткендиктен, үркүп качкан учурда өзүнүн тобуна жетпей да калышат. Мындай текелердин бир кыйласы кыш мезгилинде жырткычтардан, сууктан жана ачкадан өлүп жок болушат.

Тоо эчкилер көпчүлүк учурда 1—2 ден улак тууйт, ал эми үчтөн туугандар өтө сейрек учурайт. 1938-жылы Тоң районунун сырттарынан бир бооз тоо эчки атылып, анын ичинен 4 улак чыккан.

Туулгандан 2—3 күн өткөндөн кийин эле улактар энесин ээрчип калышат. Тоо эчкилер адам барбаган зоокаларга барып төлдөшөт. Кармап алынган улактар колго багууга көнсө да, өзүнүн жапайычылык көндүмүн сактап

кала беришет. Алар үйдүн чатырына, тамдарга, үйдүн ичинде болсо, терезелерге оңой эле секирип чыгып, казан-аякты аралап, оюн салып мазеңди кетирет. Кармалып колдо багылган тоо текелер ачуулуу келишет. Кокус байкоосуздан мамиле кылсаң, алар күтүлбөгөн жерден сүзүп жиберип, оор жарадар кылып коюшу да мүмкүн. Тоо текелер дөбөт иттер кол салганда да аларды сүзүп өлтүрүп коюшат. Капканга түшкөн тоо текелер бөтөнчө ачуулуу болушат. Мындай текеге өтө сактык менен жакындаш керек, антпесе ал адамга же итке биринчи болуп кол салышы мүмкүн.



17-сүрөт. Тоо теке.

Улоого тыюу салынганына карабастан, тоо эчкилер Кыргызстанда аңчылыктын эң негизги объектилеринин бири болуп саналат. Алардын эти кеч күздө семиз болуп,

жегиликтүү келет. Бул мезгилде алардын жүнү коюу келип, тыбыттуу болот. Тоолуу райондордогу мергенчилер эчкилердин терисинен бышык жана жылуу сырт кийимдерди тигишет, ал эми текелердин терисинен мергенчилер өзүлөрүнө чокой да жасашат.

Тоо эчкилерди көбүнчө 2—5 кишиден турган мергенчилердин тобу, мылтык менен уулашат. Мергенчилер эки топко бөлүнөт, бири бугуп жатат да, экинчи тобу үркүтүп айдактап келишет. Кээде мергенчилер тоо эчкилердин жайытка же шор топурактарга баруучу жолдорун тосуп олтурушат. Аңчылыкта күчтүү жана чоң тайгандар да пайдаланылат, жарадар болгон тоо текелерди, тоо эчкилерди жана алардын улактарын кууп жетип кармашат.

Зоопарктар үчүн тоо эчкилер капкан менен кармалат.

Тоо эчкилердин душмандары илбирстер, чөөлөр, карышкырлар жана улактары үчүн бүркүттөр болуп саналат. Кээ бир жылдарда айрым жерлерде тоо эчкилер котур ыланынан көп өлөт. Ыландаган айбандын жүнү түшүп, денеси жана башы карттанып, ириңдеп кетет, ыландашынын акыркы мезгилинде айбан абдан начарлайт, басып жүрө албай калат, натыйжада, жырткыч айбандардын жана жырткыч канаттуулардын жеми болот.

Тоо эчкилерге аңчылык кылуу 1-сентябрдан 15-декабрга чейин уруксат этилген.

## Аркар (эркеги — кулжа)

Аркар — чоң айбан болуп эсептелет. Төрт-беш жаштагы кулжанын салмагы күзүндө, куут мезгилинин алдында 150 килограммга чейин барат, ал эми беш жаштан жогоркуларыныкы андан да жогору болот. Аркардын салмагы кулжаныкынан бир кыйла төмөн болот. Кулжанын жалпы салмагынын бир кыйла бөлүгүн анын зор мүйүзү менен башы түзөт. Аркардын мүйүзү кичирээк келет. Мергенчилер кулжанын башын жана мүйүзүн өтө оор болгондуктан, аңчылык кылган жерлерде таштап кетишет. Ошондуктан, аркарлар жашаган бардык жерлерден ташталып кеткен алардын баш сөөктөрү менен мүйүздөрүн көрүүгө болот. Маселен, Ак-Сайда 20—30 жыл мурда аркарлар өтө көп болгондуктан анда азыр

да алардын баш сөөктөрүнүн үймөктөрү сакталып калган. Алардын баш сөөктөрүнөн малга кашаа кармаша турган.

Аркарлардын жүнү кышында кылчыктуу келип калың болот да, кышкы ызгаардуу сууктан аларды жакшы сактайт.

Бул учурда аркарлардын жон жагы агыш-күрөң келип, боору, курсак жагы жана көчүгү ак болот. Көздөрү чоң жана ачык келет. Аркарлардын, өзгөчө кулжалардын бүт дене бою массивдүү, күчтүү келип, узун буттары тез жана узакка чуркоого ылайыкталган. Аркарлардын угуу жана жыт алуу сезими да аябай күчтүү келет, ошондуктан аларды уулоо өтө кыйын болот жана мергенчиден чоң тажрыйбалуулукту талап кылат. Көп учурда жүрөгүнө ок тийип оор жарадар болгон аркар же кулжа бир нече жүз метр жерге чейин, ал эми ок кардын тешип кеткен учурда бир нече километрге чейин узап кетүүгө кудурети жетет.

Аёосуз түрдө аңчылык кылууга карабастан, аркарлар Кыргызстандын кээ бир жерлеринде али көп. Аркарлар өзгөчө Ак-Сайда (Үч-Карасай жана Түз-Бел ойдуңдарында), Арпада (Сөөк жана Тегерек ойдуңдарда), Ара-Белдин айланасындагы жерлерде, Ысык-Көлдүн тоолорунда көп болот. Кеч күздө бул жерлерден жүздөп жүргөн аркарлардын үйүрүн кездештирүүгө болот.

Аркарлар — үйүр-үйүр болуп жашоочу айбандар. Аска-зоолордо жашаган тоо эчкилерге караганда, аркарлар адырлуу жерлерде, эшилип түшүп чогулган тоо тектеринин жана бетегелүү өрөөндөрү бар тоолордун арасында жашашат. Тоо эчкилер сыяктуу эле, аркарлар туруктуу жерлерде жашашат, кар калың түшкөн жылдары гана бир аз төмөндөп келишет. Күндүзү аркарлардын үйүрү жакындап келе жаткан коркунучту көрүп туруу үчүн ачык аянтчаларда же дөбөчөлөрдүн чокуларында дем алышат.

Ак-Сай менен Арпада аркарлардын куут мезгили ноябрдын орто ченинен тартып, тоо эчкилерге караганда 15—20 күн мурда башталат. Куутка чоң жана эң күчтүү кулжалар катышат. Куут учурунда ар качан кулжалардын катуу сүзүшүүлөрү болот. Сүзүшкөндө алардын мүйүздөрүнүн карсылдашы өтө алыска угулуп турат.

Аркарлардын массалык төлдөшү эрте жазда жана

жыл сайын белгилүү бир жерде өтөт. Ал жерлер көбүнчө сейрек бадалдуу же калың чөптүү түнт коктулардын түштүк этектеринен орун алган болот. Эреже катарында, аркарлар бирден козу тууйт, эгиз тууганы өтө сейрек болот. Жаңы туулган козулар араң жан келип, туулгандан 5—6 күнгө чейин энесинин артынан ээрчий алышпайт. Аңчылык жөнүндөгү законду бузуучулар мына ушундан пайдаланышып, алардын козуларын кармап алышып сүт менен колдо багышат.

Кулжалар жайы менен, куут мезгилине чейин он-ондон үйүр-үйүр болуп, аркарлардан бөлөк жүрүшөт.



18-сүрөт. Кулжа.

Күндүзү алар ар качан ачык аянтчаларда жатышат. Мына ушундай дем алып жаткан үйүрдө, атайын ар дайым бирден кароолчусу болот.

Аркарлар, өзгөчө кулжалар жана кысыр аркарлар күздө семиз болушат, кабыргаларын май басат. Бул учурда жаш аркарлардын эти аябай даамдуу жана жумшак келет, ал эми кулжаныкы болсо катуу болот.

Аркарларды күндүзү дем алып жаткан жерлеринен мылтык менен атып алышат.

Кыргызстанда аркарлардын бир бөлүгү зоопарктар үчүн чоң капкандар менен кармалат. Капканга түшкөн аркар көп учурда капканды талкалап бошонуп кетет, же болбосо өзүн катуу зыяндатып алат. Ошондуктан, аркарды тирүү кармоонун эң жакшы жолдорунун бири тор болуп эсептелет. Бышык жиптен түйүлгөн торду ыңгайлуу жерге тартып коюп, мергенчилердин тобу аркарларды тайгандар менен ошол белгилүү тарапка карай айдакташат.

Аркарлардын өтө коркунучтуу душманы карышкырлар болуп эсептелет. Аларга караганда, илбирстердин коркунучу азыраак болот. Ал эми козуларын болсо, бүркүттөр алат. Аркарлардын бир бөлүгү кышында ачкадан жана котур ылаңынан өлөт.

Аркарларга аңчылык кылууга жыл бою тыюу салынган.

## Жейрен

Кыргызстанда бул сындуу майда антилоптор Ысык-Көлдүн түштүк жээкинде гана сакталып калган. Алардын бардык болгону 20—30 баштан ашпайт. Алар «Көк-Мойнок» совхозунун Ак-Сай өзөнүнө чейинки туурасы 8—10 километр, узундугу 60 километрге жакын келген бир аз территорияны ээлешет. Жейрендер Кыргызстандын башка эч бир жеринде жок.

Түштүк жактан түздөн-түз тоолорго кошулган чөлдүү-адырлуу жерлер чөлдө жашоочу бул айбандарга тукумдоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзөт. Андан да, кыштын толуп турган кезинде бул жерге кар жаабагандыгы да алардын мында жашоосуна мүмкүндүк берет. Жейрендер мында эч качан чоң-чоң үйүр болуп жүрүшпөйт, ар качан 5—7 ден гана кезигишет. Автомашина-

лардын шоссе жолу менен тынымсыз өтүшү ага жакын жерде жашаган жейрендерди чочутпай койгон жок, натыйжада сактаныш үчүн алар тоолорго жакыныраак жашашат.

Жейрендерди күндүзү көрүү кыйын, анткени алар бадалчалардын түбүндө же чоң-чоң таштардын арасында жашыруун жатышат. Анын саргыч-күрөң түсү айлана-чөйрө менен кошулуп, бир түскө айлангандыктан аны ордунан туруп жөнөгөндө гана көрбөсөң, жаткан учурда көрүү өтө кыйын болот. Жейрендин туулганына бир нече эле күн болгон балдары аябай билгичтик менен жашынышат, таштын же бадалчанын түбүндө бөжөйүп жаткан жейрендин балдарын 15—10 кадам аралыктан өтүп баратып көрбөй калууга болот.

Жейрендер оттоого жана суу ичүүгө таң атаарда жана кечинде чыгышат.



19-сүрөт. Жейрен.

Куут мезгили ноябрда өтөт, ал эми апрель-майда туут башталат. Жейрен көбүнчө эгиз тууйт, 1—3 төн тууганы өтө сейрек учурайт.

Жейрендин эркегинин кооз ийилген мүйүзү болот. Ургаачысы токол болот.

Чоң жейрендин салмагы 25—30 килограммга чейин барат. Эти абдан даамдуу келет.

Жейрендердин душманы аңчылык жөнүндөгү законду бузуучулардан тышкары, карышкырлар жана бүркүттөр болуп эсептелет. Мурда аларды бүркүттөргө алдыруучу.

Азыр жейрендерди уулоого таптакыр тыюу салынган.

## Доңуз (каман)

Мындан 20—30 жыл мурда доңуздар өтө көп болгон, ошондуктан алар эт үчүн аңчылык кылынуучу башка жапайы айбандардын ичинен аңчылыктын маанилүү объектиси болгон.

Доңуздар Кыргызстандын бардык областтарында бирдей көп жашаган. Айрым мергенчилер бир аңчылык сезондо 50 гө чейин доңуз атып ала турган.

Азыркы убакта доңуздардын саны кескин түрдө азайып кеткен. Айрым жерлерде алар таптакыр жоюлган.

Азыркы учурда доңуздардын таркалышы мындайча мүнөздөлөт. Кыргыз тоо кыркаларынын түндүк жаккы беттерине Суусамырдан түшүп келген бирин-серин доңуздарды айтпаганда, алар мурдакы Фрунзе областында такыр жок болгон. Ысык-Көлдө камандар чыгыш жактардан кезигет, Тянь-Шань областында алар өтө аз болсо да, негизинен Жумгал районунун гана айланасынан учурайт. Камандардын көпчүлүгү Ош областында жана мурдагы Жалал-Абад областында жашай тургандыгы белгилүү. Бул областтардын көптөгөн тоолуу райондорунда камандар аңчылыктын маанилүү объектиси болуп саналат. Лейлек районундагы мергенчи Казыбаев Арслан ушул азыр да жыл сайын 30—40 тан чочко атат. Жакында эле Суусамырдын чыгыш жагында жапайы чочколордун көп сандаган үйүрү болгон, кийинчерээк мындагы жерлерди өздөштүрүүгө байланыштуу, алардын бир кыйласы жок кылынган.

Төмөнкү зоналарда камандар өтө сейрек учурайт.

Тоо шарттарында камандар көбүнчө жээктери бадал-

дуу жана камыштуу келген түнт тоо өзөндөрүнүн жайылмаларында, арчалардын арасында, карагайлуу жана жаңгак токойлорунда, ошондой эле субальп жайыттарында жана зоокалардын арасында жашашат.

Жапайы чочколор — чоң айбандардан болуп саналат. Чоң камандын салмагы көп учурда, өзгөчө күзүндө 200 килограммга чейин барат, кээде андан да көбүрөөк болот.

Каман күңүрт-күрөң түстө болот, жүнүнүн учу катуу кылдуу келип, түп жагы коюу жана жумшак болот. Кышкысын жүндөрү ого бетер коюулайт.

Жапайы чочконун дене бою жана буттары чымыр келип күчтүү болот, башы жана тумшугу узун келет, жонунда катуу кылдуу жалы болот. Картаң камандардын сыртына чыгып турган кайчылашкан курч азуулары бар, ал эми мегилжиндери менен торопойлорунуку алардыкына караганда көп кичине болот.

Жапайы чочколор үйүр-үйүр менен жашашат, жалгыз-жарымдан картаң камандар гана учурайт.

Алардын куут мезгили кыштын алдында башталат. Жаш камандар куутка катышпайт, алар картаң камандар тарабынан четтетилип ташталат.

Куут мезгилинде камандардын ортосунда катуу чалышуулар өтөт. Чалышкан камандар катуу жөөлөшүп, бири-бирин чалып кетүүгө аракеттенишет. Куут учуруна чейин камандардын далы терилери калыңдайт, бул болсо аларды бирин-бири чалып жиберүү кокустуктарынан сактап калууга себепчи болот. Анын терисинин калыңдыгын мындан билүүгө болот: 20—25 метр аралыктан туруп тоголок бытыра менен аткан учурда да ал анын терисинен өтпөй калат.

Караван районунда биз, куут убагында атылган картаң камандын кургатылган терисинин калыңдыгын өлчөп көрдүк. Анын далы терисинин калыңдыгы 7 сантиметрге барабар болду.

Куут мезгили бүткөндөн кийин, картаң камандар үйрүнөн бөлүнүп, өз алдынча жалгыз жашоо түрүнө өтүшөт.

Төрт айдан кийин мегилжин эки жаккы жамбашында тең узун-узун агыш тилкелери бар саргыч күрөң түстүү 4—5 торопой тууйт. Мегилжин тууй турган үңкүр майда бутактардан, кургак чөптөрдөн жана жалбырактардан

жасалат. Үңкүрлөр көбүнчө калың арчалардын же бадалдардын арасында, кээде зоокалардын коңулдарында болот. Өлчөмү жагынан мындан чоңураак үңкүрлөр алар тарабынан кыштын күнү да пайдаланылат.

Доңуздар көбүнчө түндө аракет кылуучу айбандар. Күндүзү алар түнт бадалдардын, арчалардын же аскалардын арасында жатышат, кечкисин тоюттануу үчүн чыгышат.



20-сүрөт. Каман.

Үй чочколору сыяктуу эле жапайы чочколор бардык нерсени жей бере турган айбан, алар өсүмдүктөр менен, ошондой эле майда айбандар менен да тамактанышат. Алар негизинен ар түрдүү өсүмдүктөрдүн тамырларын, жер-жемиштерин, курт-кумурскаларды, кокус кезикке чычкандарды жана тарптарды да жешет. Жаңгактуу токойлор зонасында жашаган жапайы чочколор көбүнчө жаңгак жана мөмө-жемиштери менен тамактанышат. Чочколор тамак издеп, өзүнүн күчтүү тумшугу менен көп жерлерди коцторуп салууга жарайт.

Куут башталганга чейин алар аябай семиришет, ал эми жазга аябай арыкташат.

Бир нече жолу чочуп калган чочколордун үйрү өтө сак болуп калышат, мурдагы жеринен ондогон километр жерге алыстап кетишет.

Угуу жана жыт алуу сезими жакшы өнүккөндүгүнө карабастан, чочколор көп учурда мергенчилерге сайсыз мылтык менен атып алууга мүмкүн болгондой аралыкка келүүгө жол беришет.

Жапайы чочколорду ар качан 2—4 кишиден турган мергенчилердин тобу уулашат, айрым учурларда гана аларга аңчылык кылууга жалгыздап чыгышат. Аларды көбүнчө кышында, кар калың түшкөндө атышат. Издери боюнча коё берилген иттер аларды токтотушат, жете келген мергенчилер жакындап келип ата башташат. Кар калың болгон учурда чочколордун бүт үйүрү атылып алынат.

Республикабыздын айрым райондорунда жапайы чочколорду уулоонун мааниси али да чоң. Болжол менен алынган маалыматтар боюнча, жыл сайын 500 башка жакын чочко атылат.

«Заготживсырьёнун» конторалары жыл сайын 200—300 чочко терисин даярдашат, ал эми бир кыйласы жергиликтүү мергенчилердин колунда калат.

Жапайы чочколордун эти, айрыкча күзүндө даамдуу болот. Жаңгак токойлорунда жашаган чочколордун эти андан да даамдуу жана жумшак келет. Майынын катмарланышы анчейин келип, катуу болот. Чочколорго аңчылык кылуу Кыргызстандын бардык жерлеринде 1-сентябрдан 15-февралга чейин уруксат кылынган.

Тоолорго жакын жердеги жүгөрү менен дан эгиндердин айдоолоруна анда-санда гана келтирген зыяндарын айтпаганда, жапайы чочколор аңчылык жагынан баалуу айбан болуп эсептелет. Аңчылык ишин туура жүргүзгөн учурда, жапайы чочколордун санын жакынкы жылдарда бир кыйла көбөйтүүгө мүмкүн.

### Жаңы айбандар

Советтер Союзу — зор өлкө. Чет Түндүктү тундра ээлейт, тундрага миңдеген километрге созулган ийне жалбырактуулар тайгасы кошулат, андан ары түштүккө карай талаалар жана чөлдөр кезигет. Кара деңиздин жана Ыраакы чыгыштын жээктеринде субтропикалык климат болуп, анда жазы жалбырактуу токойлор өсөт, Саян, Алтай, Тянь-Шань, Памир жана Кавказ тоо кыркаларынын да табигый шарттарынын өзгөчөлүктөрү бар. Учу-кыйрына көз жетпеген биздин Родинабыздын ар бир

бурчуна айбандар дүйнөсү таандык: тундрада песец (түндүктө жашоочу көгүлтүр түлкү) жана түндүк бугу, тайгада — киш жана тыйын, Ыраакы Чыгышта — Уссурий еноту, талаалар менен чөлдөрдө — сайга, жейрен жана сары чычкан, тоолордо — марал, тоо эчки жана аркар жашайт.

Айбандардын таркалышынын тарыхый жагы бар, алардын ар бир түрү ылайыкталган шарттарга байланыштуу жайгашышкан. Эгерде шарттар туура келсе, айбандар ошол айлана-чөйрөдөгү бүт территорияны ээлеп, таркай башташат. Айбандардын ар бир түрү улам барган сайын арылап терендеп жайгашууга умтула беришет, бирок бул табигый жайгашуу жай өтөт, анткени алардын жолунда өтө алгыс тоскоолдуктар кезигет. Маселен, Уссурий еноту Ыраакы Чыгыштан тайга жана чөлдөр аркылуу Кыргызстанга эч качан жетмек эмес, ошондой эле узун куйрук сары чычкан, киш жана тыйын Алтайдын тайгасынан биздин карагайлуу токойлорго келалмак эмес, анткени Алтай менен Тянь-Шандын ортосунда чөл бар.

Мына ушундай учурда айбандарга адам жардамга келет. Аңчылык кылуучу жерлерди байытуу максатында, териси баалуу айбандарды өлкөнүн бир бурчунан экинчи бурчуна алып келип, аларды ылайыктуу келген жаңы жерлерге коё беришет. Айбандарды жана ошондой эле өсүмдүктөрдү жаңы жерге которуштурууну «климатташтыруу» деп аташат.

Советтер Союзунда териси баалуу айбандарды климатташтыруу кеңири жүргүзүлүүдө. 1925-жылдан тартып жүз миңден ашуун айбан жаңы жерлерге алып келинип таркатылган, алардын ичинен 20 дан ашык түрү биздин ата мекендик жана 7 түрү башка өлкөлөрдөн алып келинген айбандар.

Кыргызстанда ондатра, Уссурий еноту, узун куйрук сары чычкан, сыпайы енот жана тыйын чычкан мурда эч качан жашаган эмес; алар бул жерге алып келинип коё берилген жана ошондон кийин тукумдай башташкан.

Кыргыз ССРинде териси баалуу айбандарды климатташтыруу иши 1934-жылдан тартып жүргүзүлө баштаган. Зоологдор жана аңчылык ишин изилдөөчүлөр кайсы бир айбанды коё берүүдөн мурда эң оболу аңчылыкка ылайыктуу жерлерди изилдеп, аларды коё берүүчү жерлерди

алдын ала белгилеп туруп, андан кийин гана миңдеген километр жерден айбандарды алып келип коё беришет. Бизде бардыгы болуп айбандардын беш түрү климатташтырылган. Алардын ар бирин талдап көрөлү.

**Уссурий еноту** — биринчи жолу жаңгактуу токойлорго коё берилген болучу, бирок кар калың болгондуктан ал жашай алган эмес. Экинчи жолу 1945-жылы Ысык-Көлдүн жээктерине коё берилген, көлдүн саздак жээктерине, чычырканактардын жана камыштардын арасына бардыгы болуп 15 енот коё берилген. Алар ал жерлерде жакшынакай жашап, тукумдай башташат. 1952-жана 1953-жылдарда бул айбандардын эки тобу кармалып алынып жаңы жерлерге таркатылган. 1954-жылдан тартып, алардын терилерин даярдоо башталды.

Уссурий енотунун родинасы — Ыраакы Чыгыш, бирок азыркы убакта бул айбан Советтер Союзунун башка областтарында да таркатылган. Аларды климатташтыруу айрыкча СССРдин европалык бөлүгүндө ийгиликтүү жүргүзүлүп жатат, биздин Кыргызстанда да бул жагынан иш ийгиликтүү жүрүп жатат.

Бул айбан түлкүдөн бир аз гана кичирээк, бирок көгүш-күрөң түстөгү териси түлкүнүкүнө караганда үлпүлдөп жумшагыраак келет; жонунда жана буттарында кара тилкелери болот.


Енот ар түрдүү тамактарды таап жейт: ал чычкандарды, кокус кезикке канаттууларды, суунун тайыз жерлериндеги балыктарды, көп сандаган курт-кумурскаларды кармап жейт, жер-жемиштерди, ар түрдүү чөптөрдүн уруктарын, сабактарын жана тоголок тамырларын да жакшы көрөт. Кышында май басып семиргенден кийин чээнге кирет, бирок жылуу күндөрдө ойгонуп сыртка чыгып, ары-бери жүрүп, кайра чээнге кирип жатат, февраль айында ойгонуп биротоло сыртка чыгат.

Үйүгүшүү мезгили февралдын аягында—марттын башында өтөт. Эки айдан кийин канчыгы 5—6 күчүк тууйт, мындан көбүрөөк туугандары сейрек учурайт. Балдары жай бою энеси менен бирге болушат, бирок бир жерде чогуу болбостон, бири-бирине жакын жайгашышат. Еноттордун кыштай турган жана тууй турган жери көбүнчө кургак чөптөн жасалган уя же түнөк болот. Кээде алар калың чыккан чөптүн арасын, же кашкулактын эски

ийинин пайдаланышат, өздөрү ийинди өтө сейрек казышат.

Еноттордү зым тузак менен кармашат. Түнкү айбан болгондуктан тузакты алар жүргөн жолдорго коюшат. Тузактарды эртең менен эрте текшерип, ага түшкөн тирүү айбандарды бошотуп алышат. Уссурий енотун ит да оңой тиштейт, анткени ал тез чуркай албайт, калың бадалга кирип кетүүгө гана аракеттенет. Мергенчи келгенче айбанды ит былк эттирбей басып турат. Еноттун картаң эркеги ачуулу болот, жаштары болсо, колго алып көтөрсөң да тиштегилебей, жоош отура берет.

**Сыпайы енот** — 1936-жылы Ош областындагы жаңгактуу токойлорго коё берилген. Ага чейин еноттор Ташкенттеги зоопаркта багылып турган, анда бир түгөй еноттон 3 жылдын ичинде 22 тукум алынган. Мына ошолордун бардыгы жаңгактуу токойлорго коё берилген. Азыркы убакта ал токойлордо бир нече жүздөгөн еноттор жашайт.



21-сүрөт. Сыпайы енот.

Сыпайы енот Түндүк Америкадан алып келинген. Бул енот ит сымалдуу деп аталган Уссурий енотунан көгүшкүрөң түстүү, үлпүлдөгүрөөк жана узунураак келген жүнү менен айырмаланат, куйругунда 6—7 агыш шакекчеси болот. Чоңдугу жагынан ит сымалдуу еноттон кичирээк келет: анын денесинин узундугу 50 см, куйругунун узундугу 25 см.

Сыпайы енот өтө шамдагай айбан, ал жыгачтарга чыгуу жагынан мышыктардан калышпайт. Жыгачтарды

көңдөйлөрүндө жашайт жана ошол эле жерде тукумдайт

Америка енотун сыпайы деп атоонун себеби, ал табылгаларды эң оболу жакын жердеги булакка чайкап туруп жейт. Бирок минтип ал ток кезинде гана жейт, ач болсо, чайкабай эле жей берет. Анын тамагы да ар түрдүү болот: майда кемирүүчүлөр, кээде канаттуулар, алардын жумурткалары. Мындан тышкары, бакаларды, кескелдириктерди, курт-кумурскаларды жана алардын личинкаларын жейт, жаңгакты, жапайы алмаларды, алмуруттарды, алчаларды жана башка ар түрдүү жер-жемиштерди да жакшы көрөт.

Енот өзөндөрдөн, булактардан жана саздардан алыс эмес жерлерден түн бою тамак издеп чыгат, күндүзү жыгачтын көңдөйүндө же жоон бутактарга чыгып дем алып жатат. Кышкысын чээнге кирүү декабрдан тартып башталат. Энеси күчүктөрү менен бирге жыгачтын көңдөйүнө жатат, февралда ойгонуп сыртка чыгышат. Күчүктөрү энесинен бөлүнүп, түгөй-түгөй болуп, өзүнчө жашоого өтүшөт. Эки айдан кийин канчыгы 4—5 күчүк тууйт, ал эми жетиге чейин туугандары сейрек учурайт.

Кыргызстанда енотту климатташтыруу тажрыйбасынын практикалык гана эмес, анын илимий да мааниси бар. Бир түгөй айбандан бир нече ондогон баш тукум алуу өтө сейрек учурайт. Азербайжандан кийинки экинчи енот өстүрүү жайы Кыргызстан болуп эсептелет. Кыргыз республикасында бул баалуу айбанды Советтер Союзунун башка республикаларына асыл тукум материал катарында таркатуу үчүн мүмкүнчүлүктөр түзүлдү.

**Узун куйрук сары чычкан.** Саргыч түстөгү бул айбандын чоңдугу суусардай болот. Анын денесинин узундугу 35—40 сантиметр, куйругунуку — 25—28 сантиметр. Бул чычкан Сибирде, айрыкча тайгада кеңири таркалган, даярдоодо ал маанилүү айбан болуп эсептелет.

1941-жылы 26 узун куйрук сары чычканды алып келип, Ысык-Көл өрөөнүндөгү (Үч-Булак капчыгайына, Тескей Ала-Тоонун түндүк жаккы беттерине) карагайлуу токойлорго коё беришкен. Алар бул жерлерде азыр да тукумдап жатышат, бирок жалпы саны анчейин көп эмес.

Узун куйрук сары чычкан — жырткыч айбан. Негизинен майда кемирүүчүлөр менен тамактанат, башка жырткычтар сыяктуу эле канаттуулардын уясын жок кылуудан

тартынбайт, жемиштерди жана жапайы аарынын балын жакшы көрөт, кокус кезиксе балыкты жештен да тартынбайт.

Чээнге кирип жатпайт, бирок ызгаардуу суук күндөрдө жана катуу бороон-чапкындарда ийнинен бир нече сутка чыкпай жата берет. Ийнин ар качан жыгачтын түп жагына, бутак-сутактардын алдына, кээде жыгачтын көңдөйүнө жасайт.

Бооз мезгили бир айга созулуп, эрте жазда тукумдай баштайт. Балдары көзү ачылбай туулат да, 28—30 күндөн кийин жетилишет. Алар энеси менен жайдын акырына чейин бирге болушат, андан кийин бөлүнүп жалгыз-жалгыздан жашоого өтүшөт.

**Ондатра** — суу айбаны, ал саргыч күрөң, кээде караалжын түстө болот, жүнү калың, бышык жана үлпүлдөп, жумшак келет. Денесинин узундугу—30 см ге жакын, куйругунуку—22—23 см болот. Ондатра суудa жашоого ыңгайлашкан айбан: арткы буттары жазы тамандуу, алдыңкы буттарынан узунураак келет, бармактары катуу кылдар менен курчалган, бул болсо анын сүзүшүнө жардам берет; куйругу кабырчыктуу, сейрек жүндүү жана жалпак келип, руль катарында кызмат кылат. Ондатра сууда мыкты сүзөт жана сонун чумкуйт, суу алдында 10 минутка чейин болууга жөндөмдүү, бирок кургакта жакшы жүрө албайт. Суу өсүмдүктөрү бар көлдөрдө, саздарда жана жай аккан өзөндөрдө жашашат.

Ондатра 1927-жылы Түндүк Америкадан алып келинген, ошол мезгилден бери ал Советтер Союзунун бардык жерине таркатылган. Казакстанда жана Сибирде ондатранын ири чарбалары уюштурулган. Баалуу аң терилерди даярдоодо ондатра СССР боюнча алдыңкы орундардын бирин ээлейт. Кыргызстанга 1944-жылы 300 ондатра алып келинип, Ысык-Көлдүн түндүк чыгыш жактарына коё берилген. Кийинчерээк, климатташтырылган ондатраларды республикабыздын Тянь-Шань, Ош жана мурдагы Фрунзе, Жалал-Абад областтарында аз-аздан тарката башташкан. Ондатрага аңчылык кылуу 1947-жылдан тартып башталган. Азыркы убакта ондатраны ийгиликтүү таркатуунун натыйжасында, ал республикабыз боюнча баалуу аң терилерди даярдоодо биринчи орунга чыкты. Ондатранын териси бышык, жүнү коюу келет.

Ондатра жөнүндө туура эмес көп ой-пикирлер бар.


Бир кезде чегирткечи деп аталган өтө пайдалуу канаттууну эчкилерди эмет деп күнөлөшкөн сыяктуу, ондатраны да балык жейт, жапайы өрдөктөрдүн уяларын бузуп жок кылат, балапандарын жана жумурткаларын жейт, огородго кирип жашылчаларды тепсейт деп күнөлөшөт.

Ырас, кээ бир учурда алар плотинанын түбүнөн ийин казышып, аны бузуп зыян кылуулары мүмкүн. Бул жерлерден аларды кармап жок кылуу керек. Кээде балыкчылардын кургатуу үчүн жайып койгон торлоруна кокусунан түшкөн ондатра, аны кырчып жиберип бошонуп кетет. Башка жапайы айбандар мындан да көбүрөөк зыян келтиришет. Бирок, биз жергиликтүү айбандарга жана канаттууларга көнүп калып, көп учурда аларга эч көңүл бурбайбыз. Атап айтканда, чыныгы чоң зыян келтирип жаткан таранчыларга жана кемирүүчүлөргө аз көңүл бурабыз.

Ондатранын жашоо түрү жакшы изилденген. Ал балыр, камыш, өлөң чөп жана башка ушул сыяктуу суудa, жээкте өсүүчү өсүмдүктөр менен тамактанат. Көбүнчө өсүмдүктөрдүн суу алдындагы жумшак жактарын жейт. Ошону үчүн ал сууга терең чумкуйт. Ондатра тоютту өзүнүн турган жайына, башкача айтканда тоют аянтчасына алып келип жейт. Тоют аянтчалары же тоют «тасторкону» ондатралар жашоочу жерлердин бардыгында болот. Тоют аянтчаларын алар көбүнчө саздын өңгүл-дөңгүл жерлерине, жыгылган камыштардын шилендилерине, жапыз жээктерде жасашат. Ондатралар бул жерлерге өсүмдүктөрдү алып келип, алардын чыктуу таттуу жактарын жеп, көп-сандаган сабактарын калтырышат. Бара-бара сабактардын калдыктары көбөйүп жыйыла берет. Демек, тоют аянтчалары өзүнөн-өзү белгилүү болуп турат, алар аркылуу ондатралардын жашаган жерлерин оңой эле таап алууга болот.

Ондатра өзүнүн жашоочу жайын эки башка кылып жасайт. Эгерде ал жашаган көлмөнүн жээги жапыз болуп, саздак келсе, анда түнөк жасайт, эгерде жээги кургак болсо, анда ийин казат. Ондатралардын үйчөлөрү же түнөктөрү ар түрдүү өсүмдүктөрдүн ыпыр-сыпырларынан, камыштын, өлөң чөптүн жана башкалардын кургак сабактарынан салынган, бийиктиги метрге жакын келген анчейин чоң эмес, чөмөлө сыяктуу болот. Түнөктөр көбүнчө жапыз жээктерге же камыштардын шилен-

дилерине, саздын өңгүл-дөңгүл жерлерине салынат. Түнөктүн ичинде кургак, жумшак чөп төшөлгөн уя болот. Ийинден суунун астын көздөй бир же эки жол кетет.



22-сүрөт. Ондатра.

Ийин аздыр-көптүр бийик жээктерде казылат. Ондатранын жолу суу астынан башталып, 5—8 метр тереңдикте жээктеп кетет. Жолдун барып жеткен жеринде уясы болот. Эгерде көлмөдө суу азайып ийиндин оозу ачылып калган болсо, анда ондатра суунун астынан кайрадан жаңы ийин казат.

Бир жайдын ичинде ондатралар эки жолу тукум беришет, ал эми кээ бир картаң ургаачылары үч жолдон да тукумдашат. Бир жолу алынган тукумда орточо эсепте 7—8 ден, кээдс 13кө чейин бала болот. Үйүгүү мезгили мартта, башкача айтканда көлмөлөр эрий баштаган учурдан тартып башталат. Бул учурга чейин өткөн жылы туулуп, ата-энеси менен бирге турган жаш ондатралар түгөй-түгөйү менен бөлүнүп чыгышат. Ар бир түгөй өзүнүн жашоосу үчүн ылайыктуу орун издейт. Эгерде башка бир ондатра бул түгөйдүн территориясына келген болсо, алардын ортосунда катуу кармашуулар болот. Бул учурда эркектери гана эмес, ургаачылары да кармашышат. Үйүгүү убагында алынган ондатранын териси көп учурда тиштешүүнүн натыйжасында бүт тешик болот.

Ондатраны уулоо кыйын эмес. Аларды № 1 капкан менен кармоо эң ыңгайлуу. Капкан эч бир маскировкасыз жана татканткычсыз эле тоют аянтчасына же алардын жүргөн жолдоруна коюлат. Капкандын пружинасына бир метр узундуктагы ичке зым бекитилет. Капкан камышка же сууга кагылган казыкчага байлап коюлат. Капканга түшкөн айбан, аны менен кошо сууга секирип чөгүп кетүүгө тийиш. Кургактыкта капканга түшкөн ондатра кандайдыр бир айла менен 2—3 саатта бутун чыгарып, бошонуп кетет.

Ондатра — түнкү айбан, күндүз ал сейрек чыгат, ошондуктан капканды кечтен тартып коюшат. Жакшы капканчылар коюлган капкандарды фонарь менен түн ичинде бир нече жолу карап чыгышат. Ондатрага аңчылык кылуу «Заготживсырьёнун» мергенчилери тарабынан атайын уруксат боюнча жүргүзүлөт.

**Тыйын.** Тыйын Сибирдин, Европанын ийне жалбырактуу жана аралаш токойлорунда кеңири таралган. Батыш Сибирдин түштүгүндө жана Казакстанда кырка кызыл карагайлуу токойлордо тыйындын башка бир түрү — тыйын телеутка жашайт. Телеутка кадимки Сибирь тыйынынан чоңураак келет, түсү ачык көгүш, куйругу саргыч жана жүнү үлпүлдөп, жумшак болот. Анын териси кадимки тыйындыкынан эки эсе кымбат бааланат.

Орто Азиянын токойлорунда тыйын мурда болгон эмес. Кыргызстанга 1951-жылы күзүндө Семипалат областынан 209 телеутка алып келишип, Пржевальский районунун токойлоруна (Жыланды капчыгайына) коё берилген.



23-сүрөт. Тыйын телеутка.

Алардын 73 баштан турган экинчи тобун 1953-жылы Нарын тоо кыркасынын токойлоруна коё беришкен.

Кийинки жылы биринчи коё берилген айбандар тукумдай баштаган. Күзгө чейин алардын саны эки эсе көбөйгөн, 1955-жылга он эседен кем эмес өскөн. Бир жайдын ичинде алар эки жолу тукумдайт, ар биринде 4—5 бала туулат. Биздеги тыйындардын үйүгүү мезгили, алардын родинасындагыга караганда көп эрте башталат. Февралдын акырында кармап алынган ургаачы тыйындардын бардыгы бооз болуп чыккан.

Тыйындардын негизги тамагы карагайдын бүчүрлөрү, бүрлөрү жана тобурчактары болуп эсептелет, андан тышкары, козу карын, четиндин жана ит мурундун ашын, чөптөрдүн уруктарын жана аз-аздан курт-кумурскаларды жейт. 1952—1953-жылдары кышында, алардын негизги тамагы болгон карагайлар тобурчактарды аз байлаган. Бирок, тыйындар жалаң гана карагайдын бүчүрү менен бүрлөрүн жеп, кыштын кыйынчылыгынан аман-эсен чыгып кетишкен.

Тыйын уясын көбүнчө жыгачтын уч жагына жасайт. Алардын уялары канаттуу куштардын уялары сымалдуу болуп бутактардан жасалат. Тыйын токойлордон чогулткан канаттуулардын жүндөрү жана мох менен жумшактайт. Кыштын ызгаардуу суук күндөрүндө алар уяларынын оозун мох менен бүтөп алып, бир нече күнгө чейин сыртка чыгышпайт. Мындай уяда 10—15 градус суук болгон күндөрдө да температура 10 градустан төмөн болбойт.

Советтер Союзу боюнча баалуу аң терилерди даярдоодо тыйын биринчи орунду ээлейт. Көп байкоолордун натыйжасында мындайча тыянак чыгарууга болот: Кыргызстандын шарттарында тыйын толук климатташып, аңчылык фаунанын катарына кирди. Азыркы учурда бул айбандар адеп коё берилген жерден 30 километрден ашуун территорияга таркап кетишкен. Токойлуу жерлер бизде тоо кыркалары боюнча, айрым-айрым массивдер менен жайгашкандыгы белгилүү. Тыйын бардык карагайлуу токойлорго өзү таркай албагандыгы түшүнүктүү, ошондуктан аларды тукумдап көбөйгөн жерлерден кармап алып, башка жаңы токойлуу жерлерге коё берип туруу керек. Мындай таркатуу «Заготживсырьёнун» пла-

нында каралган. Бардык токойлуу жерлерге таркатылгандан кийин гана аларга аңчылык кылуу башталат.

1955-жыл күзүндө Жылаңды капчыгайында 92 телеутканы кармап, климатташтыруу максатында Кемин районунун (Жая ойдуңу) карагайлуу токойлоруна коё беришкен.

**Нутрия** — кемирүүчүлөрдүн бир түрү, чоңдугу кичирээк иттей болот, орточо салмагы 5 килограмм, ал эми өтө чоңунун салмагы 10 килограммга чейин барат. Нутрияны кээде «Саз-кемчети» деп да аташат, чындыгында эле адаты жана сырткы көрүнүшү жагынан агын сууда жашоочу кемчеттерге окшош болот, бирок, куйругу кемчеттикиндей жоон эмес, сейрек жүндүү, жумуру келет. Арткы буттарынын бармактары жаргактуу келип, жону кызгылт-күрөң, капталдары ачык күрөң, боору көгүш-күрөң түстө болот.

Нутрия көлмөлөрдө жашайт, кургакта жакшы жүрө албайт, ал эми сууда болсо, өзүн эркин сезет жана ылдам сүзүп, жакшы чумкуйт, суунун түбүндө 5 минутага чейин чыдап турууга жөндөмдүү.

Баалуу аң терилердин рынокторунда нутриянын териси өтө жогору бааланып, «маймылдын» териси делип сатылат. Анын терисин иштетүү учурунда уч жаккы кылчыктуу жүндөрү кыркылып салынып, коюу, ичке жана үлпүлдөк жүнү гана калтырылат. Мындай терилер жакага, тумакка жана башкаларга керектелет.

Нутриянын негизги жашаган жери түштүк Америка. Советтер Союзуна 1930-жылы алып келинген. Алар өлкөбүздүн түштүгүндөгү тоңбогон көлмөлөрдө гана эркин жашай алышат, мисалы, Грузияда жашоого жакшы ыңгайлашып алышкан. Акыркы убакта Советтер Союзунда нутрияны капаста жана жарым-жартылай эркин багуу кеңири колдонулууда: жайында айбандар көлдөрдө эркин жашашат, кышкысын аларды атайын сарайларга которушат, мында жазга чейин багылат. Алардын бир бөлүгүн союп, терисин алышат.

Нутриялар ар түрдүү суу өсүмдүктөрү менен тамактанышат, айрыкча балырларды, өлөң чөптөрдү жана камыштардын жалбырактарын жакшы көрүшөт. Колдо багылган учурда жүгөрүнү, сулуну, сабизди жана тоют кызылчасын жакшы жейт.

Нутрияда белгилүү бир күүлөө мезгили болбойт, иш

жүзүндө алар жыл бою тукумдашат, бирок ургаачы нутрия бир жылдын ичинде эки гана жолу тукумдайт.

Бооз мезгили орточо эсеп менен 132 күнгө созулат, бир жолкусунда 3—7ге чейин бала тууйт, андан көбүрөөк туугандары өтө сейрек учурайт.

1955-жылы кышында биринчи жолку тажрыйба иретинде Фрунзе шаарынан 50 километр алыс турган Токмок заказнигине 6 нутрия коё берилген. Заказникте тоңбогон булактар көп, нутрия тамактануучу камыш, балыр, өлөң чөптөр жана ушул сыяктуу башка өсүмдүктөр бар.

Климатташтыруунун бешинчи жылында бир аз гана нутриянын саны 300 экземплярга чейин өсүп жеткен. Эгерде адегенде аларга эч кандай кошумча тоют берилбеген болсо, азыр кышында аларды жүгөрүнүн сотосу, эгиндин чарлары менен кошумча тоюттандырышат.

Айбандар жыл бою эркинче жашашат, уяларын калың камыштардын арасына жасашат.

Кыргызстанда тоңбогон көлмөлөр аз, ошондуктан нутрияларды жарым-жартылай эркинче өстүрүү максатка ылайыктуу.

**Америка норкасы** — суусарга тукумдаш, анчейин чоң эмес жырткычтардын бир түрү, анын денесинин узундугу 34—42 см., куйругу 16—20 см. келет. Эркеги ургачысынан бир аз чоңураак болот. Норканын териси чымкый күрөң тартып, жүнү үлпүлдөк жана жылтылдап көркөмдүү келет; рыноктордо абдан жогору бааланат.

Америка норкасы Советтер Союзуна 1930-жылы Түндүк Америкадан алып келинген. Адегенде аларды капаста гана өстүрүшкөн, ал эми 3 жылдан кийин ылайыктуу жерлерге коё бере баштагкан.

Азыркы учурда бул айбан Сибирдин жана СССРдин Европа бөлүгүнүн бүт дээрлик токой тилкелерине таркатылган, бул жерлерде алар анчейин баалуу эмес Европа норкасы менен жалгашат. Америка норкасынын баалуу терисин көп даярдоо максатында айбандарды өстүрүү совхозунда да алар ийгиликтүү өстүрүлүп жатат. Ошондой эле капаста өстүрүлгөн норкалардын ак, жылтыраккөгүш, сапфир, топаз ж. б. ушул сыяктуу жаңы түрлөрү чыгарылган.

Табигый шарттарда норкалар тузсуз көлмөлөргө жакын жерлерде, калың бадалдуу жана токойлуу өзөндөрдүн, булактардын жана көлдөрдүн жээктеринде жайга-

шышат. Алар көбүнчө жээктерге же чоң жыгачтардын тамырларынын алдынан, кээде сууга жакын жердеги сынып чогулган бутак-сутактардын алдынан казылган ийиндерде жашашат. Кышында норкалар сууга жакын жайгашууга аракет кылышат. Ошондуктан алар күбүрлүү өзөндөргө жакын жерлерге, ошондой эле сууга барууга ыңгайлуу болгон жерлерге топтолушат.

Норкалардын тамагы ар түрдүү болот. Алардын жылдык рациону негизинен кемирүүчүлөрдөн, майда балыктардан, бакалардан, курт-кумурскалардан, кээде канаттуулардан жана алардын жумурткаларынан түзүлөт.

Күүлөө мезгили март-апрель айларында өтөт. Майда жана июндун башы ченде тууй башташат. Ар бир жолкусунда орточо эсеп менен 5 тен, айрым учурларда 9га чейин бала тууйт.

Кыргызстанга Америка норкасы 1956-жылы октябрь айында эчактан бери климатташып калган Алтай крайынан алып келинген, 94 экземпляр норканы эки топко бөлүп жаңгактуу токойлорго коё беришкен: 46 айбандан турган биринчи топ Кара-Үңкүр дарыясынын жайылмасына жана 48 норкадан турган экинчи топ Кара-Алма суусунун куймасы Балык сай өзөнүнө коё берилген.

Норкалар коё берилген жаңгактуу токойлордун территориясында өтө көп суу тармактары бар. Өзөндөрдүн көпчүлүгү кышында тоңбойт, аларда майда балыктар, бакалар, ал эми жакынкы токойлордо—көп сандаган кемирүүчүлөр, өзгөчө келемиштер арбын болот.

Кыргыз ССР илимдер Академиясынын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр норканын жаңы шарттарга көнүп калгандыгын жана ийгиликтүү тукумдап жаткандыгын көрсөттү, үч жылдын ичинде норка аден коё берилген жеринен ондогон километрге чейин таркап кеткен.

**Чаар бугу** — маралга караганда анчейин чоң болбойт, маралдын бийиктиги 140—150 см болсо, чаар бугунуку 110 см ге жакын болот. Жайында жүнү саргыч-кара коңур келет, жону менен капталдары саргыч ак темгилдүү келип, боору бир аз саргыч тартып, ак болот. Кышында капталдары көгүш тартып, темгилдери көп билинбей калат. Ар түрдүү чөптөр жана бадалдардын кабыкчалары менен тамактанат, жаңгак жана эмен жыгачтын уругун да жейт.

Куут мезгили октябрда өтөт, картаң бугу кээде 20 чакты баштан турган ургаачы бугулардын үйрүн топтойт. Бооз мезгили 8 айга жакын созулат. Кыш түшөөрдүн алдында жашы, карысы дебей бугулар үйүр-үйүр болуп чогулушат. Бардык бугулардын ургаачылары сыяктуу эле, ургаачы чаар бугу да токол болот. Эркек бугулар мүйүздөрүн жыл сайын апрелде ташташат, июнда жаңы мүйүз чыгат, ал жумшак келип, маралдын пантысы сыяктуу медицинада керектелет, бирок маралдыкынан чаар бугунун пантысы кымбат бааланат. Алардын мүйүздөрү сентябрда такыр катып бүтөт. Бугуларды алардын пантысына жана даамдуу этине кызыгып уулашат.

Чаар бугунун родинасы—Түштүк Уссурий крайы, анда климат бир аз жумшак жана жылуу келип, жылдын орточо температурасы нулдан жогору болот. Ал калың бадалдуу жалбырактуу токойлордо жашайт. Кышкысын тоолордун кар көп түшпөгөн беттеринде болушат.

Табигый шарттарда жапайы чаар бугунун саны анчалык көп эмес. Ал негизинен Ыраакы Чыгыштын заповедниктеринде жана бугу өстүрүүчү чарбаларда сакталып калган. 1938-жылдан тартып аны СССРдин Европа бөлүгүндөгү заповедниктерге жана кээ бир аңчылык чарбаларына алып келе башташат. Бир нече жүздөгөн баш чаар бугу алып келинет. Бул жерлердеги катуу суукта карабастан, чаар бугулар жакшы климатташып, тукумдай башташкан. Кар калың жааган кыштарда бугуларга чөп берип кошумча тоюттандырышат, алар кыштай турган жайларга чөптү жакындатып алып барып, мурдатан эле даярдап коюшат. Милдеттүү түрдө туз да берип турушат. Чаар бугулардын эң коркунучтуу душманы карышкырлар болуп саналат.

Кыргызстанга 1959-жылы жайында Ыраакы Чыгыштан 15 экземпляр чаар бугу алып келинип, Ош областындагы Аркит токой чарбасынын жаңгактуу токойлоруна коё берилген.

Биздин жаңгактуу токойлордун табигый шарттары Түштүк Уссурий крайыныкы менен бирдей келет. Жылдын орточо температурасы 9 градус жылуу, катуу суугу жок мезгил орточо эсеп менен 190 күнгө созулат, эң төмөнкү температура, ошондо да жыл сайын эмес,—20 градуска, эң жогорку температура +36 градуска барабар. Жаңгактуу токойлор грек жаңгагынан, алмадан,

алмуруттан, алчадан, долонодон, шилбиден, ит мурундан, чиеден, клёндон жана башка жыгачтардан, бадалдардан турат. Булардын бардыгы чаар бугу жашаган Уссурий крайындагы жазы жалбырактуу токойлорду элестетет. Тоолордун түштүк этектери кургак жана түнт бадалдуу келип, бугулар үчүн жашынууга ылайыктуу жай болуп эсептелет.

Чаар бугулардын бизде коё берилишине аз эле убакыт болду. Демек, натыйжалар жөнүндө айтуу али эрте. Бирок жаңгактуу токойлордун табигий шарттары, Уссурий токойлорунун табигый шарттарына абдан окшош болгондуктан Кыргызстанда чаар бугу жашайт жана өнүгөт деп толук ишенүүгө болот.

## АҢЧЫЛЫК КУШТАР

**Томк сымалдууларга** бизде кеңири таркалган уулануучу куштардын алты түрү кирет.

### Кыргоол

Кыргоол—бир топ эле чоң куш. Бостегинин салмагы 1000—1400 граммга, мекиянынныкы—800—1000 граммга чейин барат. Кыргоол — аңчылыкты сүйүүчүлөрдүн эң мыкты объектилеринин бири болуп эсептелет. Алтын түстүү кулпурган кочкул-кызыл жана ак каргылуу бостеги жөнөкөй саргыч-күрөң түстөгү мекиянынан кескин айырмаланат.

Кыргоолдор көбүнчө сууга жакын жердеги калың чычырканактын, ит мурундун, бөрү карагаттын жана башка бадалдардын же калың камыштардын арасында жашынышат. Бул жерлерде алар жайы-кышы болушуп, өздөрүнүн душмандарынан жашынышат, түнөшөт жана балапан басып чыгарышат. Ар дайым эртең менен жана кечинде талааларга жана айдоолорго тоюттанууга чыгышат. Талаада тоюттанып жүргөн куштар коркунуч болгон учурда жүгүргөн бойдон калың чөпкө же камышка кирип кетип, оңой менен кайра чыгышпайт.

Күзүндө жана кышында кыргоолдор топ-топ болуп жүрүшөт. Эрте жазда түгөй-түгөй болуп бөлүнүп чыгып

жыныстык жагынан кошулуша башташат. Ошол мезгилде бостеги анда-санда үн салып, канаттарын күүлөп чапкылап калат. Кээде анын үнү түндө да угулат. Ал мезгили июнга чейин, башкача айтканда, мекияндары жөжөлөрүн ээрчитип калганга чейин созулат.

Мекияндары апрелдин акырында жана майдын башы ченде өсүмдүктөрдүн түбүнө жасаган жана кургак чөптөр төшөлгөн чөнөкчө сыяктуу уяларга жумуртка сала башташат. Кийинчерээк алар өздөрүнөн түшкөн жүндөрүн да төшөшөт. Бардыгы болуп 8—12, кээде 16га чейин жумуртка салышат. Июнь айында балапан чыгара башташат, кээде бул мезгилде басып жаткан жумурткаларды да таап алууга болот. Балапандар өтө тез өсүшөт, эки жумадан кийин, кичинелиги бөдөнөдөй болушса да, учууга жарап калышат.



24-сүрөт. Кыргоолдор.

Балапандар биринчи күндөрдө жалаң гана курт-кумурскалар менен тамактанышат, кийинчерээк чоң кыргоолдордун жеген тамагына өтүшүп, өсүмдүктөрдүн уруктарын, чычырканактын ашын жана башка жемиштерди, чегиртке сымалдууларды жешет.

Сентябрь-октябрь айларында балапандарын ээрчиткен кыргоолдун мекиндары топ-топ болуп чогулушат, алардын тобуна жакын жерде жүрүшкөн бостектери да кошулушат.

Жакында эле кыргоолдор Кыргызстандагы аң куштарынын ичинен саны жагынан өтө көп болгон. Алар өзөндөрдүн жайылмаларына чыккан токойлорго, бадалдарга, Чүй өрөөнүндөгү бардык камыштуу жерлерге таркаган, кээде мөмөлүү бактарга, огороддорго, ал гана эмес, Фрунзенин чет-жакаларына да учуп келе турган. Саздарды кургатуу үчүн бадалчаларды кесип жок кылууга, андан да ыгы жок эле аңчылык кыла берүүгө жана аңчылык жөнүндөгү законду бузууга ушул азырда жол берилип жаткандыгына байланыштуу, кыргоолдордун саны көп эсе кыскарып кеткен. Азыркы убакта биздеги бул өтө кооз куш өзүнүн аңчылык-чарбалык маанисин жоготуп койду.

Кыргоолдордун мурдагы запастарын калыбына келтирүү максатында, аларга аңчылык кылуу республикабыздын бардык жерлеринде тыюу салынган.

Кыргоолдун көпчүлүгү Ысык-Көлдүн түндүк жээгиндеги камыштарда жана чычырканактарда сакталып калган, башка жерлерге караганда Чүй дарыясынын жайылмаларында да көп, ал эми калган жерлерде—Чоң-Кемин, Кочкор, Нарын жана Ат-Башы, Талас дарыяларынын жайылмаларында, ошондой эле Ош областында кыргоол өтө аз жана сейрек учурайт. Мына ушуга карабастан, бул жерлерде кыргоолордун мурдакы запастарын кайрадан калыбына келтирүүнүн эч кандай кыйынчылыгы деле жок. Муну үчүн эң оболу 2—3 жылга чейин кыргоолго аңчылык кылууну токтотуу, аңчылык жөнүндөгү законду бузуучулардан аларды коруунy жакшы уюштуруу, көлмөлөрдүн боюндагы, өзөндөрдүн жайылмаларындагы чычырканактарды өрттөөгө жана кесип жок кылууга жол бербөө керек. Алардын запастарын калыбына келтиргенден кийин, аңчылык кылуу мөөнөтү катуу түрдө белгиленүүгө жана аңчылык кылуу чарбалары кыргоолдорду уулоо жагынан чектелүүгө тийиш.

Элдүү пункттарга жакын жерлерде, айдоолордун арасындагы бир аз гана территорияда кыргоолдорду ийгиликтүү өстүрүп, алардын санын көбөйтүү жагынан Токмок заказниги үлгү боло алат. Анда уулоого тыюу са-

лынган, заказник корулат, ошондуктан кыргоол өтө көп.

Кыргоолдордун санын кандайча тез көбөйтүү жана ошондой эле кандайча аларды тез арада жок кылып жиберүү мүмкүн экендигин биз күбөлөндүрө алабыз. 1954-жылы жазында Кочкор суусунун жайылмасында 50—60 кыргоол бар экендигин эсептеп чыктык. Ошол эле жылдын августуна чейин алардын саны үч жүзгө жеткен. Жергиликтүү элдин айтууларына караганда, бул жерге коңшулаш айылдардан жана шаарлардан көп мергенчилер келишкен. Ар бир аңчылык законун бузуучу күнүнө 20—30 дан кыргоол атып алып турган.

Биз келген учурда, башкача айтканда, ноябрь айында кыргоолдордун саны жаздагыдан да төмөндөп кеткен.

Мына ошентип, бизде кыргоолдордун санынын аз болушунун негизги себеби — бул баалуу куштун запасын калыбына келтирүү мүмкүндүгүнө тоскоол кылып жаткан, аңчылык законун бузуучулук болуп эсептелет.

## Улар

Кыргызстандагы тоок сымалдуу куштардын эң чоңу— улар болуп эсептелет, чоң, семиз улардын салмагы 3 килограммга чейин барат. Жалпы көрүнүшү жагынан улар кекиликке окшош болот. Анын денеси чың, башы кичирээк, куйругу кыска болот. Денесинин ар кайсы жериндеги боз түстөр ар түрдүү кубулуп турат, богогу жана мойнунун эки жагы тең кара темгилдүү болот; ошондой эле кара темгилдер жана кара тилкелер жону менен денесинин эки жагында да бар; боору жана жону ийме-чиймелүү сызыктардан турат. Жалпысынан бул куш ала-була болуп көрүнөт. Улардын мындай түстө болушу, аны аска-зоокалардын жана таштардын арасынан көп байкабай калууга мүмкүндүк берет. Корозу менен мекиянынын түс жагынан анчейин айырмасы болбойт.

Улар Кыргызстандын бардык бийик тоо кыркаларына таркалган. Ал чыныгы бийик тоолуу куш, тоонун этектерине гана эмес, төмөнкү төштөрүнө да эч качан түшүп келбейт. Жылдын көпчүлүгүн улар ак мөңгүлүү тоолорго чейинки 2,5 миң метр бийиктикте өткөрөт. Мурда ачык ландшафтуу жердин кушу болгондугуна карабастан, ал азыр аска-зоолордо, чоң-чоң тоо-таштардын арасында жашайт.

Улар жогорку зоналардан кышында кар калың түш-

көн убактарда төмөндөп түшөт, ал эми кар эрип кеткенден кийин ал жерлерге кайрадан барат. Улар өзүнүн жашап турган туруктуу жайынан тукумдай турган мезгилде гана төмөндөп түшүшөт.



25-сүрөт. Улар.

Бул учурда уларлар токойлордун жогорку зоналарына, ал эми токойсуз тоо кыркаларында болсо—тоо бадалдарынын жана арчалардын зоналарына өтүшөт; алар 1,8—2,5 миң метр бийиктеги уялоочу жерлерге жайгашышат. Бирок бул учурда да улардын токой менен эч байланышы жок болот; алар көбүнчө бадалдар жана арчалар сейрек чыккан күнөстүү, токойсуз, таштуу тоо этектеринде болушат.

Бул жерлерге уларлар март айынын акыркы күндөрүндө бирин-серин болуп келе башташат, апрелдин башы ченде алар түгөй-түгөй болуп бөлүнүшөт, жыныстык жагынан кошулушуу башталып, короздорунун ортосунда дайыма согушуулар болуп турат.

Жумуртка салуу мезгили апрелдин орто ченинде башталып, майдын ортосу ченде аяктайт, бирок жумуртка салуу мезгили кээ бир учурларда созулуп да кетет.

Мекияндары жумуртка салууну бүткөн мезгилде, балапандарды багып өстүрүүгө катышпаган короздор жана ошондой эле, эмнегедир жумуртка салбай калган же салган жумурткаларынан ажырап калган мекиядар

уялоо районун таштап, тоолордун жогорку зоналарына чыгып кетишет. Кийинчерээк, бул жерлерге балапандарын ээрчиткен мекияндар да келишет, ошентип август айларына чейин уялоо райондорунда улардын бирөө да калбайт.

Улардын уялары таштардын коңулдарында же бадалдардын арасында болот; алар уяларды тайыз чөнөкчө кылып казып, кургак чөп төшөп коюшат. Ар бир улар орточо эсеп менен 10—12 кез-кезде 15 ке чейин жумуртка салат, бирок 8 жумурткадан кем болбойт.

Алгачкы балапандарын алар апрелдин аяк ченинде чыгарышат, ал эми калгандары май айында чыгарылат, эң эле кеч чыгаргандары июнь айынын акырына чейин барат.

Улардын мекияны балдарына аябай камкордук кылат; коркунуч болгон учурда, душманын балапандары турган жерден алагды кылып алыстатып кетүүгө умтулат. Бул учурда ал өзүн сактоого да аракеттенбейт. Улардын балапандары тез өсөт; октябрга чейин алар өсүп жетилип, чоң куштарга теңелип калышат.

Улардын тамагы негизинен өсүмдүк болуп эсептелет: жайкы убактарда курт-кумурскаларды, айрыкча бийик тоолордогу чегиртке сымалдууларды жегендигин айтпаганда, анын тоюттануусунда жандуулар эч маанилүү роль ойнобойт. Алардын балапандары да өсүмдүктөр менен тоюттанышат, бул болсо калган тоок сымалдуу куштарда жок. Уларлар өсүмдүктөрдүн сабактарын, жалбырактарын кандай жесе, алардын уруктары менен тамырларын да ошондой жейт. Жазында уларлар жапайы чыккан тоо пиязынын баштарын жешет, ошону үчүн кээде алардын эти «сасык пияз» жыттанып турат.

Чоң уларлар жетилип калган балапандары менен бирдикте 15—20 дан топ-топ болуп жашайт. Алар ар дайым зоокаларда, же тоо кыркаларынын жондорунда түнөшөт. Таң заарында, ойгонгон уларлардын үндөрү угулат. Андан кийин алар жайытка чыгышат, төмөндөп отуруп, тоонун этектерине чейин келип, кайра оттоп отуруп, жогору чыгып кетишет. Күн ысыган учурда уларлар зоокаларга чыгып барып дем алышат. Кечкисин алар кайрадан тоюттанууга чыгышат. Кышкысын тоо эчкилер оттогон жерлердеги чөптөрдүн калдыктары менен тоюттанышат.

Бул куштун душмандары көп болот. Уларлар, айрыкча алардын балапандары карышкырларга, түлкүлөргө, илбирске, канаттуу куштардан — бүркүткө жем болуулары мүмкүн.

Уларлардын саны ар кайсы райондордо ар кандай.

Улар аңчылык мааниси бар баалуу куш. Анын эти абдан даамдуу келет да, жогору бааланат. Бирок бизде ага өтө аз аңчылык кылышат, аны кокусунан учураган кезде гана атып алышат. Бул болсо, аларга аңчылык кылуунун кыйынчылыгы менен түшүндүрүлөт. Уларды бийик тоого жүрүүгө машыккан жана ошол жерлердеги аңчылыктын шартын жакшы билген мергенчи гана атып же кармап ала алат. Уларларды жашырынып барып, же болбосо алар дем алып жаткан жерлерде, бугуп жатып колго түшүрүшөт. Көбүнчө уларга эки киши аңчылык кылса жакшы натыйжаларды берет. Мергенчинин бири капчыгайдын бир жак бети менен, экинчиси экинчи жакты бети менен жүрүп олтурушат. Бул учурда мергенчилер, чочутулган улардын бир беттен экинчи бетке учуп барып, этектен жогору карай жөргөлөп чыга турган адатын пайдаланышат. Улардын бир кыйласы тузак менен, кез-кезде капкан менен кармалат.

Республикада улардын бир топ запастары болгондуктан аңчылык ишин жакшы уюштурган учурда улар, Алтайдын кээ бир райондорундагыдай эле, аңчылык чарбасында белгилүү мааниге ээ болмокчу.

### Кекилик

Кекилик алыстан таштын түсү сыяктуу боп-боз болуп көрүнөт. Жакындап келсең ала-була куш экендигин көрөсүң. Жону жана боору мала кызыл болуп кубулган боз түстүү; богогу жана мойнунун алды жагы маңдайы аркылуу өткөн кара тилке менен курчалып, апакай келет. Денесинин эки жагында туурасынан кеткен күрөңкызгылтым тарткан кара тилкелер бар. Корозу мекиянынан бир аз гана айырмаланат. Мекияны түсү жагынан бир аз күңүртүрөөк келет, тээкөрү жок жана майдараак болот. Чоң корозунун салмагы —500—650 граммга, мекиянынкы — 450—550 граммга чейин барат.

Кекиликтер бардык тоо этектеринен тартып, альпы зоналарындагы зоокаларга чейин жашайт. Алар тоолордун өсүмдүктөр сейрек чыккан таштуу жана чопо-

луу беттеринен кезигет. Кекиликтер жайкысын деңиздин деңгээлинен 3000—3500 метр бийиктикке чейинки тоолордун бардыгына таралат; кышкысын төмөндөп түшүп, тоолордун кар жатпаган же кары аз беттерин ээлешет.

Күзүндө жана кышында алар топ-топ болуп жүрүшөт, мартта түгөй-түгөйү менен бөлүнүп чыгышат, апрелден тартып алардын тобу учурабайт, бул учурда мекияны жумуртка салууга даярдык көрөт. Май айынын орто ченине чейин алар жумуртка салып бүтүшөт, бирок кээде салган жумурткаларын жедирип жиберип, кайрадан жумуртка сала баштаган мекияндар да болот, андайлардын жумуртка салуусу июль айына чейин созулуп кетиши мүмкүн. Кекилик бардыгы 10—13 жумуртка салат, бирок кээ бирде 17 жумурткасы бар уя да кезигип калат. Мергенчилер ал эмес 23 жумурткалуу уя тапкандыктары жөнүндө кеп салышат. Кекиликтер чөнөкчө сымалдуу казылып, кургак чөптөр төшөлгөн уяларын көбүнчө таштын алдына же өсүмдүктөрдүн, бадалдардын түбүнө жасайт. Балапан чыгарууга корозу да катышат. Балапандарды июндун башталышында чыгара



26-сүрөт. Кекилик

башташат, ал эми кеч баскандары — июлга чейин барышат.

Балапандар жумурткадан чыгар замат эле корозу менен мекиянынын артынан ээрчип жөнөшөт. Күзүндө алар биригишип, чоң топту түзүшөт.

Кекилик бизде саны жагынан эң көп аңчылык кушу болуп эсептелет. Тилекке каршы, элдүү пункттарга жакын жерлерден алардын бир кыйласы жок кылынган

Кекиликтерди көбүнчө мылтык менен күзүндө уулашат, кээ бир мергенчилер аларды аттын кылынан жасалган тузак менен кармашат.Кыргызстандын айрым райондорунда кекиликтерди кушка алдырышат. Тилекке каршы, кекиликтерди тузак салып жазында кармоого али да жол берилип жатат ,бул болсо алардын запастарына аябай катуу зыян келтирүүдө.

Кекиликтер бир жерден экинчи жерге учуп-конууну көп каалашпайт. Жакындап келаткан адамды көрсө, тоонун боору менен жогору карай жөргөлөп чыгып кетүүгө умтулат, чоң таштын же зооканын чокусуна чыгып алып, душманын байкап олтура берет. Кекиликти тоокчо какылдаган үнүн угуп, алыстан эле таанууга болот, бирок анын үнү тооктукунан бир канча бек чыгат.

Кекиликтердин душмандары түлкүлөр, арыстар, бүркүттөр жана башка жырткычтар болуп саналат.

## Чил

Өңү жана жашоо түрү жагынан кекиликке өтө окшош келет, ал боорундагы аттын такасы сымалдуу чоң кара тактын түсү жагынан гана айырмаланат: кекиликтин боорундагы так кызгылтым-саргыч, ал эми чилдики кара болот. Кекилик Европада, Батыш Сибирде, Казакстанда жашайт, ал эми чил болсо чыгыш жакта — Чыгыш Сибирде, Монголияда, Кытайда жана ошондой эле Кыргызстанда таркалган.

Бизде чил өрөөндөр жана тоо этектери боюнча бардык жерлерге таркаган, ал жогору, тоолорго да чыгып барат. Биз, чилдерди 3000 метрге чейинки бийиктиктеги Алай тоо кыркасынан да кезиктиргенбиз. Жайкысын алар ар качан тоо этектеринде болушат, кышкысын өрөөндөргө түшүшөт.

Чилдер күзүндө топ-топ болуп жүрүшөт, Жаздын ал-

дында түгөй-түгөй болуп бөлүнүп чыгышат. Майдын акырына чейин жумуртка салып бүтүшөт, бардык болгону 15—16 жумуртка салат, кээде алардын уяларынан 20га чейин да жумуртка табылып калат. Уялары өсүмдүктөрдүн же таштын түбүнөн тайыз казылган чөнөкчө сымалдуу болот да, чөп төшөлүп коюлат. Июнда балапандарды басып чыгарышат. Көп сандаган жөбүрөгөн балапандар биринчи эле күндөн тартып короз, мекияны менен кошо тоюттанууга чыгышат.

Августтун башы ченде балапандар өсүп жетилип, чоңдоруна теңелишет. Бир түгөй короз — мекиян балапандары менен бир топту түзүшөт, кээ бирде бул топко башка дагы бир топ кошулат, ошентип чоң топ түзүлөт да, ал бир нече ондогон чилдерден турат.



27-сүрөт. Чил.

Чилдердин душманы өтө көп: аларды түлкү, ач күзөн, арыс, айрыкча жырткыч куштар жешет. Алардын көпчүлүгү кыштын ызгардуу суугунда ачкадан кырылат. Бир кышта чилдердин саны бир нече жолу азаят. Мисалы, 1954-жылы күзүндө Кочкордун чет-жакаларынан биз ар-бири 20—30 баштан турган үч топ чил бар экендигин эсептеп чыккан болчубуз. Ал эми 1955-жылы январ-

да бул үч топ чилдин жарымынан азы гана калган. Чилдер биз күзүндө көрүп кеткен жерлердеги өзөндөрдүн жайылмаларынан эч жакка чыкпагандыгы да белгилүү болду.

Чилдин эти эң сонун тамак болуп эсептелет. Аларды көбүнчө күзүндө мылтык менен атып алышат. Чил абдан пайдалуу куш, анткени ал көбүнчө отоо чөптөрдүн уругу, зыяндуу коңуз жана башка курт-кумурскалар менен тамактанат.

## Бөдөнө

Бөдөнө тоок сымалдуулардын ичинен эң кичинеси болуп эсептелет. Ал Кыргызстанда — анчейин көп эмес, талаалардан жана чөп чабындылардан, өзгөчө айдоолорго жакын жерлерден кезигет. Жайдын акырында Казакстандан жана Сибирден түштүккө учуп кетишет. Чүй өрөөнүнүн тоо этектеринде Таласта жана Ферганага жакын райондордо өтө көп топтолот. Бизде бир айга жакын гана жашайт да, сентябрда учуп кетишет. Кышында бирин-серин гана экземплярлары калат.



28-сүрөт. Бөдөнө

Жазында бөдөнөлөр апрелдин экинчи жарымынан тартып учуп келишет жана ошол учурдан баштап алардын жыныстык жагынан кошулушуу мезгили өтөт. Алар-

дын короздору «быт-былдык» деген үн салышат. Эртең менен бөдөнөлөрдүн үн салышуулары бүт талааны жаңыртат. Кошулушуу убагы июлга чейин созулат. Бул учурда мекияндары жумуртка салып жаткан болушат, ал эми кээ бирлери балапандарын чыгарып калышат.

Бөдөнөлөрдүн уялары кичинекей чөнөкчө сыяктуу болуп чөп төшөлүп коюлат, алар көбүнчө чөп чабындыларда, талааларда жана эгин аңыздарында болот. Бөдөнөлөр орточо эсеп менен 9дан 15 ке чейин жумуртка салышат. Жумурткалары күрөң тартып, чаар-ала болот. Алар балапандарды 15—17 күндөн кийин басып чыгарышат, балапандары 2—3 сааттан кийин эле энесин ээрчип кетүүгө жарайт.

Августта балапандар өсүп-жетилип, чоң бөдөнөлөргө теңелишет, ушул эле мезгилде түктүү балапандар же болбосо чегиле элек жумурткалуу уялар табылган учурлар да болот. Демек, кээ бирөөлөр айткандай, бул экинчи жолу басып чыгарылган балапандар болууга тийиш эмес, биринчи жолу салынган жумурткалар кимдир бирөө тарабынан жок кылынгандан кийин, мекиян кайрадан жумуртка салып, басып чыгарган болуш керек.

Бөдөнөлөр негизинен өсүмдүктөр менен тамактанышат: ар түрдүү жапайы дан өсүмдүктөрүнүн, айрыкча отоо чөптөрдүн уруктарын жана сабактарын, күзүндө эгиндин, өзгөчө таруунун кодура баштарын, жайында курт-кумурскаларды жейт.

Күзүндө бөдөнөнүн эти өтө даамдуу болот. Бул учурда алар көп болушат жана семиз да келишет. Кыргыз тоо кыркасынын этектеринен бир күндө мылтык жана тайган менен чыгып, 20—30 бөдөнө атып алууга болот. Бөдөнөлөрдү чөптүн үстүнө жайылган тор менен да кармашат, корозунун үнүнө окшотуп үн чакырган учурда, алар тордун алдына кирип чогулушат, аңдып жаткан адам чочутканда учабыз деп, торго чалынышат.

Ферганада айрым адамдар бөдөнөлөрдү капаста багып, сайроочу куш катарында пайдаланышат жана ошондой эле спорттук максат менен да кармап турушат.

## Кара кур

Сибирде жана СССРдын Европалык бөлүгүндө кара курлар аңчылыктын эң бир маанилүү объектиси болуп

эсептелет, ал жерлерде алар кеңири таркалган. Кара курлар республикабыздын бардык территориясында жашабайт, анын чыгыш жагында гана таркаган. Алар Тескей жана Күңгөй Ала-Тоосунда жана Нарын дарыясынан жогору тоолордо көп болушат. Мурда Кыргыз тоо кыркасында да жашашкан, азыр анда алар такыр жок болуп кеткен.

Кара кур чындыгында түздүктөгү токойлордо жашоочу куш болуп эсептелет, бирок биздеги шарттарда алар тоолуу жерлерде, карагайлуу токойлордо жана арчаларда жашайт.

Биздеги кара курлардын биологиясы, айрыкча алардын кышкы тамактануусу жетишсиз изилденген. Сибирде кара кур кыш бою жалаң гана кайыңдан бүрлөрү менен тамактанат. Биздин жерде ансыз эле кайың өтө аз болот, ал эми кара курлар жашаган жерлерде кайың таптакыр жоголгон. Биздеги кара курлар кышында негизинен карагайдын бүрлөрү жана арчанын ашы менен тамактанышат көрүнөт. Муну күзүндө кармалган бир аз кара курлардын жемсөөсүнөн чыккан нерселер далилдейт. Жайкысын кара курлардын негизги тамагы ар түрдүү чөптөрдүн уруктары, жалбырактары, жемиштер жана көп сандаган курт-кумурскалар болуп саналат.

Жыныстык жагынан кошулушуу мезгили марттын акырында жана апрелде башталары белгилүү. Корոздор жыныстык жагынан кошулушуучу жерге таң ата электе эле учуп келе башташат. Кээ бир жерлерде 20—30 га чейин караалжын тарткан кооз короздор чогулушат. Жазга алардын кыпкызыл болгон каштары чоңоюп кетет. Веер сыяктуу куйруктарын түшүрүп, апапакай болгон кыска куйруктарын кубултуп, алар кандайдыр бир өзүнчө «чуф-чуф» деген үн салышып, бир жерде айлана беришет жа-



29-сүрөт. Кара кур

на үй короздоруна окшоп бири-бирине кол салышып, тебише кетишет. Май айында кошулушуу аяктап, короздор түлөш үчүн калың бадалдардын арасына кирип кетишет, короздордун айрымдары гана июнь айына чейин бирин-серин кошулуша беришет.

Бозомук-кызгылтым-саргыч келген мекияндар жыныстык жактан кошулушуу мезгилинде жакын жерде болушуп, короздор менен катышышат. Алар күнүнө бирден гана жумуртка салышат, уяда бардыгы болуп төрттөн онго чейин, кез-кезде 12 ге чейин жумуртка болот. Уяларды калың чөптүн арасына, же өсүмдүктүн түбүнө жасашат, алар чөнөкчө сымалдуу болуп, эч кандай чөп төшөлбөйт. Чыгарылгандан эки жумадан кийин балапандары учууга жарап калышат, сентябрда алар өсүп жетилип, чоңдоруна теңелип калышат. Кышкысын кара курлар топ-топ болуп жашайт.

Кара курларды уулоого мергенчилер өтө кызыгышат, бирок аны атып же кармап алуу абдан кыйын болот. Алар сейрек учурайт, көбүнчө тоолуу жерлерде жашайт. Кара курга атайылап ууга чыгышпайт, айрым мергенчилер аларды жыныстык кошулушуу мезгилинде гана атып алышат.

## Сууда сүзүүчү куштар

Сууда сүзүүчү куштарга каз сымалдуулар—аккуулар, жапайы каздар жана өрдөктөр кирет. Кыргызстанда бул отряддын 20дан ашуун түрү жашайт. Бул куштардын көпчүлүгү биздин көлмөлөрдө уялашат, башкалары кышында, жазында жана күзүндө кезигишет.

Сууда сүзүүчү куштар аңчылыкты сүйүүчүлөр үчүн спорттун эң сонун түрү болуп эсептелет.


### Аккуу

Адам кызыга турган бул чоң куш бизде уялабайт. Бирок аккуулардын шипун жана кликун аттуу эки түрү Ысык-Көлдө кыштайт. Шипун кликундан мойнунун ийрилиги жана кызыл-кара түстөгү тумшугу менен айырмаланат, кликун сүзгөн мезгилде мойнун түз кармап жүрөт, анын тумшугу кара жана саргыч түстө болот. салмагы 13 килограммга чейин барат.

Айрым жылдары кышында көлдөн миңдеген аккууларды көрүүгө болот. Алар топ-топ болуп жашайт. Күндүзү ар качан жээктен алыс жүрүшөт, түнкүсүн тайыз жерлерге сүзүп келишип, суу өсүмдүктөрү менен тоюттанышат. Бул учурда алардын негизги тамагы балыр сыяктуу өсүмдүктөр болуп эсептелет.

Аккуулар Ысык-Көлгө октябрь айында келишет, ал эми февралдын экинчи жарымынан тартып өздөрүнүн родинасына учуп кетишет.

Шипундун негизги уялоочу жери түндүк Казакстан, кликундукту — Сибирь болуп саналат. Аккуулар уялоо үчүн эрте жазда учуп келишет, бул учурда муз көлдүн жээктеринде гана эрий баштайт. Алар келер замат эле, түгөй-түгөй болуп бөлүнүп чыгышат. Аккуунун ургаачысы калың камыштын арасында диаметри 3 метрге чейин жеткен уя жасап, 4—5, кээде 6—9га чейин чоң-чоң ак жумуртка салат. Эркеги уядан көп алыстабайт, акы-



30-сүрөт. Аккуу

рында ал балапандарын өстүрүп чоңойтууга катышат. Аккуунун эркеги менен ургаачысы кошулган түгөй түбөлүккө ажырашпайт деп айтышат. Эгерде эркеги же ургаачысы мергенчилер тарабынан атып өлтүрүлгөн болсо, аман калганы көп убакытка чейин убайым тартып, анын өлгөн жерине учуп келип турат, бирок акырында башка түгөй таап алат.

Жумуртка баскандан 35—40 күн өткөндөн кийин түгү бар балапандарды чыгарышат. Күзгө чейин алардын канат-куйруктары өсүп, учууга жарап калышат. Балапандардын жүнү адегенде көгүлтүр-боз түстө болуп, үчүнчү жылы гана апапакай жүнгө айланат. Ысык-Көлдөн көп учурда боз түстөгү аккууларды көрүүгө болот, алар бир жана эки жаштагы балапандар болууга тийиш.

Аккуунун эти жегиликтүү келет, бирок башка куштардын этине салыштырганда катуу жана даамы жогураак болот. Аккуунун териси жогору бааланат. Иштеткен учурда, канат, куйруктары кыркылып салынып, калың ак тыбыты гана калтырылат. Бул куштун териси көркөмдүү, жеңил жана жылуу келип, көп айбандардын терисинен бышык болот жана мех кийимдерин тигүүгө пайдаланылат.

Бул өтө кооз жана сейрек учураган куштту сактап калуу үчүн Советтер Союзунун бардык жерлеринде аларды уулоого тыюу салынган. Ошондой эле Кыргызстанда да аларды уулоого уруксат кылынбайт, бирок Ысык-Көлдө аңчылык законун бузуучулар жыл сайын бир нече ондогон аккууларды атып алып жатышат.

Ысык-Көл тоңбойт, ошондуктан ал аккуулар үчүн гана эмес, каздар, өрдөктөр жана башка сууда сүзүүчү көп куштар үчүн кыштай турган ылайыктуу жай болуп эсептелет. Ар түрдүү себептерден көбүнчө ачкадан жана кышкысын айбандардан тышкары, көп сандаган куштар кырыла тургандыгы белгилүү. Кыш жапайы айбанаттардын жана куштардын турмушундагы эң кыйын жана коркунучтуу мезгил болуп саналат. Ошондуктан куштарды, айрыкча аккууну кышында өзгөчө сактоонун мааниси зор.

## Каз

Кыргызстанда каздардын эки түрү бар. Боз каз жана тоо казы, жазында Чүй дарыясынан жана кышында

Ысык-Көлдөн түндүктө жана тундрада уялган ак маңдай казды көрүүгө болот.

Боз каз — үй казынын көп тукумунун негиз салуучусу болуп эсептелет, ал Европада жана Азияда кеңири таркалган, бир кездерде Чүй дарыясында жана Ысык-Көлдө уялап кыштай турган. Чүйдө ал жок болуп кеткен (учуп өтүү убагында гана токтолот), Ысык-Көлдө болсо азыр да кыштайт. Алар Сон-Көлдө жана Чатыр көлдө да бир аз сакталып калышкан.

Бул каздар уяларды көлдүн жээгиндеги өлөң чөптөрдүн арасына, же тоо казы менен бирдикте аралчаларда жасашат. Ургаачысы болжолу май айынын башы ченде 4—5, кез-кезде андан да көп жумуртка салат. Ургаачы каз басып жаткан учурда, эркеги андан көп алыс кетпейт. Балапандар чоңоюп, учууга жараган кезде алардын бүт тукуму биригип топ түзүшөт жана келерки жазга чейин чогуу болушат.

Каздар суу кушу болгондугуна карабастан, көбүнчө жээктерден тоюттанышат, анда өлөң чөбүн жана башка дан чөптөрүн таап жешет. Эртең менен алар балапандарын жээкке тоюттандырууга алып чыгышат. Жээктеги чөптөрдөн тышкары, каздар ошондой эле суу өсүмдүктөрү менен да тоюттанышат. Ысык-Көлдө кыштаган каздардын тобу кар жатпаган талааларга учуп келишип, эгин машактарын таап жешет.

Боз каздын саны өтө аз болгондуктан, Кыргызстанда аларды уулоо иши жакшы өнүкпөгөн, аларды кокусунан кезиккен учурда гана мылтык менен атып алышат.

## Тоо казы (маңка каз)

Борбордук Азиянын тоо көлмөлөрүндө жашоочу куш болуп эсептелет. Бизде маңка каз (тоо казы) бийик тоолуу Соң-Көлдө жана Чатыр-Көлдө уялайт. Бул көлдөрдөн тышкары, ал Памирде жана Алтайда жашайт.

Маңка каз боз каздан өзүнүн сырткы түсү менен айырмаланат. Ал ачыгыраак келет, башы менен мойну кара жана күрөң тилкелүү келип ак болот. Үнү башка каздардыкына караганда, мундуураак угулат.

Сейрек учураган бул каздын биологиясы аз белгилүү. Ал Индияда кыштайт, бизге апрелдин акырында учуп келет. Майдын биринчи жарымында маңка каздын ургаачысы 4—5, кээде 8 ге чейин жумуртка салат. Уясын

анчейин бийик болбогон жээктерге жана көлдөрдүн аралчаларына жасайт. Адабиятта алардын зоокаларда жана жыгачтарда уялоосу жөнүндө да айтылат.



31-сүрөт. Тоо казы

Мацка каздар ар качан топ-топ болуп жашайт, алардын уялары бири-биринен 5—6 метр аралыкта болот. Аянты 30—50 метр келген аралчада 20 га чейин уя болот.

Алар балапандарын июнь айында басып чыгарышат, кээде балапандарды басып чыгаруу июлдун акырына чейин созулуп кетет. Бул биринчи жолу салынган жумурткалар кандайдыр бир себеп менен жок болуп кеткенден кийинки, экинчи басылыш болуп эсептелет.

Мацка каздар башка каздар сыяктуу эле, көбүнчө кургакта өскөн чөптөр менен тамактанышат, ал эми сууда чыгуучу өсүмдүктөр менен аз тоюттанышат. Соң-Көлдүн шартында көбүнчө өлөң жана типчак чөптөрү менен тоюттанышат.

Күзүндө каздар топ-топ болуп чогулушат. Күндүзү

алар сууда, же жээкте дем алышат. Кечкисин жайыттарга жана талаага тамактануу үчүн учуп чыгышат.

Маңка каздардын саны азыркы учурда анчалык көп эмес, ар бир көлдө 200—300 дөн ашпайт, ошондуктан алардын аңчылык мааниси анчейин эмес. Бирок бул куштардын өтө аз болгондугун эске алып, аларды катуу коруу керек. Мүмкүн бир учурда айрыкча бийик тоолуу райондордо маңка каз үй каздарынын тукумун жакшыртууда белгилүү бир мааниге ээ болор. Анткени, алардын балапан кезинде колго оңой үйүр болгондугун биз жергиликтүү элден көп көрөбүз.

## Өрдөк

Ар бир мергенчи үчүн өрдөктү уулоо өтө кызыктуу жана жөнөкөй болот. Бизде өрдөктөрдүн төмөнкүдөй түрлөрү жашайт:


**Аңыр**. Бул өрдөктү көбүнчө атайка же кызыл өрдөк деп аташат. Эркеги ачык кызгылтым-саргыч түстө болот, жазгысын кара каргылуу келет, жайында ал жок болуп кетет, ургаачысынын түсү ачыгыраак келип, дайыма каргысыз болот. Буттары, тумшугу, куйругу жана канаттарынын учтары кара келет.

Аңыр чөлдөрдөгү жана талаалардагы көлмөлөрдө кеңири таркаган. Кыргызстанда ал дайыма Ысык-Көлдө, Соң-Көлдө, Чатыр-Көлдө жана башка тоо көлдөрүндө болот. Аны көбүнчө бийик тоолуу көлдөрдөн, деңиз деңгээлинен 4000 метрге чейинки, башка бир да өрдөк жашабаган бийиктиктен кезиктирүүгө болот.

Аңырлардын көпчүлүгү кышкысын учуп кетишет, бирок бирин-сериндери кыштап да калышат. Ноябрдын акырында Ысык-Көлдөн отуз чактыдан жүргөн алардын тобун көрүп калууга болот.

Аңырлар түгөйү менен жашайт. Ургаачысы жумуртка басып жаткан учурда эркеги уядан көп алыс кетпейт, кээде жумуртка басууга да катышат, кийинчерээк балапандарды өстүрүп чоңойтууда жардам берет.

Аңыр ар түрдүү жерлерге, көбүнчө суудан алыскы зооканын же чоң таштын түбүнө, чополуу жарларга, суурлардын ийиндерине, ураган эски тамдардын ичине, сарайларга жана ал гана эмес, үйдүн чатырларына уялайт. Эгерде жыгачтын оюгун тапса, анда да уялашы мүмкүн.



32-сүрөт. Аңыр

Ургаачы аңыр май айынын ичинде 8—12 апапакай жумуртка салып аны бир ай чамасында басат.

Бардык жапайы өрдөктөр балапандарын бир гана күндө чегип чыгарат: Анткени алар жумуртка салып бүткөндөн кийин гана басууга киришет. Балапандарын чыгарып бүтөөр замат эле аларды сууну көздөй ээрчитип жөнөшөт.

Балапандары абдан шамдагай келишет, тез жүгүрүшөт жана сууда жакшы сүзөт. Эгерде уя бийик жерге салынган болсо, анда балапандар жерге өздөрү секирип түшөт, түктүү жана жеңил болгондуктан алар эч зыян болушпайт.

Августта балапандар учуп калышат,бүт тукуму бириги бир топту түзөт, жазында түгөй-түгөйгө бөлүнүшөт.

Аңыр, каздар сымалдуу эле, жээкте жана сазда чыгуучу чөптөрдүн жаш бүрлөрү, жалбырактары жана сабактары менен тоюттанат, ошондой эле сууда жашоочу омурткасыздарды (майда моллюскаларды, майда суу чаяндарын жана башкаларды), жээктерден чегирткелер-

ди кармап жейт. Жайкысын эгин талааларына учуп барып, таруунун жана буудайдын даны менен тамактанышат.

Аҥыр—чоҥ өрдөк, салмагы 1200дөн 1500 граммга чейин барат. Анын эти абдан жегиликтүү келет. Кээ бир мергенчилер аҥырдын балапандарын кармап алып, өздөрүнүн үй куштары менен бирге багышат, алар абдан тез көнүшөт.

**Кайырма** (ургаачысы — Соно) — өтө белгилүү жана кеҥири таркалган өрдөктөрдөн болуп эсептелет. Үй өрдөктөрүнүн көп тукумдары жапайы кайырма өрдөгүнөн таркаган.

Бизде кайырма өрөөндөрдөгү жана бийик тоолордогу бардык көлмөлөрдөн кезигет. Алардын уялары деҥиз деҥгээлинен 4000 метрден ашуун бийиктиктеги Сон-Көлдөн жана Алай өрөөнүнөн табылган. Көп сандаган кайырма кышкысын Ысык-Көлдө жана Чүй өрөөнүндө калышат, алар тоҥбогон майда саздарда да кышташат. Кышында кайырма Ысык-Көлдөн Кочкор өрөөнүнө жана көлгө жакын, тоҥбогон өзөндөргө учуп келет. Алар түнкүсүн ушул жерлерде тоюттанышып, күндүзү чоҥ көлгө учуп барышат.

Мурда кайырма, бир катар башка өрдөктөр сыяктуу эле, бир нече соно менен жалгашат деп эсептешчү. Бирок кийинки байкоолор аны далилдебегендиги белгилүү болду. Кайырмалардын күзгү жана кышкы топтору жазында түгөй-түгөй болуп бөлүнүшөт. Кайырма башка солор менен жакындашууга аракеттенет, бирок уясынан көп алыстабайт, өзүнүн соносу уядан чыккан ар бир учурда милдеттүү түрдө анын жанына учуп барбай койбойт. Бирок, бул көпкө созулбайт. Сонолор балапандарын басып чыгара электе эле, кайырмалар жана жумуртка баспаган сонолор чоҥ топко биригишип, түлөш үчүн уялаган жеринен жүздөгөн километр алыска учуп кетишет. Ошентип, балапандарын өстүрүп-чоҥойтууга кайырмалар катышпайт. Кайырмалар түлөп бүтүп, уялаган жерине кайта келгенден кийин өздөрүнүн түгөйлөрүн таап алышат деп болжолдошот. Айлана-чөйрөнү ориентациялоо жагынан куштардын аябай жөндөмдүү келе тургандыгына караганда, бул болжолдордун чындык жагы да болууга тийиш.

Кайырмалар уяларын суудан алыс, кургак жерлерге,



33-сүрөт. Кайырма

саздардын арасындагы өңгүл-дөңгүлдөргө жасайт, жыгачтын бутактарындагы каргалардын жана башка чоң куштардын уяларын пайдаланышат. Уя кургак чөптөн жасалып, жумшак чөп төшөлөт, кийин жумуртка баскан учурда ага сононун түшкөн жүндөрү да кошулат. Уясынан бир жакка учуп кетээрде, башка өрдөктөр сыяктуу эле, уяларын өздөрүнөн түшкөн жүндөр менен жаап кетишет, мына ошентип алар жумурткаларын жырткыч куштардан жана каргалардан сактап калышат. Соно орточо эсеп менен 7—9, кээде 13 кө чейин жумуртка салат. Жумуртка салуу мезгили апрелдин аягында майдын башы ченде аяктайт. Балапандарды 26 күн болот дегенде басып чыгарышат, балапандары шамдагай келишип, тез чуркоого жана сууда сүзүүгө абдан жөндөмдүү болушат. Алар биринчи күндөрдө жаныбарлар менен тамактанышат, сууда жашоочу омурткасыздарды, курт-кумурскалардын личинкаларын, майда суу чаяндарын, моллюска-

ларды, коңуздарды жана башкаларды жешет. Кийинчерээк, чоң өрдөктөр жеген тамактарга өтүшөт. Алардын тоют рационуна ар түрдүү суу өсүмдүктөрү жана алардын уруктары кошулат. Күзүндө өрдөктөр эгин талааларына учуп чыгышат.

Кайырмалардын түлөшү кандайча өтөт?

Сонолор жумуртка басып жаткан учурда эле, кайырмалар топ-топ болуп чогулушат да, түлөй турган жерлерге учуп кетишет. Алар көбүнчө чоң-чоң көлмөлөргө, суу өсүмдүктөрү бар көлдөргө барып түлөшөт. Бул жерде кайырмаларга балапандары жок сонолор жана өрдөктөрдүн башка түрлөрү да кошулушат. Мисалы, Казакстанда жана Батыш Сибирде өрдөктөрдүн он миңдеген ар түрдүү тукумдары түлөөгө чогулуучу көлдөр бар. Бизде өрдөктөр Сон-Көлдө, Чатыр-Көлдө жана Алай өрөөнүндөгү майда көлдөрдө массалык түрдө түлөшөт.

Өрдөктөр менен каздардын түлөшүндөгү бөтөнчөлүк эмнеде дегенде, канаттарынын талдарынын бирөө да калбай түшүп, алар учуу жөндөмдүүлүгүн жоготуп коюшат. Бул учурда өрдөктөр жырткычтар үчүн оңой эле жем болуп калуулары мүмкүн. Мына ошондуктан, бул мезгилде алар суу өсүмдүктөрү бар көлдөргө топтолушат, мында тоют менен камсыз болушат жана душмандарынан жашырынууга да мүмкүнчүлүк алышат.

Канаттарынын түлөө мезгили июндун башы ченде башталып, чалгын канаттары чыкканга чейин бир айга жакын созулат.

Аңчылыкта өрдөктөрдүн ичинен кайырма алдыңкы орундардын бирин ээлейт.

**Чүрөк-ышкырчаак** — бизде жашаган өрдөктөрдүн эң майдасы.

Чүрөк негизинен Европа менен Азиянын түндүк жактагы суук жана мээлүүн зонасынын бардык жерлеринде уялайт. Казакстанда жана Кыргызстанда ал сейрек учурайт. Европанын түштүгүндө, Түндүк Африкада жана Азиянын түштүгүндө — Индияда, Индокытайда жана Кытайда кыштайт. Түндүк Американын көп жерлеринен да учуп өтөт.

Кыргызстандан чүрөктөрдү көбүнчө учуп өткөн мезгилде, башкача айтканда, жазында кыштаган жеринен уялаган жерине, күзүндө уялаган жеринен кыштай тур-

ган жерине учуп өткөн убакта кезиктиребиз. Жазында алар февралдын акырында келип марттын акырына чейин болушат, апрелде уялаган жерлерине кайтышат, бизде бир аз бөлүгү гана калат.

Чүрөктөр өздөрүнүн уяларын суудан алыс эмес, узун чыккан отоо чөптөрдүн түбүнө же саздын арасындагы өңгүл-дөңгүл жерге жасашат. Уясы тайыз казылган чөнөкчө сыяктуу болуп, кургак чөп төшөлүп коюлат. Жумуртка баскан мезгилде чүрөктүн ургаачысы, бардык өрдөктөр жана каздар сыяктуу эле, өзүнөн түшкөн жүнү менен уясын жумшактайт. Бул төшөлгөн жүндөр жумурткаларга суук тийгизбейт, жылуулукту сактап турат. Уядан бир жакка кетерде ал жумурткаларын жүнү менен жаап коёт.



34-сүрөт. Чүрөк-ышкырчаак

Бардыгы 8—10, кээде андан да көп жумуртка салат. Майдын акырында жана июнда балапандарын чыгарышат, балапандар чыгаар замат эле өз алдынча тамак таап жешке жарап калышат. Чүрөк балапандарын тамактаныш үчүн сууга эрчитип барып турат, ал эми жаан жааган учурда жана дем алуу убагында аларды жээкке алып чыгып, бооруна басып денеси менен жылытат. Суу болгон балапан жылытпаса тез өлүп калат.

Чүрөктөр суунун тайыз жерлерине келип, чумкуп тамак таап жешет. Чүрөктөр жана алардын балапандары негизинен сууда жашоочу омурткасыз ар түрдүү жаныбарлар, суу өсүмдүктөрүнүн уруктары, жалбырактары жана сабактары менен тоюттанышат.

Күзүндө, сентябрь айынан тартып, жергиликтүү өрдөктөргө кышташ үчүн түндүктөн учуп өткөн куштар кошулушат. Өлөң чөп жана башка суу өсүмдүктөрү көп чыккан кээ бир тайыз көлмөлөргө жана көлдөргө кечкисин көп сандаган чүрөктөр учуп келип топтолушат. Өрдөктөр күзүндө болсун, же жазында болсун бул көлмөлөрдүн жээктерине чыккан чөптөрдүн уруктарын да койбой жешет.

Октябрдын акырында чүрөктөр кышташ үчүн түштүккө учуп кетишет. Кышында Чүй жана Кочкор дарыяларынын өрөөндөрүнөн бирин-серин чүрөктөр кезигет.

**Чүрөк-чыртылдак** — ышкырчаак чүрөккө караганда, саал чоңураак болот. Бул чүрөктүн эркеги чыртылдаган үн салат, ошондуктан аны чыртылдак чүрөк деп аташат.


Көбүнчө токойлуу зонада уялаган чүрөк-ышкырчаакка караганда, бул өрдөктүн уяларынын көпчүлүгү негизинен Европа менен Сибирдин талаалуу жана токойлуу бөлүгүндө болот, ал эми Казакстанда болсо, чөлдөгү көлмөлөрдө да (Балхаш, Или, Чүй) уялашат. Кыргызстанда алар сейрек уялашат, жалгыз гана Чүй өрөөнүнөн кезигет. Чыртылдак чүрөктөр түштүк жактарга,— Африкага жана Кытайга чейин учуп барышат жана чүрөк-ышкырчаактар кыштаган жерлерде кышташат.

Жазында, учуп өтүү мезгилинде бул өрдөктөр Ысык-Көл жана Чүй өрөөндөрүндө башка өрдөктөргө караганда көп болот. Чыртылдак чүрөктөр башка өрдөктөрдөн кечирээк, марттын акырында жана апрелде топ-топ болуп учуп келишет. Алардын топтору белгилүү бир убакытка чейин көлдөрдүн, көлмөлөрдүн, өзөндөрдүн жээктерине, өзгөчө эрий баштаган жазгы суулардын жайылмаларына токтолушат.

Бул жерлерде алар тайыз көлмөлөрдөн майда жаныбарларды алып жешет. Алардын негизги тамагы моллюскалар, ар түрдүү суу жандыктары, суудагы жана жээктердеги өсүмдүктөрдүн уруктары, жалбырактары жана сабактары болуп эсептелет.

Бул учур чүрөк-чыртылдакка аңчылык кылуунун эң ыңгайлуу мезгили болуп саналат.

**Кыл куйрук**. Бул өрдөктүн мындай аталышынын себеби, анын куйругу шибегедей болуп узун келет. Жазында жыныстык жагынан кошулушуу мезгилинде эркеги өтө көрктүү жана кооз болот: башы жана мойнунун үстү жагы кара-күрөң тартып, эки жагы жашылданып кубулуп турат, мойнунун калган бөлүгү жана боору ак, жону жана эки жаны бозомук болот. Ургаачысынын түсү жөнөкөй, бозомук-күрөң келет. Күзүндө эркегинин түсү башка өрдөктөрдүкү сыяктуу эле, ургаачысынан айырмасы жок болуп калат.



35-сүрөт. Кыл куйрук

Кыл куйруктун негизги уялоочу жерлери — Европанын, Азиянын, жана Түндүк Американын түндүк жана мээлүүн бөлүктөрү болуп эсептелет, алар бул материктердин түштүгүндө кышташат. Бизде кыл куйрук сейрек уялайт, бирок жазында учуп өтүү мезгилинде Чүй өрөөнүндө көп болот, жазында Ысык-Көлгө да миңдеген кыл куйруктар топтолот. Бул жерлерден өтө эрте, фев-

ралдын акырында жана мартта учуп өтүшөт. Күзүндө алар сейрек учурайт.

Бул өрдөктү көбүнчө эрте жазда уулашат.

Аңчылык анчалык мааниси жок өрдөктөрдүн ичинен: жазы тумшук, свиязь аттуу жана боз өрдөктөр кезигет.

Жазы тумшук жана боз өрдөк бизде сейрек уялайт, ал эми свиязь болсо такыр уялабайт, ошого карабастан жайында түлөп жаткан мезгилде бул өрдөктү Чатыр-Көлдөн көп атып алышат. Алар жазында жана күзүндө учуп өтүү мезгилинде да анчалык көп болбойт.

Бул өрдөктөр Кыргызстандын түндүк жана батыш жактарындагы мейкин талааларда уялашат, тоолуу көлмөлөргө барышпайт. Алар чүрөктөр кыштай турган жерлерде кышташат. Жогоруда айтылган өрдөктөрдүн баардыгы (аңырдан башкасы) кадимки эле агын суудагы өрдөктөргө таандык болушат, калган, биздеги өрдөктөр нырок (балыкчы өрдөк) аттууларга кирет. Эгерде бул өрдөктөрдүн биринчи тобу, жээктен алыс кургактыкта уялап, тайыз көлдөрдө, агын сууларда, саздарда жана жазгы суулардын жайылмаларында жашай турган болсо, нырок аттуу өрдөктөр ар качан терең көлмөлөргө барып алышып, уяларын сууга өтө жакын салышат· Нырок аттууларга төмөнкү өрдөктөр кирет.

**Кызыл Баш.** Бул өрдөктүн эркеги жыныстык жагынан кошулуу мезгилинде өтө көркөмдүү келип, ала-була түстө болот: башы кызгылт-сары, көкүрөгү, боору жана куйрук жагы кара, жону саргыч, эки капталы ак, тумшугу жана буттары кызыл келет; ургаачысынын түсү өтө жөнөкөй, бозомук-күрөң келип, тумшугу каралжын болот. Жайында, түлөп бүткөндөн кийин эркегинин түсү ургаачысыныкына окшош болуп калат.

Кызыл баш чөлдө жашоочу өрдөк. Ал негизинен Орто Азиянын чөлдөрүндө (Казакстанды кошкондо) жана Монголияда уялайт. Бизде алар сейрек учурайт, кез-кезде Чүй өрөөнүнөн кезиктирүүгө болот. Кызыл баш Европанын түштүгүндө, Аравияда, Индияда, Каспий дециизинин түштүк жээктеринде, Сыр-Дарыянын баш жагында жана Ысык-Көлдө кыштайт.

Октябрь айынын акырында жана ноябрда миңдеген кызыл баштарды көрүүгө болот. Алардын топтору кыш бою көлдүн жазы жерлеринде болушуп, катуу шамалдын учурунда жана тамактануу убагында гана жээкке

сүзүп келишет. Кышында алар жалаң гана 4 метрге чейинки терендиктеги балыр чөптөр менен тоюттанышат.

Февралдын акырында жана мартта кызыл баштар көнүгүү иретинде көлдүн үстүнөн бир нече ирет айланып, кайра сууга конушат. Мындай көрүнүштөрдү аккуулардан да байкоого болот.

Март айында өрдөктөр уяларына учуп кетишет. Жолдо учуп бараткан кезде эле, алар түгөй-түгөй болуп бөлүнүшөт. Ургаачысы жээктеги камыштын арасына уя жасап, 6—10 жумуртка салат. Эркектери болсо, бул учурда топ-топ болуп алышып түлөгөнү учуп кетишет. Өрдөктөр уяларын чөптөрдөн жасап, өздөрүнөн түшкөн жүнүн төшөп коюшат. Ал эми бир жакка учарда ошол эле жүн менен жумурткаларын жаап кетишет.

Жайында кызыл баштар суудагы өсүмдүктөрдүн көгү менен тамактанышат. Кеч күздө жакшы семирген кызыл баштын салмагы 1200—1500 граммга чейин барат.

**Кызыл тумшук.** Адабиятта кызыл тумшуктун Кыргызстандын айланасында уялай тургандыгы жөнүндө эч айтылбайт, бирок ошого карабастан, анын уясын биз Соң-Көлдөн таптык. Бизде июндун акырында алардын уясынан жаңы гана салган жумурткалар табылса, алардын негизги уялоочу жери болгон Батыш Сибирде жана Түндүк Казакстанда балапандарын чыгарып калган мезгил болот. Ушул эле сыяктуу, Соң-Көлдө жашаган чулдуктардын, торгойлордун жана башка канаттуулардын Чүй өрөөнүндө жашаган куштарга караганда үч-төрт жума кечигип тукумдай турганын да байкадык. Соң-Көлдүн катуу суугу, алардын кеч тукумдашына себеп болот.

Жазында учуп өтүү мезгилинде кызыл тумшуктар Ысык-Көлдө жана Чүй өрөөнүндө көп учурайт. Алардын бир азы Ысык-Көлдө кыштап калышат.

**Ак көз өрдөк** — жогорудагы өрдөктөргө караганда майдараак келет, анын жеткен салмагы 600 граммдан ашпайт. Эркегинин көзүнүн тегереги ак, ургаачысыныкы кызгылтым күрөң болот.

Жазында, учуп өтүү мезгилинде бул өрдөк, чүрөкчыртылдакты айтпаганда, биздеги башка өрдөктөрдөн көптүк кылат. Алар эрте учуп өтүшөт. Февралдын акырынан тартып эле биринчи топтору келе баштайт. Аларды камыштуу терең көлдөрдөн жана Чүй суусунун

өрөөндөрүнөн марттын акырына дейре кезиктирүүгө болот, кээ бирлери мында уялап калышат. Күзүндө, кыштаган жерлерине кете баштаган ак көздөрдү сентябрдан тартып ноябрдын башына чейин учуратабыз. Алардын бир аз бөлүгү Ысык-Көлдө кыштап калышат.

Бизде уялабаган, учуп өткөн өрдөктөргө: үрпөк баш, койкоң жана луток аттуу өрдөктөр кирет. Бул өрдөктөр аз санда учуп өтүшөт. Жалгыз гана үрпөк баштар өз алдынча, анчейин чоң эмес топ түзүшөт, койкоң жана луток аттуу өрдөктөр башка өрдөктөр менен биригип, же бирден-экиден болуп учуп өтүшөт.

Бизде арам өрдөктөр да анчейин көп болбойт. Алардын бирин-серин учурагандары тоо сууларынын жээктеринде уялашат, бир азы Ысык-Көлдө кыштап калат.

Кыргызстанда сууда сүзүүчү куштарды көбүнчө мылтык менен уулашат. Жазында жана күзүндө, куштардын учуп өткөн мезгилинде мергенчи камыштардын жана узун чыккан отоо чөптөрдүн арасына, же болбосо суудан көп алыс эмес жерде чөптөн калканчы жасап алып бугуп жатат. Мергенчилер, ар качан куштар тамактанууга, же дем алууга келип коно турган жерлерди тандашат. Көлдүн орто ченине барыш үчүн, алар кайыктарды пайдаланышат. Ал эми өтө кызыккандар кайыктын ордуна автомашинанын жел толтурулган камерасын колдонушат.

Өрдөктөрдү көп атып алыш үчүн жыгачтан, резинадан жасалган өрдөк сымал кеп, же болбосо өрдөктүн терисинен жасалган кеп мергенчи жаткан жерден 15—20 метр аралыкта сууга сайылып коюлат. Шамал же суунун агымы айдап кетпесин үчүн аларга таш байлап коюшат.

Тамактаныш үчүн талаага учуп келишкен өрдөктөр менен каздарды сейрек уулашат. Бул учурда да мергенчи аларды өңүп жатып атат. Каз өтө сак куш экендигин белгилеп кетүү керек. Андыктан, алар жакын учуп келиши үчүн жакшы жашынуу керек.

Тоок сымалдуу куштар жана сууда сүзүүчү канаттуулар аңчылыкта чоң мааниге ээ. Жогоруда айтылгандардан башка канаттууларга: тоодак, безбелдек, турна, каркыра, көгүчкөн, чулдук жана башка ушул сыяктуулар кирет. Алардын кээ бирлерин алып көрөлү:

Тоодак — уулоочу куштардын ичинен эң эле чоңу болуп эсептелет. Анын орточо салмагы 5—7 кг., кээ бир

эркектеринин салмагы 16 кг. га чейин барат, ал эми адабиятта салмагы 21 кг. га чейин жеткен тоодактар жөнүндө да айтылат.

Мурда тоодак Ысык-Көл өрөөнүндө уялай турган, азыркы убакта Ош областындагы чөлдүү жерлерде сакталып калган. Учуп өтүү мезгилинде, көбүнчө күзүндө



36-сүрөт. Тоодак.

аларды Чүй өрөөнүнөн, айрыкча Чалдывардын төмөнүрөөк жагындагы түздүктөн көрүүгө болот. Алар бул жерде октябрь айында үч жумача болуп, андан кийин түштүк жакка учуп кетишет.

Чүй өрөөнүндөгү мергенчилер кышында тоодак уулоо үчүн Чу-Илий тоолоруна чыгышат, анткени бул жерлерде кыштап калган тоодактар бир топ болот. Тоодак өтө сак куш. Ачык жерлерде тоюттанып же дем алып жаткан тоодактардын тобуна өңүп баруу абдан кыйын болот. Машинага же арабага түшкөн мергенчилер тоодактын тобуна 200—300 метрче калганда, аларды айланып өтүп,

биринин артынан бири секирип түшүп өңүп калышат. Ошентип, бири-биринен белгилүү бир аралыкта олтурушкан мергенчилердин кыркасы түзүлөт. Шофер же арабакеч тоодактардын арт жагынан айланып өтүп, аларды мергенчилерди көздөй айдакташат. Тоодак жерден көтөрүлө берерде окко жаңылат.

Тоодактар мурда чочуп калбаган болсо, машина же ат менен атып алгандай аралыкка жакындап келүүгө мүмкүндүк берет.

**Безбелдек** — Кыргызстанда уялабайт. Бирок күзүндө, Казакстандан түштүккө карай кышташ үчүн учуп өткөн мезгилде алар Чүй өрөөнүндө бир топ эле көп болушат. Кээде безбелдектин тобу бүт август айы ичинде кызыл мыялуу жана беделүү талааларда болушат.

Безбелдекти тоодакка караганда атып алуу оңой болот. Аларды айрыкча күндүн ысык мезгилинде, чөптүн көлөкөсүндө жаткан убакта жакындап барып атып алуу мүмкүн.

**Кара-Боор**—кээде булдурук деп аташат. Бизде сейрек болушат, ал эми учурагандары Ысык-Көлгө, Нарынга жакын жерлердеги чөлдөрдө жана түштүк батышта (Үч-



37-сүрөт. Булдурук

Коргонго жакын жерде) уялашат. Учуп өтүү убагында Чүй өрөөнүндө көп болот. Октябрда жүздөн жана андан да көп топтошуп алып, түштүккө учуп өтүшөт. Алардын кээ бир топтору тоюттануу үчүн талааларга конушат же жээктери жапыс көлмөлөрдөн суу ичүүгө токтошот. Мына ушул учурда мергенчилер аларды өңүп барып атышат.

**Булдурук** — бизде Ысык-Көлдүн батыш жагындагы чөлдөрдө жашайт. Булдурук — чыныгы чөл кушу болуп эсептелет. Анын жүнү айлана-чөйрөдөгү кум түстөнүп көрүнөт. Уяда отурган ургаачысынын жанына жакын келген учурда да аны көрбөй калууга болот. Уяны өтө жөнөкөй жасашат, ал чөлдө чыгуучу өсүмдүктөргө жакын кумдун үстүнө чөнөкчө сымалдуу казылат да эч нерсе төшөлбөйт.

Булдуруктун бир нече жүздөн турган тобу кышында Тору-Айгырга жакын жерден кезигет.

**Көгүчкөн.** Кыргызстанда көгүчкөн менен бактектин онго жакын түрү жашайт. Алардын бардыгы аңчылыкты сүйүүчүлөр үчүн өтө кызыгаарлык болуп эсептелет.

Бизде көк көгүчкөн өтө көп болот. Ал республикабыздын бүт территориясынан кезигет, зоокаларда жана чополуу жерлерде, кээде айыл ичинде уялайт. Кышында көк көгүчкөндөрдүн 300—400 баштан турган чоң топторун Ысык-Көлдүн айланасындагы тоолордон байкоого болот.



38-сүрөт. Тоо көгүчкөнү

Түсү жана чоңдугу жагынан аска көгүчкөнү көк көгүчкөнгө абдан окшошкелет. Ал көк көгүчкөндөн көбүнчө куйругундагы туура-туура кеткен ак тилкелери менен айырмаланат. Аска көгүчкөндөрү аскаларда уялашат, бирок көк көгүчкөнгө караганда сейрек учурайт.

Токой көгүчкөндөрүнө клинтух жана ала-гүү көгүчкөндөрү кирет. Клинтух Кыргызстандын түштүгүндөгү жаңгактуу токойлордо, ала-гүү карагайлуу жана жалбырактуу токойлордо жашайт. Алар уяларын жыгачтарга салышат, кышкысын түндүккө учуп кетишет.

Ала-гүүлөрдү эрте жазда жана күзүндө талаалардан көрүүгө болот, бул жерлерге алар тамактаныш үчүн тоолордон түшүп келишет. Бул көгүчкөндөрдүн эти абдан даамдуу келет, ошондуктан аларды мергенчилер чоң кызуугу менен уулашат.

Бактектин — жөнөкөй бактек жана чоң бактек деген эки түрү кеңири таркаган. Алар кайсы жерде болбосун токойлордо жашайт. Ошого карабастан, жөнөкөй бактек талаалардан да кезигет, ал уясын жыгачтын бутактарына, ошондой эле бадалдардын арасына салат. Аны элдүү пункттардагы мөмөлүү бактардан жана башка дарактардан да учуратууга болот.

Чоң бактек — токойлордо жашоочу куш. Тамактаныш үчүн ал көп учурда жакынкы талааларга учуп чыгат. Ичке бутактардан жыгачтарга уя салат, уянын арасы ачык-ачык болгондуктан, тешиктеринен жумурткалары түшүп кетчүдөй болуп, кадимкидей көрүнүп турат.

Бактектин шакектүү бактек жана кичине бактек деген башка эки түрү түштүктө, Фергана өрөөнүндө гана жашайт. Алар негизинен адам жашаган жерлерде болушат, уяларын үйдүн чатырына, карнииздерине, тамдын тешиктерине жана ушул сыяктуу жерлерге салышат. Жергиликтүү калк аларга тийбейт, кайра корушат.

Көгүчкөндөрү көбүнчө күзүндө, алар жашаган жерлерден уулашат. Бул жагынан эгин аңыздары мергенчилер үчүн пайдалуу болот, анткени бул жерлерге көгүчкөндөр менен бактектердин көп түрлөрү тоюттаныш үчүн топтолушат. Мына ушул учурда мергенчилер өңүп барып атып алышат.

**Кашкалдак** — маңдайында агы бар бул кара кушту мергенчилер жакшы билишет. Кашкалдакты көп учурда Чүй өрөөнүндөгү көлмөлөрдөн жана көлдөрдөн кезиктирүүгө болот. Ал Ысык-Көлдө уялап, кыштайт.

Кашкалдак—чыныгы сууда жашоочу куш, кургактыкка ал өтө сейрек чыгат. Күндүзү ар качан сууда сүзүп жүрө берет; түнкүсү саздын өңгүл-дөңгүлдөрүнө же

камыштын арасына түнөйт. Сууда сонун сүзөт, учууну жакшы каалабайт

Кайык менен камыштын арасына кирип олтурсаң, кашкалдактардын тамактанып жаткандыктарын жакшы угасың: алар суунун түбүнөн өсүмдүктөрдүн көгүн алып жеш үчүн шуулдатып, канаттарын каккылашып сууга чүмкүшөт. Анда-санда өз-ара какылдаган үн салышат.

Май айынын башы ченде ургаачысы көлдөгү камыштардын же өткөн жылдан калган өсүмдүктөрдүн арасына жасаган уясына жумуртка сала баштайт, кээде уянын бир жагы сууга тийип же суунун үстүндө калкып калат. Уя салууга эркеги жана ургаачысы экөө тең катышат, эркеги ошондой эле балапандарды өстүрүп чоңойтууга да кийлигишет.

Күзүндө кашкалдактардын кээ бирлери кыштап калышат, көпчүлүгү түштүккө учуп кетишет.

Турна менен каркыранын да аңчылык мааниси бар, алар бизде сейрек учурайт, эти анчейин даамдуу болбойт.

Турна жазында жана күзүндө, учуп өтүү мезгилинде гана Чүй өрөөнүнөн жана Ысык-Көлдөн кезигет.

Каркыра аздыр-көптүр Ысык-Көлдүн жээктеринде, Нарын өрөөнүндө жана Соң-Көлдө уялайт.

**Чулдук** — Кыргызстанда чулдуктун 40тан ашуун түрү бар. Алардын көбү кокусунан келген меймандар, мисалы аларга: кызыл богок, кара богок, кум чулдук, сылан арооз аттуу чулдуктар кирет, ал эми чымчык-чулдук, ак куйрук, фифи, тегерек тумшук, мородунка жана турухтан аттуу чулдуктардын кичине топтору жазында, учуп өтүү убагында көлдөрдүн жээктеринен көп кезигет. Бирок жогоруда аталган чулдуктардын бири да бизде уялабайт. Алар көбүнчө четки түндүктө жана тундрада уялашат. Бизде жайкысын эмне үчүндүр түндүккө барууну каалабаган, балапан чыгарбаган чулдуктар гана калат. Бул чулдуктар алыскы түштүктө: Африкада, Индияда, Индокытайда уялашат, ал эми кээ бирлери уялаш үчүн ал эмес Австралия менен Жаңы Зеландияга чейин учуп барышат.

Вальдшнеп жана эчки маарак — безгич аттуу чулдуктар бизде уялашпайт, бирок алардын бирин-серидерин кээде кыш мезгилинде тоңбогон булактардан жана саздардан кезиктирүүгө болот.



39-сүрөт. Орок тумшук

Чулдуктун дагы бир түрү — орок тумшук чулдук өтө кооз болот, бирок сейрек учурайт. Башка чулдуктардан чоңураак келет, тумшугу орок сымалдуу ийри болот, буттары кызыл, жүнү бозомук, башы, тамагы жана төшү туура-туура кеткен тилке кара-күрөң түстө болот. Борбордук Азияда гана: Тибетте, Гималайда, Памирде жана Тянь-Шанда таркаган. Кыргызстанда деңиздин деңгээлинен 2500 метрден 3500 метрге чейинки бийиктиктеги тоо сууларынын таштуу, кенен жайылмаларында жашайт. Суусамырда, Ат-Башыда, Кара-Кужурда жана Алайда да учурайт. Бирок жогоруда айтылган жерлердин бардыгында тең эле өтө аз-аздан болот. Бирин-серин чулдуктар тоңбогон өзөндөрдө кыштап калышат.

Жогоруда айтылган чулдуктардын бардыгы аз болгондуктан, мергинчилерге кокусунан гана жолугат. Мергенчилер көбүнчө бизде уялаган чулдуктарды уулоого өтө кызыгышат, анткени башка куштардан кичирээк болгону менен, этинин даамдуулук сапаты жагынан алардан жогору турат.



40-сүрөт. Чулдук

**Ызгыт** — эң эрте келүүчү куштардын бири, ал чулдуктардын түрүнө кирет. Февралдын орто ченинен тартып, кар эрип, жер ачыла баштаган мезгилде саздардан жана жазгы суулардын куймаларынан ызгыттардын үнүн угууга болот. Алар майдын башы ченде уялай башташат. Ургаачысы жээктеги өңгүл-дөңгүлдөгү чөнөк сыяктуу уясына 3—4 жумуртка салат. Жумуртканы бир ай чамасы басат, ага эркеги да катышат. Чыгарылгандан бир айдан кийин балапандары учууга толук жарап

калышат. Кийинчерээк ызгыттар, топ-топ болуп биригишип, сентябрга чейин талааларда жана саздарда жашап, октябрда кышташ үчүн түштүккө учуп кетишет. Чулдуктардын башка түрүнөн бизде ташыгыч (перевозчик) жана зуйко деп аталган чулдуктун эки түрү көп болот. Бирок алар майда келишет. Аларды ар качан өзөндөрдүн жээктериндеги кумдак-таштак жерлерден көрүүгө болот. Булардан чоңураак келген чөпчү деп аталган чулдук көбүнчө өлөң чөптүү жана башка, сууга жакын чыгуучу өсүмдүктөрү мол көлмөлөрдүн саздак жээктеринде жашайт. Чөпчүлөр Ысык-Көл менен Соң-Көлдүн жээктеринде көп уялашат. Мергенчилерге эчки маарак көбүрөөк белгилүү. Ал, Ысык-Көлдүн саздак жээктеринде жана Чүй суусунун өрөөнүндө көп уялайт. Август айынын акырында Ысык-Көлдөн бир күндүн ичинде оңой эле жыйырма чакты эчки маарак атып алууга болот.

Ошентип, Кыргызстанда аңчылык кылуучу куштардын 80 ден ашуун түрү жашайт. Куштардын көпчүлүгү спорттук аңчылыктын объектиси болуп саналат. Бирок, токо сымалдуулар отрядына кирүүчү куштардын, ошондой эле өрдөктөр менен каздардын промыслолук аңчылык мааниси да бар, алардын эти рынокторго түшүп турушу мүмкүн.

## АҢЧЫЛЫК АЙБАНАТТАРДЫ ЖАНА КУШТАРДЫ КОРУУ

Айбанаттар менен куштарды коруу бүт жаратылышты коруудан ажыратылып каралбай тургандыгы ар бир адамга белгилүү болууга тийиш. Чындыгында эле, токойлорду жана көлмөлөрдү сактап калуу менен, биз жапайы айбанаттардын жана куштардын жашоосу үчүн жакшы шарттарды түзө алмакчыбыз. Ысык-Көлдүн жээктеринде чычырканак жана камыш болбосо, кыргоол да болмок эмес, биздеги көлдөрдү жана көлмөлөрдү соолтуп салган учурда, канаттуулар уялай турган жана өрдөк сыяктуу сууда сүзүүчү куштар тамактана турган жай жок болмок.

Кийинки убакытка чейин Кыргызстанда жаратылышты коруу иши таптакыр канааттандырарлык эмес абалда болгон. Заповедник да, заказник да, кала берсе аңчылык чарбалары да болгон эмес, республикадагы

аңчылык инспекциясы бардык болгону бир гана инспектордон турган, токойлорду коруу иши жетишсиз жүргүзүлүп келген. Токой — көп сандаган айбанаттар менен куштардын жашоочу жайы болуп эсептелет. Кыргызстанда ыксыз жерден кесип-кыйып жок кыла бергидей токой деле анчейин көп эмес. Республикабыздын токойлору бүт территориянын 3,5 процентин гана түзөт. Ошого карабастан, токойлорду аёосуз жок кыла берүү орун алган. Өткөн 40—50 жылдын ичинде жаңгактуу токойлордун аянты 40 процентке, карагайлуу жана арчалуу токойлордуку — 50 процентке жакын кыскарган, көлдөрдүн жана өзөндөрдүн жээктериндеги жайылмаларга өскөн калың токойлордун кебетеси кетип бүткөн.

Аңчылык законун бузуулар да өкүм сүргөн. Атактуу саякатчы Н. А. Северцовдун айтып кеткенине караганда, Ысык-Көлдүн айланасындагы тоолордо марал өтө көп болгон. Бирок бул өткөн кылымдын 60-жылдарына таандык эле. Азыр бул жерлерде марал такыр жок болуп кеткен, ал Сары-Жаз дарыясынын бассейнинде жана Нарын дарыясынын баш жагындагы карагайлуу токойлордо гана бирин-серин сакталып калган. Кээде маралдар Казакстандын Түп дарыясынын баш жагына да келишет.

Сейрек учуроочу жана баалуу тоо каздары мындан он жыл мурда Соң-Көл менен Чатыр-Көлдө миңдеп жашай турган. Эми, жырткычтык менен жок кылуунун жана жумурткаларына кызыгып уяларын бузуунун натыйжасында, 300—400 гө жетпеген гана каз калган. Ар түрдүү экспедициялар каздарды жайында, балапан чыгарып жаткан мезгилде атышат. Жергиликтүү эл каздын жумурткасын чогултуу үчүн атайын жазында көлдөргө чыгып, баштык-баштык кылып көтөрүп кетишет.

Тоңбогон кең Ысык-Көлгө кышкысын миңдеген аккуулар жана каздар, жүз миңдеген өрдөктөр жана сууда сүзүүчү башка куштар топтолушат. Ысык-Көлдө кыштап калган куштарды атып жок кылуу кеңири өкүм сүргөн. Илимдер Академиясынын зоология лабораториясынын байкоолору боюнча, 1957—1958-жылдын кышында өрдөктөр менен аккуулардын саны өткөн кышка караганда 5—6 эсе азайган. Жырткычтык менен ушундай жок кылып олтуруу эмнеге алып келмекчи? Ысык-Көлдүн заповедникке айлангандыгы бир топ болду, бирок корулба-

гандыктан кышында болсун, же жайында болсун көлдүн бардык жеринде куштарды атуулар алиге чейин улантылып жатат. Өрдөктөр менен аккуулардын кескин азайып баратышына карабастан, аларды атып алуу дагы эле токтотула элек. Базарда сатылып жаткан аккуунун жүнүнөн жасалган сызмалар жана өрдөктүн эттери законсуз атылган куштардыкы болуп эсептелет. Муну бардыгы эле көрүп-билишет, ал эмес, милицияга да маалым.

Заповедникте атайын коруу ишин уюштурууга байланыштуу Ысык-Көлдө кыштап калуучу сууда сүзүүчү куштарды сактап калуу боюнча жакында тийиштүү чаралар көрүлөт.

Кыргоолдорду жакында эле Фрунзе шаарынын четжакаларынан карабакка жакын жерлерден уулаша турган, азыр ал жерлерден кыргоолдор такыр учурабайт. Азыркы убакта кыргоолдор аз-аздан Чүй, Нарын, Кочкор сыяктуу чоң дарыялардын өрөөндөрүнөн жана Ысык-Көлдүн жээктеринен кезигет.

Чүй өрөөнүндө алар негизинен Токмоктогу заказникте сакталып калды, ал эми Ысык-Көлдө болсо, өзөндөрдүн жана көлдүн жээктериндеги калың бадалдарда жашаган миңдеген кыргоолдордон өтө аз калган. Бул, бадалдардын кыйылып жок кылынып жаткандыгынан гана болгон иш эмес. Өрдөктөр менен аккууларды көлдөн законсуз атып алып жаткандар, кыргоолдорду да жок кылып жатат десек эч жаңылбайбыз. Ысык-Көлдө кыргоолдун саны 1958-жылы 1955-жылга салыштырганда болжолу он эсе азайган.

1957-жылы Ысык-Көлдүн жээгинде: Орто Өрүктүдө илимдер Академиясынын зоология лабораториясы илимий байкоолорду жүргүзүү үчүн атайын стационар уюштурган. Бул лабораториянын кызматкерлери жай бою анда болушуп, Пржевальскийден жана башка жерлерден келген аңчылык законун бузуучуларга мергенчилик кылууга жол беришкен эмес. Натыйжада кыргоол көбөйө баштаган. Бирок кийин, сентябрда, Академиянын кызматкерлери кетери менен, жергиликтүү жана Пржевальскиден келген аңчылык законуң бузуучулар кайрадан бул жерлерге аарыдай жабылып кетишкен. Азыр ал жерде кыргоол таптакыр жок болгон.

Кыргоолдор кандайча жок кылынган болсо, мурда

көп сандаган кекиликтер, коёндор, суусарлар, тоо эчкилер, аркарлар, маралдар, эликтер, камандар да ошондой эле жырткычтык менен жок кылынып жатат. Мындай абалды бүт Кыргызстандын территориясынан көрүүгө болот. Жазында аңчылык кылуу Советтер Союзунун бардык жерлеринде, анын ичинде Кыргызстанда да тыюу салынгандыгына карабастан, канаттууларды уулоо али да улантылууда.

Кыргызстан — Советтер Союзунун жана чет мамлекеттердин зоопарктарын сейрек учуроочу жана баалуу айбандардан болгон илбирс менен жабдып туруучу республика болуп эсептелет. Тирүү кармоо менен катар, илбирсти терисине кызыгып атып да алышат. Чындыгын айтканда, бул айбан адам үчүн эч зыяны жок, ошого карабастан айрым мергенчилер аны өлтүрүүнү баатырдык катары көрүшөт. Илбирстин саны өтө азайып кетти, ошондуктан ага аңчылык кылууга тыюу салууга убакыт жетти. Илбирске караганда жолборс коркунучтуурак айбан, ошондой болсо да аны эмнегедир заповедниктерде коруп турууну туура деп табышкан.

Фрунзе шаарындагы эски мергенчилер мындай деп айтышат. «Мындан 20—25 жыл мурда кыргоолдорду шаардын четиндеги кара жыгач токоюнан уулаша турган. Ал эми кайсы гана көлмө, же көл болбосун, алардын бардыгынан көп сандаган өрдөктөрдү учуратууга болор эле... Тоолордо кекиликтер жана коёндор да көп болучу... Чүй суусунун жайылмаларынан, Ивановкага жакын жерлерден жапайы доңуздарды атып алышчу... Эми булардын бири да жок». Муну, калк көбөйүп кетти, жердин бардыгын айдап салышты, ошондуктан куштар жана айбандар кетип калышты, деп түшүндүрүшөт.

Чындыгында эле ушундайбы, же жокпу?

Ырас, адам жаратылышты кайра түзүп, табигый байлыктарды пайдаланып, өсүмдүктөр менен айбанаттар дүйнөсүнө өзүнүн таасирин тийгизүүдө. Бирок ошону менен бирге, адам баласынын жаралышынан тартып, токойлор кыйылып, айбанаттар менен куштардын бардыгы жок болуп кетүүгө тийиш эмес. Адам жаратылыштын байлыгын жок кыла бербестен, куштар менен айбанаттар табигый жаратылыштагыдан да көбүрөөк болсун үчүн тийиштүү шарттарды түзүүгө милдеттүү.

Мисалга Чехословакияны алып көрөлү. Анын тер-

риториясы Кыргызстандын территориясынан эки эсе дээрлик аздык кылат, ал эми калкынын жыштыгы болсо, 12 эсе жогору турат: бир чарчы километрге 100 киши туура келет, бизде — 8 гана киши. Бирок Чехословакияда жыл сайын 200—300 миң кыргоол, 500 миң кекилик, бир миллионго чейин коён, миңдеген элик, бугу жана башка куштар менен айбанаттарды кармап, же атып алышат. Кыргызстандын бардык аң уулоочу жерлеринде араң эле 4—5 миң кыргоол бар экендиги белгилүү, аларды уулоого тыюу салынган, бирок аңчылык законун бузуучулар бул куштардын калгандарын жок кыла баштакан; чил өтө сейрек учурайт, кекилик али бар, ошондой болсо да биздин мергенчилер жана аңчылык законун бузуучулар жылына араң болгону 10—15 миңге жетпеген кекилик жана чил алышат, ал эми Чехословакияда жылына 500 миңден кем алышпайт. Мындан 20 жыл мурда бизде 40 миңге жакын коёндун териси даярдала турган болсо, кийинки жылдары 2—3 миңден ашпай калган; эликтер да өтө аз, маралдар такыр жок болуп баратат.

Демек, иш калктын көптүгүндө эмес экен. Аңчылык жөнүндөгү законду бузуучу ысапсыздар, биздеги айбанаттардын жана куштардын запастарын абдан жаман абалга алып келишти.

Чехословакия жогоруда айтылган ийгиликке жакында эле, Ата мекендик согуш бүтүп, элдик демократиялык республикага айлангандан кийин жетишкен. Аңчылык кылынуучу жерлер анда коллективдерге бөлүштүрүлүп берилген. Азыр 400гө жакын заказник жана заповедник бар. Аңчылык кылынуучу жерлерде биотехникалык чараларды жүргүзүшөт, аңчылык жөнүндөгү законду бузуу жок кылынган, аңчылык законун бузуучулар кылмышкер катары айыпталып, сот жообуна тартылат.

Токмоктон көп алыс эмес жерде 12 жылдан бери заказник жашайт. Анын аянты 300 гектарга жакын, анда миңге жакын кыргоол, бир нече ондогон элик бар: анда коё берилген нутрия (саз кемчети) көнүгүп, тукумдай баштаган. Заказникте көп сандаган өрдөктөр да кыштайт. Мына ушунун бардыгы коруону жакшы уюштуруунун жана кошумча тоют берүүнүн натыйжасында жетишилген.

Эгерде заповедниктер менен заказниктерди эсепке албаганда Кыргызстандын калган территориясы жалпы пайдалануучу аңчылык жерлери болуп эсептелет: ал жерлерде ким болсо да, качан болсо да аңчылык кылууга укуктуу. Ырас, аңчылык кылуунун эрежеси бар, бирок аны көп учурда колдонушпайт.

Экстенсивдик аңчылыктан интенсивдүү аңчылык чарбасына өтүүгө убакыт жетти. Мамлекеттик органдар тарабынан бир катар чаралар жүргүзүлүүдө: заповедниктер, заказниктер жана егерлердин штаты уюшулуп жатат. Бул болсо, айрым жерлерде аңчылык фаунаны сактап калууга жана корулбаган бош жерлерде аңчылык кылууну жөнгө салууга мүмкүндүк берет. Эмки иштерди керек-жарак кооперациясы менен мергенчилер коомунун коллективдери улантуулары тийиш. Керек-жарак кооперациясы териси баалуу айбандардын бир нече чарбасын, ал эми аңчылык коллективдери аңчылыктын спорттук чарбаларын уюштуруулары мүмкүн, бул чарбаларда алар биотехникалык чараларды: өзгөчө кыш мезгилинде айбандарга кошумча тоют берүү, суuктан жана жырткычтардан коргоочу нерселерди жана жасалма уяларды салуу, айбанаттар менен куштардын жаңы түрлөрүн чыгаруу жана ушул сыяктуу башка иштерди жүргүзүүлөрү мүмкүн.

Бул чаралардын натыйжасында, аңчылык чарбасынын фаунасы көбөймөкчү. Бирок, ким канча атса атып алсын, деп мергенчилерди ал жерлерге коё бериш орунсуз иш болор эле. Мындай болгондо бир гана аңчылык сезонунда ал чарбадан эч нерсе калбай тургандыгы белгилүү. Айбанаттар менен куштардын белгилүү бир санын тукумга калтырып, калгандарына аңчылык кылууга уруксат берилет. Бул үчүн аңчылык коллективинин мүчөсү болгон ар бир мергенчиге канчадан атуунун нормасы белгиленет.

Сайроочу майда куштарды коруугa жана коргоого бөтөнчө көңүл буруу керек. Фрунзе шаары, республикабыздын бардык шаарлары жана поселоктору сыяктуу эле, бак-дарактуу шаар. Анын бактарында жана парктарында көп сандаган сайроочу куштар уялашат. Мындан биз таранчы, чабалакей жана кара чыйырчыктан башка жылкычы чымчыкты, борбашты, буурчак чымчыкты, булбулду жана башка ар түрдүү майда чым-

чыктарды көрөбүз. Эртең менен эрте шаарды кыдырып бара жатсаң туш-туштун бардыгында сайраган куштардын назик үнүн угасың. Сайроочу куштар өздөрүнүн сайраганы менен гана жагымдуу болбостон, алар бактардагы жана парктардагы зыянкечтерди жок кылгандыктары менен да пайдалуу.

Пайдасынан башка, зыяны жок бул канаттууларды себепсиз эле жок кыла берүү да оруп алган. Мектеп жашындагы балдар, айрыкча дем алуу күндөрү, куштарды рогатка жана мылтык менен атып ойношот. Шаардан жана анын чет жакаларынан куштардын уяларын бузуп, жумурткаларын сындырып, чымчыктардын өздөрүн атып жүргөн топ-топ болгон балдарды көп көрүүгө болот. Балдардын мындай кыянатчылыгына каршы эң оболу биолог мугалимдер, ата-энелер жана ошондой эле коомчулук күрөш жүргүзүүлөрү тийиш.

Кыргызстандын шартында майда куштардын ичинен таранчыларды гана жок кылуу керек, анткени алар айыл чарбасына, өзгөчө дан өсүмдүктөрүнө зыян келтиришет. Калган куштар өтө пайдалуу болушат. Аңчылык мааниси бар бардык куштарга караганда, сайроочу куштар көбүрөөк пайда келтиришет деп эсептешет. Жаратылышты кайра түзүүчү И. В. Мичурин канаттууларды коруу менен гана чектелбестен, аларды бактарда өстүргөн, жасалма уяларды салып, кышкысын жем чачып көз салган.

Мектептерде «Куштар күнүн» жана «Токойлор күнүн» жылына бир гана жолу өткөрүшөт. Кара чыйырчыктарга үйлөр жасап, аларды жыгачтарга илүү же бактарды отургузуу менен гана чектелишет. Бул маанилүү ишти, жыл аягында отчёт бериш үчүн гана жүргүзбостон, күндөлүк тарбия иши катарында жүргүзүү керек. Балдар чыйырчыктардын үйлөрүн илип коюу менен тим болбостон, балапандар качан чыгарылгандыгы, алар кандайча жана эмнелер менен тамактана тургандыгы жөнүндө байкоо жүргүзүүлөрү тийиш. Фрунзе шаарында биолог-мугалимдер балдарды талаага, табият таанууга алып чыгып турган мектептер саналуу гана. Жаратылышты сүйүү үчүн, аны үйрөнүү керек. Балдар шаардын сыртына чыгып, жаратылышты үйрөнүп, ага байкоо жүргүзүүнүн ордуна, пайда-

луу куштарды жана айбанаттарды жок кылуу менен алек болушат.

Ошондой эле жырткыч куштардын пайдалуу ролуна баа бербөөчүлүк да орун алган. Эмне үчүндүр ар бир мергенчи жырткычты өлтүрүүнү өзүнүн милдети катары көрүшөт. Ал эми ак кулаалыны, кушту жана кыргыйды айтпаганда, кулаалы, үкү, күйкө жана башка ушул сыяктуу канаттуу жырткычтар абдан пайдалуу экендиги аларга көптөн бери белгилүү. Жырткыч куштар жайыкышы дебей көп миңдеген чычкан сымалдуу кемирүүчүлөрдү жок кылып, көптөгөн тонна эгинди сактап калууга жардам беришет. Ошондуктан жырткыч канаттууларды корууга жана коргоого жакшылап назар салуубуз керек.

Советтер Союзунда жаратылышты корууга бөтөнчө көңүл бурулат. Токойлорду, бактарды, парктарды коруу, ошондой эле айбанаттарды жана канаттууларды коруу боюнча кыймыл бүт Советтер Союзуна кеңири таркалды. Кийинки жылдары элдик байлыктарды жок кылуучулар, мансапкорлор, аңчылык законун бузуучулар күч алышты, бул абалга чыдап туруу мындан ары мүмкүн эмес. Анткени мансапкорлор жана талоончулар үчүн бүгүн токойлор кесилип, айбанаттар менен куштар жок кылынса да, ал эмес, эртеси ал жерлерге «чөп чыкпай калса» да баары бир. Мына ошондуктан коомчулук жаратылышты корууга кескин түрдө көңүл бурду.

1957—1958-жылдарда Москвада жана Ленинградда жаратылышты коруу жана заповедниктерди уюштуруу боюнча бир катар кеңешмелер жана конференциялар өткөрүлдү. Советтер Союзунун бир нече республикаларында Жогорку Советтердин сессияларында жаратылышты коруу боюнча закондор кабыл алынды.

Илимдер Академияларынын, анын ичинде Кыргыз ССРнин илимдер Академиясынын алдында жаратылышты коруу боюнча комиссиялар түзүлгөн. Бул комиссиялар табигый байлыктарды пландуу түрдө пайдаланууну илимий жактан негиздөөгө, жаратылышты корууну кеңири пропагандалоону жүргүзүүгө чакырылган чыныгы илимий-коомдук уюмдар болуп эсептелет. Атап айтканда, биздин комиссия заповедниктерди уюштуруунун зарылчылыгын негиздеген болучу.

1958-жылдын мартында республикабыздын окумуш-

туулары жана жазуучулары Кыргызстандын комсомолу менен жаштарына карата үндөө кабыл алышкан. Ал үндөөдө табигый байлыктарга ташбоордук жана жырткычтык менен мамиле кылуунун фактылары көрсөтүлгөн. Кыргызстан комсомолунун Борбордук Комитети атайын чечим кабыл алган, ал чечимде бардык комсомол уюмдарына жогоруда айтылган үндөөнү талкуулап чыгып, токойлорду, парктарды жана пайдалуу айбанаттарды коруу боюнча конкреттүү чараларды кабыл алуу сунуш кылынган.

Кыргыз ССРнин өкмөтү жаратылышты коруу ишине көп көңүл бурууда, 1955-жылдын декабрында эле Кыргыз ССРнин Министрлер Совети «Токой чарбасын жүргүзүүнү жакшыртуу жана жаратылышты коруу боюнча чаралар жөнүндө» чечим кабыл алган болучу. Бул чечимде токойлорду пайдалануудагы негизги өзгөрүүлөр жөнүндө маселе коюлган; бүткүл токойлорду коруунукүчөтүү менен катар, токой чарбаларына Чүй, Кочкор, Талас, Нарын жана башка дарыялардын жайылмаларындагы, ошондой эле Ысык-Көлдүн жээктериндеги токойлорду калыбына келтирүү боюнча иш жүргүзүү сунуш кылынган. Кыргоолго, аккууга, маңка казга (тоо казына), маралга, аркарга жана башкаларга аңчылык кылууга тыюу салынган.

Республикабыздын аңчылык чарбасын жүргүзүүнү жакшыртуу, анчылык фаунанын запастарын арттыруу жана аңчылык айбанаттары менен куштарды коруу максатында, 1958-жылдын майында Кыргыз ССРнин Министрлер Совети атайын токтом кабыл алган. Токтомдо аңчылык кылуу жана заповедниктер боюнча мамлекеттик инспекцияны уюштуруу иши каралган. Эгерде мурда аңчылык кылуу инспекциясында жалгыз бир гана инспектор болсо, эми инспекциянын штатында 50дөн ашуун адам, анын ичинде түздөн-түз аңчылык кылуучу жерлерде аң уулоого көз салуучулар, заповедниктин жана заказниктердин кызматкерлери бар. Ысык-Көлдө администрациясы жана егерлердин туруктуу штаты бар аңчылык заповедниги уюшулган. Көлдүн жээктеринде жашап, ошол жерде кыштап калган сууда сүзүүчү куштарды, кыргоолду, коёнду жана башка айбанаттар менен куштарды, ошондой эле чычырканакты коруу заповедниктин биринчи иреттеги милдети болуп эсептелет.

Кыргоолдун, кекиликтин, кара курдун, эликтин, аркардын, тоо эчкинин жана камандын запастарын калыбына келтирүү жана сактоо үчүн мамлекеттик төмөндөгү аңчылык заказниктери түзүлгөн: Жыланды, Зындан, Ак-Таш, Ак-Суу, Арашан капчыгайларында Теплоключенко заказниги; Барскоон, Тосор ойдундарында — Жети-Өгүз заказниги, Бурган-Суу, Төө-Жайлоо жана Чалкак ойдундарында — Нарын заказниги; мурда мергенчилердин ыктыярдуу коомуна тийиштүү болгон — Токмок заказниги, бул заказниктин аянты мурда 300 гектар болсо, азыр 1200 гектарга чейин көбөйтүлгөн.

1959-жылдын мартында өкмөттүн чечими менен дагы эки заповедник: Чаткал тоо кыркасынын жаңгактуу токойлорунда Сары-Челек жана Чоң Кеминдин башындагы карагайлуу токойлордо Кемин заповедниги уюшулган.

Заповедниктерде жана заказниктерде аңчылык кылууга тыюу салынган, айрым учурларда гана мамлекеттик аңчылык инспекциясынын уруксаты боюнча уулоого жол берилет.

Жапайы жаратылышты коруу—табигый ресурстарды пайдаланууга тыюу салуу же чектөө дегендикке жатпайт. Тескерисинче, рационалдуу коруу дегенибиз, табигый байлыктарды сактоого, калыбына келтирүүгө жана арбытууга багытталган чаралардын комплекси болуп эсептелет.

Токой чарбалары жыл сайын жүздөгөн жана миңдеген гектар жерлерге карагайдын, мистенин, грек жаңгагынын уруктарын айдашып, кызыл карагайды, ийне жалбырактуу жыгачты жана бизде мурда өспөгөн башка дарактарды алып келип отургузуп жатышат. Бирок, токой чарбасы боюнча жүргүзүлгөн бул чаралар, жырткычтык менен жок кылууга учуратылган токой байлыктарын толуктоо үчүн жетишсиз болду. Фаунаны байытуу иши да жүргүзүлүүдө. Кыргызстанда ондатра, тыйын, америка норкасы ийгиликтүү климатташтырылды, Бирок, ошону менен катар, сырттан алып келинген фауна аёосуз жок кылына берген.

Аңчылык фаунаны коруу ишинде, ар бир республика үчүн иштелип чыгып, ошол эле республикалардын өкмөтү тарабынан бекитилген «Аңчылык өндүрүшүнүн

эрежелери» чоң мааниге ээ. Кыргыз ССРнин территориясында аңчылык өндүрүшүнүн эрежесин ар бир мергенчи билиши керек. Илимий жактан негизделген эрежелер айбанаттар менен куштардын запастарын сактап калууну жана калыбына келтирүүнү белгилейт, ошондуктан ал эрежелер өз убагында жана так орундалып турууга тийиш.

Айбанаттардын жана куштардын айрым түрлөрүнө белгиленген аңчылыктын мөөнөттөрүн карап көрөлү.

Териси баалуу айбандарды уулоого, алардын териси «бышкан» мезгилде, башкача айтканда сапаттуулугу толук жеткенде гана уруксат кылынат. Баалуу айбандардын кышкы терисинин жүнү, жайкыга салыштырганда эки эсе калың, узун, үлпүлдөп жумшак жана көркөмдүү келет.

Кыргызстандын шарттарында көпчүлүк айбандардын териси ноябрдын башы ченде жетилет, мына ушул убакта аларды уулоо башталат. Аңчылык ар качан 15-февралдан тартып, биринчи мартка чейин аяктайт. Ушул учурдан тартып, айбандардын көпчүлүгүндө үйүгүү жана тукумдоо мезгили башталат, терилеринин сапаты төмөндөйт.

Суур, кашкулак сыяктуу чээнге кирүүчү айбандарга аңчылык кылуу эрте башталат, мисалы, суурду биринчи июлдан тартып уулашат. Кышкысын аларды уулоо кыйын болот, анын үстүнө алар эрте түлөй баштайт.

Ача туяктууларды (тоо эчкилер, камандар) алар жогорку семиздикке жеткен мезгилде жана балдары чоңоюп, жетилген учурда уулоого уруксат кылынат. Аларды уулоо күзүндө, болжолу 1-сентябрдан 15-декабрга чейин созулат.

Климатташкан айбандарды уулоонун мөөнөттөрү мамлекеттик аңчылык инспекциясы тарабынан белгиленет, инспекция айбанаттардын терисинин сапатын гана текшербестен, алардын запастарын да эсепке алып турат. Качан жаңы айбан бардык жерлерге таралып, жыштыгы жетиштүү болгондон кийин, ага, маселен ондатрага аңчылык кылууну чектөөнүн анчейин зарылдыгы болбой калат.

Канаттууларды жазында уулоого бүт Советтер Союзу боюнча, анын ичинде Кыргызстанда да 2 жылдан бери тыюу салынган. Бул, куштардын кескин түрдө

азайып кетишине байланыштуу болгон. Жаз—тукумдоо мезгили болгондуктан, аңчылыкка тыюу салуунун дагы бир себеби ошол экендиги түшүнүктүү. Бирок аңчылык чарбасын жакшы уюштуруп, биотехникалык чараларды жүргүзүү менен, айбанаттардын жана куштардын жогору жыштыгына жетишилген учурда гана жазгы аңчылыкка жол берилиши мүмкүн. Ал эми азырынча аңчылык кылууга август айынан тартып, куштардын балапандары чоңоюп, учууга жарап калгандан кийин гана уруксат кылынат.

Ошол эле себептүү—пайдалуу айбанаттар менен куштардын запастарынын түгөнүп бара жатышына байланыштуу «Кыргыз ССРнин территориясында аңчылык өндүрүшүнүн эрежелеринин» негизинде маралга, эликке, аркарга, жейренге, суусарга, кундузга, арыс чычканга жана коёнго, куштардын ичинен—кыргоолго, кара курга, аккууга, маңка казга тыюу салынган. Бул тыюу салууну жогоруда аталган айбанаттар менен куштардын көпчүлүгү үчүн убактылуу чара деп эсептөө керек. Качан биз аңчылык законун бузууну жоюп, жалпы пайдаланылуучу аң уулай турган жерлерге аңчылык чарбаларын түзгөндөн кийин, айбанаттар менен куштардын запастары калыбына келтириле тургандыгында шек жок.

Эрежелер боюнча ошондой эле, кээ бир зыянкеч канаттуулардан тышкары, бардык жырткыч, сайроочу жана аңчылык мааниси жок башка куштардын уяларын бузууга жана өздөрүн атып жок кылууга тыюу салынат.

Зыянкеч айбанаттарга жана куштарга төмөнкүлөр кирет: карышкыр, сүлөсүн, сары чычкандар, кош аяк, талаа чычкандары жана чычкан сымалдуу башка кемирүүчүлөр, куш, кыргый, ак кулаалы, үкү, карга, сагызган, таранчылар жана башка ушул сыяктуулар. Булардын бардыгы жыл бою жок кылынууга тийиш.

Кыргызстанда жаратылышты коруунун абалы мына ушундай. Мамлекеттик аңчылык инспекциясын чыңоо, мергенчилердин республикалык коомун уюштуруу, заповедниктерди, заказниктерди жана аңчылык чарбасын түзүү, аңчылык фаунасына айбанаттар менен куштардын жаңы түрлөрүн кийрүү, аңчылык эрежелерин сактоо сыяктуу жүргүзүлгөн бул чаралар, аңчылык мааниси бар айбанаттар менен куштарды сактоого жана алардын запастарын калыбына келтирүүгө багытталган.

## ТАЙГАНДАР МЕНЕН АҢ УУЛОО

Кыргызстанда тайгандар менен аң уулоонун, аңчылыктын дал өзү сыяктуу эле, эзелтен берки тарыхы бар. Тайгандар жөнүндө элдик жомоктордо да айтылат. Кыргызстанда тайгандардын аз тукуму чыгарылган. Алар, Казакстанда жана Орто-Азия республикаларында кеңири таркалган «тазы» деп аталган тайган иттердин тукумунан өзүнүн сырткы кебетеси жана сапаттары жагынан айырмаланат.

Бир кыйла сандагы тазы тукумдуу тайгандар Ысык-Көлдүн айланасында, Тянь-Шань областынын чыгыш жагындагы тоолуу райондордо сакталып калган. Талас, Чүй өрөөндөрүнөн жана түштүктүн жакадагы райондорунан тазылар жана башка жөнөкөй тукумдагы иттер менен аргындаштырылган тайгандарды кезиктирүүгө болот.

Тазы тукумдуу тайгандар Тянь-Шань областынын райондорунда көп: 1954-жылы республика боюнча катталган миңден ашуун тайгандардын 40 процентке жакыны ушул областтын мергенчилерине таандык болгон. Мындан тышкары, областта жүздөн кем эмес, катталбаган тайгандар бар.

Орус машкеси менен аңчылык кылып жүргөн мергенчи үчүн, бул баалуу тайгандардын аңчылык сапаттарын аны менен аңга чыкпай туруп, туура баалоо өтө кыйын. Тайган, атагы чыккан орус машкесинен, ал эмес тазыдан да көп кичинелик кылат, анын дөбөтүнүн бийиктиги орточо эсеп менен 60—64 сантиметр, канчыгыныкы 56—60 см. Дөбөтүнүн башынын узундугу 25—27 см. келип, баш сөөгү орус машкесиникинен бир топ жазы болот, орточо жазылыгы 12—14 см. ге чейин барат. Дөбөттүн орточо узундугу 75 см, көкүрөгү жазы, бели карылуу, кулагы узун келип, жүндүү болот. Таманы тыгыз, бармактарынын ортосу калдуу келет. Таза тукумдуу тайгандардын куйругу кылыч сымалдуу үстү жагына ийилип турат. Тайгандардын түсү ар кандай болот, тазы тукумдуу тайгандар көбүнчө ак көкүрөктүү келип, өңү кара болот.

Таза тукумдуу тайган башка тукумдагы тайгандардан өзүнүн жүнүнүн оригиналдуулугу менен айырма-

ланат, кышкысын анын жүнү, айрыкча сан жактары калың жана тармал болот.

Эгерде тайгандардын башка тукумдары мейкиндикте же анча-мынча адырлуу жерлерде аң уулоого баалуу болсо, биздин тайгандар менен бийик зоокаларда жана суюк абанын коркунучтуу шарттарында да ийгиликтүү аң уулашат. Тайгандардын басып өткөн жеринен жөнөкөй иттер бир километр жерге да чуркай алышпайт.

Кыргыз тайганынын дагы бир мыктычылыгы — анын угуу, жыт алуу жана көрүү сезимдеринин жакшы өнүккөндүгүндө, жыт алуу сезими мыкты болгондуктан, ал зоокалардын арасына жашынган айбанды жытынан билип, изине түшүп кубалап жөнөйт. Ачкага жана суукка аябай чыдамдуу болот.

Бардык тайгандар сыяктуу эле, кыргыз тайганы темпераменттүү келип, айбанды өтө кызыгуу менен кубалайт. Ушуга карабастан, тайгандар эч качан аскадан, жардан тайып, майып болушпайт. Мындай кокустуктар тазылар же башка тайгандар менен ууга чыкканда көп болгондугу белгилүү.

Сырткы кебетесинен тайган жөнөкөй эле ит сыяктуу көрүнөт. Ал эми чындыгында ал өтө шамдагай, күлүк, карылуу келет, ачуусуна тийсең каап алышы да мүмкүн. Чоң тайган, иттердин тобу кол салган учурда кайраттуулук менен алышып, көп учурда жеңип чыгат. Ал, кол салган иттерге ителгидей тийип, анча-мынча убактын ичинде эле аларды булкуп-жулкуп тиштеп, туш-тушка таркатып, артын карабастан, ээсин ээрчип желген бойдон жолго түшөт.

Тайгандар тоо эчкиге, карышкырга, түлкүгө, кашкулакка, эликке жана суурга кол салган учурда да ушул сыяктуу кайрат менен тиет. Мисалы, Ысык-Көл өрөөнүндөгү, айрыкча Тянь-Шань областындагы райондордо көп мергенчилер мылтык жана капкан менен суур уулап жүрүп, бир сезондо ар бири тайганга 50—60тан суур карматып алышат.

Аңчылык кылуунун учурунда жыт алган тайган бийигирээк жерге билинбей чыгып барып, оттоп жаткан суурлардын жакыныраагына, же ийининен алыс кеткенине өтө тездик менен кол салат. Суурга жетери менен баса калып, шилисинен тиштеп туруп эки-үч жолу булкуп

жиберет. Чалажан болуп жаткан суурду жете келген мергенчи өлтүрөт.

Суурду бир гана тайган менен уулоо керек. Эки ит болгон учурда, кармалган суурду талашып жатып терисин керекке жаратпай салышат.

Ал эми тоо эчкилерге, түлкүлөргө, кашкулакка, айрыкча карышкырга аңчылыкка чыкканда жакшы үйрөтүлгөн эки чоң тайган ээрчитип чыгышат. Мындай тайгандар түлкүгө жана кашкулакка кызуулук менен кол салып, тамактайт, чоң тоо эчкилерди да эч жакка кетирбей, камап турууга жарашат. Жаш, жетиле элек, ууга аз чыккан тайгандарды тоо текелерге коё берүүнүн кереги жок, анткени, жеңил жарадар болгон чоң тоо теке итти сүзүп өлтүрүп коюшу мүмкүн.

Эки тайган бир жаш карышкырды талап өлтүрүүгө да жарайт, бирок картаң карышкырды ала алышпайт, бул учурда жакын жерде мергенчинин болушу зарыл. Ал эми карышкырлардын тобу учураган кезде, тайгандарды байлап, ээрчитип алууга аракеттенүү керек.

Тайгандарды көбүнчө түлкү алдыруу үчүн пайдаланышат. Кыргызстан боюнча даярдалуучу түлкү терисинин 40 процентке жакыны жыл сайын тайгандардын жардамы менен алынат, ал эми Тянь-Шань областынын райондорунда андан да көп алдырышат.

Тайганга кашкулакты аз алдырышат, анткени кашкулак күндүзү көбүнчө чээнде жатат, сыртка өтө сейрек чыгат.

Тайган менен коён да уулашат. Ошондо да муну, көбүнчө аңчылыкты сүйүүчү жаш өспүрүмдөр колдонушат. Чыныгы мергенчилер мындай майда жана баалуулугу төмөн айбанды уулоо пайдасыз деп эсептешет.

Териси баалуу айбандарды уулоодо тайгандардын маанисси чоң экендигин эске алып, «Заготживсырьё» жыл сайын мергенчилерге тийиштүү тайгандардын жана алардын күчүктөрүнүн эсебин алып турат. Тайгандарды тукумдатуу жумуштары Ысык-Көл өрөөнүндө жана Тянь-Шань областында жүргүзүлүүдө. Белгиленген күндө мергенчилер тайгандарын алып келишет. Мында адис-кинолог ар бир тайганды өлчөп чыгат, андан кийин аларды туудурууга карата иштер жүргүзүлөт.

Туулган күчүктөрдүн эркек ургаачысы өз-өзүнчө

топко бөлүнүп, алардын ар бир тобу боюнча акчалай үч сыйлык белгиленет. Сыйлыктар сынчы судьянын чечиминин негизинде мыкты тайгандардын ээлерине берилет.

Иттерди туудуруунун алдында тайгандардын ээлери менен, ит багуудагы зоотехния жөнүндө жана күчүктөрдү тарбиялап өстүрүү боюнча түшүндүрүү аңгемелери өткөрүлөт.

Иттерди мындайча туудуруу — тайгандарды багып өстүрүү жана тукумун жакшыртуу үчүн жүргүзүлгөн пропаганданын азырынча бирден-бир формасы болуп эсептелет, ошондуктан тайгандарды туудуруунун бул формасын мындан ары колдонуу менен, аны Кыргызстандын түштүк райондоруна да таркатуу керек.

Тилекке каршы, кээде тайгандардын бир кыйласын, өзгөчө таза тукумдуу тайгандарды айрым мергенчилер туудурууга алып келишпейт. Анткени туут мезгилинде иттердин ээлери — мал багып сыртка чыгып кетишет.

Кыргызстанда тайгандардын мааниси чоң, анткени, өзгөчө тоолуу шарттарда тайгансыз, териси баалуу айбандарга аңчылык кылуу мүмкүн эмес.

Кыргызстанда териси баалуу айбандарга аңчылык кылууда тайган иттердин башка түрлөрүн пайдаланышпайт. Ырас, Ысык-Көлдүн чыгышындагы райондордо, сейрегирээк Ош областында, негизинен эликтерди уулаткан бир нече гана тайган ит бар.

Суурду, айрыкча түлкүнү уулоодо ийинге кирүүчү иттерди чоң ийгилик менен пайдаланууга болор эле, бирок аңчылыктын мындай эң пайдалуу жолу ушул күнгө чейин таркабай келе жатат. Жакында гана Пржевальскиде такс тукумундагы иттердин анча-мынчасы тукумдатылган, аларды ийиндеги түлкүлөрдү алдыруу үчүн пайдалана башташкан.

## КЫРААН КУШТАР МЕНЕН АҢ УУЛОО

Кыргызстанда кыраан куштар менен аң уулоо эзелтен бери өнүккөн. Ырас, азыркы убакта кыраан бүркүттөр менен аң уулоонун аңчылык мааниси чоң экендигине карабастан, куштар менен аң уулоо көбүнчө спорттук гана мүнөзгө айланып кетти.

Кыраан куштардан, көбүнчө кушту жана кыргыйды пайдаланышат, Кыргызстандын мергенчилеринде ител-

ги жана шумкар өтө сейрек учурайт, ал эми ылаачын таптакыр жоголуп кетти.

Ителгиге — тоодак, аккуу, кыргоол жана өрдөк, кыргыйга бөдөнө, дрозд (чыйырчык сыяктуу куш) сейрегирээк — кекилик, чил жана башка майда куштарды алдырышат.

Кыраан куштардын ичинен аңчылыкка куш, бүркүт көбүрөөк пайдаланылат. Мына ушул экөө — жөнүндө көбүрөөк токтолобуз.

Куш — кишиге тез көнгөн күчтүү, шамдагай жана өтө тез учкан канаттуу.

Кушка — кыргоол, өрдөк, кекилик, безбелдек, төрт аяктуулардан — коён алдырышат. Эгерде ителги өзүнүн табылгасын үстүнөн келип денеси менен уруп жерге түшүрө турган болсо, куш канаттуунун жана коёндун артынан кубалап олтуруп жетип, денесине тырмактарын матырып жиберип, жерге алып түшөт. Куш коёнду көбүнчө жону менен башын мыкчый кармап алат. Ал жашынып калуу үчүн жыгачтардын же бадалдын арасына учуп кирген канаттууну да куткарбайт.

Кыргызстанда куштар уялабайт, ноябрь жана декабрь айларында — учуп өтүү мезгилинде гана бир аз токтолушат. Аларды токойлордун ачык жерлеринен, кээде бактардын арасынан кезиктирүүгө болот. Учуп өтүү убагында куштардын токтолгон жерлерин билгендер аларды таткандыкыч катарында көгүчкөндү же кекиликти байлап коюп, тор менен кармап алышат. Кээде, бакта түнөгөн кушту узун таяктын учуна байланган тузак менен кармашат. Мергенчилер түн ичинде келип куш конгон жыгачка фонардын жарыгын жиберишет, жарыкка көзү чагылышып, жакшы көрбөй калган кушту оңой эле тузакка түшүрүп алышат.

Куш өтө тез үйрөнөт, 1,5—2 айдан кийин ал ууга чыгууга жарап калат. Бардык жырткыч канаттуулар сыяктуу эле, куш чүйлүдөн чоңураак жана күчтүү келет, ошондуктан мергенчилер чүйлүдөн көрө кушту көбүрөөк багышат.

Колдо багылган куштун кыраандык сапаты 4—5 жылга чейин гана сакталат. Кийинчерээк куш алсырап, аң уулаганга жараксыз болуп калат. Мындай куш же колдо туруп өлөт, же керексиз болгондуктан аны коё беришет.

Кушту колдо багуу оңой болот. Аны союлган малдын, коёндун, таандын же карганын жана ар түрдүү башка канаттуулардын этин берип багышат.

Көп кылымдар бою куштун адатын жана кыраандык сапаттарын байкап, үйрөнүп келишкен кыргыздын мергенчилеринде куштун өзүнчө бир аңчылык систематикасы иштелип чыккан. Кушту алар төрт топко бөлүшөт: туйгун, тунжур, эгиз-сарала жана тынар. Булардын ичинен өтө сейрек учураганы жана өзүнүн кыраандык сапаттары жагынан мыктысы болгон туйгунду жогору баалашат. Бул сонун жырткыч-куштун түсү ачык, агыш болот. Туйгун, керээли кечке ууласаң да эч талыкпайт. Кыргызстанда туйгун деген сөз шамдагайлыктын жана эр жүрөктүүлүктүн символун баяндайт. Бир нерсеге салганда куштун алалбай калган учуру өтө сейрек болот. Туйгундун баасы бир аттын баасына татыйт.

Кыраандыгы жагынан тунжур экинчи орунду ээлейт, ал туйгундай өтө тез учалбайт. Тунжурдан кийин эгиз сарала, анын артынан тынар келет. Тынарды көбүнчө кыргоолго салышат.

Куш менен аң уулоо өтө кызык жана жөнөкөй болот.

Бүркүт — айбанаттарды уулоодо мергенчинин мыкты тайган менен барабар, табылгыс жардамчысы болуп эсептелет.

Бүркүт бизде — отурукташкан куш. Ургаачылары эркегинен чоңураак келет, ошондуктан мергенчилер көбүнчө эркектерин үйрөтүшөт.

Бүркүттүн денеси чоң, массивдүү келип, аябай күчтүү, көзү курч болот.

Бүркүт менен тоодактарды, эликти, жейренди, түлкүнү, кез-кезде жаш карышкырларды уулашат. Анын күчүн, кайраттуулугун мына ушундан эле баамдоого болот.

Айрым мергенчилер, 1,5—2 айдын ичинде кыраан бүркүткө 30дан жана андан да көптөн түлкү алдырууга үлгүрүшөт.

Бүркүттөрдү үйрөтүш үчүн, аларды уясынан учуп чыга элек балапан кезинде кармап алып багышат, чоңдорун тор менен, кээде бош пружиналуу же кийиз оролгон капкан менен кармашат. Мындай капкан бүркүттүн бутуна зыян келтирбейт.

Балапан чагынан багып өстүрүлгөн бүркүттөр күчү, кайраттуулугу жана кыраандыгы жагынан, чоңдоюнан багылган бүркүттөргө жетпейт.

Бүркүттөрдү ар качан алар аңчылык кыла турган жерлерден тор жайып кармашат. Көзчөлөрү чоң-чоң торду өлчөмү 3×3 метр келген чарчы аянтчага кагылган казыкчаларга тартып коюшат. Анын орто ченине, жерге таткантсыч иретинде таокту, көгүчкөндү же кекиликти тирүүлөй байлап коюшат. Бүркүт таткантсычты алам деп торго бир тиет да чалынып калат. Жашынып жаткан мергенчи чыгып келип, канаттарын сындырып албасын үчүн бүркүттү этияттык менен чыгарып, октолоп байлап алат.

Мергенчи жырткыч бүркүттү үйдүн ичинде багат, эки күндө 200—300 граммдан көп эмес жаңы эт берип турат. Ал, бүркүттү өзүнө тез көндүрүү үчүн сылап-сыйпап, анын жанында көп болууга аракеттенет.

Кийинчерээк үйрөтүүчү, бүркүттү өзүнөн 5—10 метр алысыраак кондуруп коюп, бир тилим этти көрсөтүп «кыйту» деп чакырат. Чала тоют куш, адегенде жазгангансып, кийин бара-бара көнүп, секирип-секирип келип, колдогу этти илип кете баштайт. Ошентип, күн сайын кайталай берет, күн өткөн сайын бүркүттү улам алыстатып кондурат, акыры бүркүттү чоң аралыкка кондуруп коюп, бир тилим этти көрсөтүп «кыйту» деп чакырат, бул учурда ал учуп келип, ээсинин колундагы этти илип алып жейт. Мына ушундан кийин гана бүркүткө томого кийгизип, бутуна бого тагат.

Андан кийин бүркүттү үйрөтүүнүн экинчи этабы (мезгили) башталат. Мергенчи ат минип колуна кайыш мээлей кийип, бүркүттү кондуруп алып сылап-сыйпап, айыл ичин кыдырат, кез-кези менен адамга, итке үйүр алдыруу үчүн, анын томогосун алып, эки жакка көз чалдырат, ал эми булчуңдары чыңалышы үчүн, улам өйдө ыргытып, кайра колуна кондурат.

Мындан ары, кыраан бүркүттү үйрөтүүдө эң кызык учур кептемени алдырууга үйрөтүү мезгили башталат. Кургак чөп тыгылган түлкүнүн туюк терисинен жасалган кепке узун жип байлап алып ары-бери сүйрөшөт. Үйрөтүүчү бүркүттүн томогосун алып, эки жакка көз чаптырып туруп, оң колу менен жогору ыргытат. Бүркүт учуп барып, кепти курч тырмактары менен мыч-

кып, басып калат. Үйрөтүүчү чаап келип аттан түшүп, бүркүттү тилим эт менен алагды кылып, кепти бошотуп алат. Бул бир нече ирет кайталанат.

Айрым мергенчилер кеп алдыруудан кийин, бүркүттү алдын ала кармап алынган тирүүлөй түлкүгө коё беришет. Түлкү качып кетпесин үчүн, же жаңы үйрөнгүч бүркүттү жарадар кылып койбосун үчүн, аны чала тушап жана жаагын карыштыра таңып коюшат.

Бир нече жолу жаңылбай алгандан кийин, бүркүттү аң уулоого даяр деп эсептешет.

Бүркүттөр менен аң уулоого көбүнчө 2—5 киши болуп чыгышат. Мергенчилер тоонун кыркасы же бети менен жүрүп олтуруп, айбандарды чочутуп айдап чыгыш үчүн кез-кези менен төмөн карай таш ыргытышат.

Мына, жашынып жаткан жеринен булак деп куйругун жайкалтып түлкү качты. Аны көргөн мергенчинин бири бүркүтүнүн томогосун алып, качып бараткан түлкүнү көздөй коё берди. Бүркүт адегенде канатын күүлөп жогору чыгып, табылгасын көргөндөн кийин, учуп түшүп чеңгелдеди.

Тажрыйбалуу бүркүт бир чеңгели менен түлкүнүн көчүк жагынан, жанталашып коргонуу үчүн башын бурганда, экинчи чеңгели менен анын тумшугунан мычкый кармайт, анын көчүк жагын коё берип, төшүнөн мыкчыйт. Бул учурда тез жетпесе, ачууланган бүркүт түлкүнүн баалуу терисин бузуп коюшу мүмкүн. Жете келген ээси бүркүткө тилим этти көрсөтүп алагды кылат да, түлкүнү этияттык менен анын тырмагынан бошотуп алат. Бүркүт этти жеп бүткөнчө, мергенчи табылганы катып салат.

Эгерде айбанга коё берилген бүркүт эмне үчүндүр аны албаса, анда экинчи бүркүттү коё беришет. Бирок бул, бүркүттөрдүн кармашуусуна алып келүүгө мүмкүн, ошондуктан экинчи бүркүттү анда-санда эле коё беришет.

Көп учурда аң уулоого кыраан бүркүттөр жана тайгандар менен чыгышат. Мындай аңчылыктын ийгиликтүү аякташы үчүн бүркүттү алдын ала тайгандарга үйүр алдыруу зарыл, антпесе бүркүт түлкүнүн ордуна тайганга кол салышы мүмкүн, же тескерисинче күчтүү тайган түлкү менен алек болуп жаткан бүркүттү жара тартып кетиши да мүмкүн.

Кыраан бүркүт аң уулоого 10—12 жыл, ал эми бил-

гич бүркүтчүнүн колундагы кээ бирлери — 20 жылга чейин да жарайт. Мындан кийин бүркүттүн кыраандык сапаттары жоголуп, алсырай баштайт, акыры ээси аны тоого алпарып коё берет.

Кыргызстандын мергенчилери, куштарды бөлгөн сыяктуу эле, бүркүттөрдү да, алардын түсүнө, чоңдугуна, тырмактарынын түзүлүшүнө жана кыраандык сапаттарына жараша бир нече топко бөлүшөт. Алардын жампоз, берен, сыргак, музбурут деген түрлөрү бар. Өз учурунда бул топтор дагы майда топторго бөлүнөт. Маселен берендер баш берендерге, орто берендерге; сыргактар — сөөк сыргактарга, аяк сыргактарга жана башкаларга бөлүнөт.

Бүркүттү үйрөткөндөн да, аны айрыкча түлөй турган учурда багуу өтө кыйын болот. Түлөө мезгили эки айга жакын созулат. Бирок бул эмгектин бардыгын, кыраан бүркүткө алдырган баалуу айбандардын асыл терилери жана кызыгыштуу аңчылыктын ыракатчылыгы толук актайт.

Кыргызстанда түлкү терисин мамлекетке даярдоодо бүркүттөр менен аң уулоонун мааниси өтө зор. Бизде даярдалуучу түлкү терилеринин 25 процентке жакыны, ал эми кээ бир райондордо, андан да көбү бүркүттөрдүн жардамы менен даярдалууда.

Бүркүттөр менен аң уулоо Ысык-Көлдүн айланасында жана Тянь-Шань областында кеңири өнүккөн, ал эми Талас өрөөнүндө жана Ош областында анчейин эмес. Ысык-Көлдө жалгыз гана Тоң районундагы мергенчилерден 1954-жылы 14-бүркүт катталган.

Кыргызстандын бүркүтчү-аңчылары чоң кадыр-баркка ээ. Ворошилов районунан Бежебабаев Үмөтбай, Кант районунан эки бир тууган — Бегалы жана Жунушалы Токоевдер, Покровка районунан Бекбаев Дананшия жана башка ушул сыяктуу бүркүтчү-аңчылар республикабызга кеңири белгилүү. Алар өздөрүнүн өмүрүндө көп сандаган мыкты кыраан бүркүттөрдү үйрөтүшүп, мамлекетке бир нече жүздөгөн түлкү терисин тапшырышкан. Мыкты кыраан бүркүттүн наркы 1000 сомго чейин, кыраандыгы орточо бүркүттөрдүкү 300—500 сомго чейин турат.

Колдо багылган куш да жана бүркүт да тукумдабай тургандыгын эске салып кетүүбүз керек.

## АЙБАНАТТАРДЫ КАПАСТА БАГЫП ӨСТҮРҮҮ

Мал чарбасынын бир тармагы болгон айбанаттарды капаста багып өстүрүүчүлүк СССРде биринчи беш жылдыктардын жылдарында кайрадан түзүлүп, кеңири кулач жайган. 1928-жылда уюшулган биринчи совхоздордо көп миңдеген жылтырак кара түлкүлөр, көгүлтүр песецтер жана норкалар, кийинчерээк, эң баалуу айбандардан болгон киштер бар болучу. Колхоздордо айбанаттарды өстүрүү чарбасы 1934-жылдан тартып өнүгө баштады. Айбандарды жогору баалуу аң терилерди алуу үчүн капаста багып өстүрүшөт. Ошондуктан айбанаттарды багып өстүрүүчү бардык чарбалар товардык мүнөздөгү чарбалар болуп, эсептелишет.

1940-жылга чейин бул сыяктуу айбанаттарды багып өстүрүү чарбасы Кыргызстанда болгон эмес. Ырас, мында эзелден бери аңчылыкты сүйүүчүлөр жаш чагында кармап алынган аркарларды, тоо эчкилерди, түлкүлөрдү, карышкырларды, ал эмес аюунун мамалактарын, жапайы куштардын ичинен аңырларды, кекиликтерди, бөдөнөлөрдү жана башка ушул сыяктуу канаттууларды колдо же жарым жартылай колдо багыша турган. Ушул китептин авторлоруна мындан 10 жыл мурда Тогуз-Торо районундагы Кабак тоосунан музоо чагында кармалып, багып өстүрүлгөн маралды көрүүгө туура келди. Бул жапайы айбан адамга аябай жакшы үйүр алган, ошондуктан аны жүк артып алып, тегирменге барууга жана башка жумуштарга пайдаланышкан. Бирок, жогоруда аталган айбанаттар менен куштардын бир да түрү колдо багуу шартында тукум берген эмес. Алардын көпчүлүгү ар түрдүү ылаңдардын жана туура эмес багуунун натыйжасында өлүмгө учураган.

Териси баалуу айбандарды товардык максатта капаста багып өстүрүүнүн биринчи аракеттери 1939—40-жылдарда «Союзпушнинанын» мурдагы Кыргыз конторасы тарабынан жүргүзүлгөн эле. Чүй өрөөнүнө Уссурий енотунун тобу алып келинип, Кемин районундагы төрт колхозго жана Ильич атындагы асыл тукум совхозуна аз-аздан бөлүп берилген.

Кийинчерээк, 1942-жылы Ысык-Көл районуна караштуу мурдакы «Кызыл-Армия» колхозунда ушул эле ай-

бандардын фермасы уюштурулган, ферманы Малай, Ак-Суу коктусуна жайгаштырышкан.

Айбанаттарды капаста багып өстүрүү боюнча тажрыйбанын жоктугу жана бул айбандардын терилерине даярдоо баасынын төмөндүгү бара-бара бул фермалардын жоюлуп кетишине алып келген. Жалгыз гана «Кызыл-Армия» колхозундагы айбанаттар фермасы 1945-жылга чейин жашаган, андан кийин фермадагы еноттор Орто-Өрүктү селосуна жакын жерге, көлдүн жээгиндеги калың чычырканактын арасына эркинче коё берилген

Согуштан кийинки жылдары айрым адистер Кыргызстандын колхоздору менен совхоздорунда териси баалуу айбандарды капаста багып өстүрүүнү уюштуруунун зарылчылыгы жөнүндө бир нече жолу маселе коюшкан, бирок ар качан терс жоопторду гана угушкан. Каршылык көрсөтүүчүлөр бул маселенин иш жүзүнө ашпай тургандыгын, айбанаттарды багып өстүрүүчү тажрыйбалуу кадрлар жок, асыл тукум айбанаттарды сатып алуу жана алар үчүн фермаларды куруу боюнча каражаттар көп ушатылат, климаттык шарттар туура келбейт деген туура эмес пикирлерди айтышкан.

Ошого карабастан, бул жалган көз караштардын бардыгын четке кагып, Кыргызстан керек-жарак Союзунүн Башкармасы 1956-жылдын 5-декабрында Пишпек станциясына эки вагон менен асыл тукум жалтырак кара түлкүлөрдүн 74 канчыгын жана 26 дөбөтүн алып келип түшүргөн. Мына ошол күндү Кыргызстанда айбанаттарды капаста багып өстүрүүнүн башталышы деп эсептөө керек. Асыл тукум түлкүлөр Алтай Крайындагы Бийск айбанаттар совхозунан сатып алынган. Алар Фрунзе шаарынан 10 километр аралыктагы мурда даярдалып коюлган айбанаттар фермасына жайгаштырылган болучу.

Кымбат баалуу айбандар качып кетпесин үчүн ферманын бүт территориясы бийиктиги 3 метр келген темир тор менен тосулган. Ар бир айбанды өзүнчө капаска бөлүп, алар үчүн суу проводу, ашкана жана башка өндүрүш имараттары курулган.

Биринчи эле өндүрүш жылынын акырында, зоотехникалык чараларды туура жүргүзүүнүн, ветеринардык көз салуунун жакшы коюлушунун натыйжасында, жаш



41-сүрөт. Фрунзедеги айбанаттар фермасы.

коллектив тарабынан айбанаттар фермасында 241 түлкүнүн күчүгү өстүрүлгөн. (Штаттагы ар бир түлкүгө орточо эсеп менен 3,2 күчүктөн туура келген). Башкача айтканда, 4 канчык түлкүдөн—алтыдан, дагы төрт канчыктан—жетиден, ал эми № 3670 рекордистка-канчыктан сегиз күчүк алынып өстүрүлгөн. Бул болсо, 1958-жылдын башталышында айбанаттарды багып өстүрүүчү алты адиске, тукумдатып өстүрүү үчүн башка жактарга 38 асыл тукум түлкү сатууга, фермада калган асыл тукум түлкүлөрдүн санын көбөйтүү үчүн 145 күчүктү алып калууга жана калгандарынын терисин алууга мүмкүндүк берди. Жылдын акырында ферманын таза пайдасы 63 миң сомду түздү. Мамлекетке сатылган бир түлкүнүн орточо наркы 1241 сомдон айланды.

Алынган пайдадан тышкары, айбанаттарды багып өстүрүүчү кадрларды даярдоо боюнча да ийгиликтерге жетишилди, мындан тышкары, абанын температурасы жайкысын көлөкөдө кээде 38 градуска чейин жеткен Чүй өрөөнүнүн климаттык шарттарында жалтырак кара түлкүлөрдү өстүрүүнүн мүмкүндүгү аныкталды, ошондой эле республикада жаңыдан уюшулуп жаткан айбанаттар чарбалары үчүн жергиликтүү асыл тукум материалын өстүрүүгө база түзүлдү.

Быйылкы жылы фермада айбандардын санын мындан ары көбөйтүү үчүн зарыл болгон өндүрүш имараттары, атап айтканда, бир сапар миң баш күчүк баткандай стандарттуу он түлкүкана салынды. Айбанаттар фермасы окуучулардын экскурсияга баруучу жана биолог-студенттердин практикасы өтүүчү жайга айланды.

Айбанаттар чарбасынын рентабелдүүлүгүн эске алып, 1957-жылдын күзүндө мурдагы эле Бийск айбанаттар совхозунан фермага жаңыдан 200 түлкүнүн канчыгы алып келинген. Ферманын ишин мындан да кеңейтүү максатында, 1958-жылы күзүндө, териси баалуу дагы 60 көгүлдүр песец алып келинген болучу. Песецтер да ар бири өзүнчө капаста багылат.

1958-жылы Кыргызстан керек-жарак Союзунун башкармасы Пржевальскийдин чет-жакаларына дагы бир айбанаттар фермасын уюштуруп, ага адегенде эле жүз баш жылтырак кара түлкү өткөрүп берген. Бул чарбанын Фрунзедеги айбанаттар фермасынын артыкчылыгы, анын жакшыраак климаттык шарттарда жайгашкандыгы

гында жана жер аянтынын көптүгүндө. Ысык-Көлдүн чыгыш райондорунда жай салкын келип кыш ызгардуу болот.

Фрунзе шаарынын чет-жакаларында ысык жайдын жана кеч кыштын шарттарында айбанаттарды өстүрүүнүн эки жылдык тажрыйбасынан кийин, түлкүлөр менен песецтердин ысыкка чыдамсыздыгы, көлөкөдө 30 градустан жогорку температурада аларга күндүн табы өтүүгө мүмкүн экендиги, андан тышкары, бул жерде алардын териси Ысык-Көлдүн айланасына караганда бир айга кечигип быша тургандыгы аныкталды. Айбанаттар чарбасынын рентабелдүүлүгү үчүн климаттык шарттарды эске алуу өтө маанилүү, анткени, терисин алуу үчүн айбандарды эч болбоду дегенде бир ай мурда союуга, алардын тамагына жумшалган расходдорду бир кыйла кыскартууга мүмкүндүк берет.

Биринчи өндүрүш жылы Пржевальскидеги айбанаттар фермасында ар бир канчык түлкүдөн экиден гана күчүк алынып өстүрүлгөн, бул болсо, ферманын рентабелдүүлүгүнүн начардыгын көрсөтөт. Бирок келечекте бул чарбанын рентабелдүүлүгү шексиз жогорулоого тийиш. Демек, баалуу аң терилерди берүүчү жана жергиликтүү асыл тукум материалын өстүрүүчү дагы бир база түзүлдү.

Фрунзедеги айбанаттар фермасынын 1959-жылдагы натыйжасы абдан кирешелүү болду. Мында ар бир канчык-түлкүгө 3,5 га жакын күчүк жана ар бир канчык песецке 4кө жакын песецтин күчүгү өстүрүлгөн. Бул болсо, айбанаттар фермасына, алынган төлдүн эсебинен башка чарбаларга асыл тукум үчүн ар бирин 1300 сомдон баалап 126 түлкү жана 850 сомдон 38 баш песец сатууга мүмкүндүк берди.

Мындан башка, фермада түлкүлөр менен песецтердин негизги саны алынган төлдүн эсебинен 140 башка көбөйгөн. Терисин алуу үчүн 500 дөн ашуун түлкү жана песец союлган. Айбанаттар фермасы план боюнча расходдордун үнөмдөлүшүнө жетишүү менен, 1959-жылга белгиленген кирешелердин планын ашыра орундаткан.

Ошентип, кыска мөөнөттүн ичинде, 1960-жылдын башталышына Кыргызстанда айбанаттарды багып өстүрүүнүн бекем базасы түзүлдү. Кыргызстан керек-жарак Союзунун эки айбанаттар фермасында асыл тукум

түлкүлөр менен песецтердин саны 700гө жакын башка жана өз алдынча багып өстүрүүчүлөрдүн чарбаларында 150гө жакын башка жеткирилген. 1959-жылы капаста багып өстүрүлгөн айбанаттардын терисинин салыштырма салмагы, Кыргызстан боюнча даярдалган бүт аң терилердин наркынын 35 процентке чейинкисин түздү. Республикабыз боюнча аң уулоодо жыл сайын 1000ден ашык колхоздук жана жеке мергенчилер катышышат.

1960-жылы Фрунзедеги жана Пржевальскидеги айбанаттар фермаларына териси абдан баалуу норкаларды алып келип коё берүү белгиленген. Бул айбандын териси өлкөбүздүн ички жана тышкы рынокторунда аябай жогору бааланат.

Кыргызстандын көп райондурунун, биринчи иретте Тянь-Шань менен Ысык-Көлдүн эң жагымдуу климаты, ошондой эле айбандар үчүн тоюттун молдугу жана ар-



42-Сүрөт. Жылтырак кара түлкү.

зандыгы республикабызда айбанаттарды капаста ийгиликтүү багып өстүрүү үчүн бардык шарттарды түзөт.

Республикабыздын колхоздору менен совхоздорунун жетекчилери жакынкы жылдардын ичинде жылтырак кара түлкүлөрдү, көгүлтүр песецтерди жана норкаларды капаста багып өстүрүүнү жүргүзүшөт деп толук ишенүүгө болот. Айбанаттар чарбасынын бул тармагы алардын чарбаларына көп киреше киргизет жана республикабызда баалуу аң терилерди даярдоону бир кыйла арттырат.

## Жылтырак кара түлкү

СССРдин территориясында түлкүлөрдүн 20га жакын түрү жашайт. Алардын ичинен чет түндүктө жана Сибирдин кээ бир райондорунда аз-аздан жапайы түрдө сакталып калган каракүрөң түлкү эң баалуу болуп эсептелет.

Азыркы убакта айбанаттар чарбаларында өстүрүлүп жаткан жылтырак кара түлкү жогоруда аталган каракүрөң түлкүнүн өзү эле, бирок анын мехи 50 жыл бою селекциялык иш жүргүзүүнүн натыйжасында жакшыртылган мех болуп саналат. Кышкысын бул түлкүнүн жүнү жумшак, калың, уч жагы кара, жылтырак жибек сымалдуу болот.

Түлкүлөр жырткыч айбандарга, ит тукумдууларга таандык. Бул баалуу айбандын денесинин узундугу 10—11 айлыгында 50—70 см ге жетет, куйругунун узундугу—35 см ге жакын. Дөбөтү канчыгынан чоңураак келет. Анын куйругунун уч жагы ак болот. Канчыгынын салмагы 10—11 айлыгында 4,5—5кг га чейин барат, дөбөтүнүкү андан 800—1000 грамм ашыгыраак болот.

Түлкүнүн бир дөбөтү 6—8, кээ бирлери 12—14 канчык менен катышат. Болжолу, январдын орто ченинде үйүгүшүү мезгили башталып, ал 8—10 күнгө созулат, андан кийин жыныстык талап кылуучулук пайда болуп, ал 2—3 күнгө чейин уланат. Эгерде бул убакытта канчык дөбөтү менен катышпай калса, анда ал келерки жылга чейин тукум бербей калат да, бул болсо, чарбага көп зыян келтирет. Тоюттандырууну туура жүргүзүү, түгөйүн туура тандоо, глист курттарын түшүрүү, кулактарынын чуңкурларын тазалоо жана капасты бекитип берүү сыяктуу жумуштардан турган, түлкүлөрдүн үйүгүшүү мезгилине даярдык көрүү чаралары октябрдан

кечиктирилбей жүргүзүлө башташы керек. Бул шарттарды бузуу—үйүгүшүү мезгилинин кечигип башталышына, айбандардын тукум бербей калышына алып келет. Түлкү жылына бир жолу бирден—сегизге чейин, кээде 10го чейин күчүк тууйт. Алар такыр жүндүү, көзү ачылбай, кулагы укпай туулат, салмагы 75 тен 100 граммга чейин барат. Туулгандан 13—15 күндөн кийин алардын көзү жана кулагы ачылып, көрүп жана уга баштайт.

Күчүктөрү 25 күнгө чейин энесинин эмчегин эмишет, кийинчерээк энеси менен бирге тоюттана башташат. Ушул мезгилден тартып, аларга кошумча иретинде суюк тамак, негизинен сүт бере башташ керек.

45—50 күндөн кийин күчүктөрдү энесинен бөлүп, жалгыз-жалгыздан өзүнчө капаска кийирүү зарыл, антпесе тамак талашып бири-бирин зыяндап коюулары мүмкүн. Ошондой эле энесинин сүтү аз болуп тойгуза албаган учурда, жабыркатып жибербөө үчүн күчүктөрдү бөлүп алуу керек. 90—100 күндөн кийин күчүктөрдүн тиши түшүп, кайрадан жаңылап чыгат. Кийинчерээк, болжолу августтан тартып, туура багуунун жана тоюттандыруунун натыйжасында алардын алгачкы карын жүнү түшүп, жаңылап жүн чыга баштайт. Күчүктөр өтө тез өсөт, үйүгүү мезгили башталардын алдында (туулганына болжолу 10—11 ай болгондо) алардын салмагы чоң түлкүлөрдүн салмагына барабар болот. Түлкүлөрдү, ошондой эле териси баалуу башка айбандарды ийгиликтүү өстүрүү көбүнчө багуу шарттарына байланыштуу болот. Айбандарды чала же туура эмес тоюттандыруу, алардын тукум бербей калышына, жабырканышына жана ар кандай ылаңдардын пайда болушуна алып келет.

Түлкүлөр майда айбандардын эти жана өсүмдүктөр менен тоюттанышат. Айбандардын туура өсүшү жана көптөн тукумдашы үчүн аларга минералдык жана витамин тоюттарын берүү да зарыл. Чоң түлкү орточо эсеп менен суткасына 500—600 грамм тоют талап кылат.

Фрунзедеги айбанаттар фермасында жылтырак кара түлкүнүн тынчтануу убагындагы (август—ноябрь) суткалык рациону болжолу төмөнкүдөй:

| | |
|---|---|
| Эшектин, жылкынын же мүйүздүү ири малдын эти | —150 гр. |
| Жаңы кан | —100 гр |
| Ынак сүт | —100 гр. |

| | |
|---|---|
| Буудай наны | — 50 гр. |
| Улпак | — 10 гр. |
| Балыктын майы | — 2 гр. |
| Туз | — 5 гр. |
| Гашталган памидор же алма | — 50 гр |
| Баш пияз | — 5 гр |
| Кызыл зардек | — 50 гр. |
| Тууралган беде | — 20 гр. |
| бардыгы | —520 гр |

Бул болсо, 534 чоң колорийди түздү.*

Жогоруда көрсөтүлгөн рационго караганда айбандарды тоюттандыруу үчүн анчейин деле көп тоют талап кылынбайт. Анын үстүнө, рациондогу эт тоюту ондатранын, сары чычкандын, таш баканын эти менен, ошондой эле аз-аз өлчөмдө жибек курту, балык жана жергиликтүү шартка байланыштуу башка нерселер менен алмаштырылышы мүмкүн.

Капаста багылган түлкүлөр суукта корккпойт, 30—35 градус суукта алар өздөрүн жакшы сезишет, үйчөлөрүнө жашынышпастан, зым тор капталган полго түйүнчөктөй болуп жатып алышат. Алардын жапайы укум-тукумунан калган бул адаты ушул күнгө чейин сакталып калган көрүнөт.

Айбандарды капаста багып өстүрүүдө катуу суук түлкүлөр үчүн алар тууган мезгилде коркунучтуу экендигин эске алуу зарыл, көбүнчө алар түн ичинде же таңга маал тууйт. Көп учурларда жаш канчыктар атайы үйчөлөрдө туубастан, күндүзү чыгып дем алуучу ачык жерде тууп коюшат. Бул учурда, киши көрбөй калса, жаңы туулган күчүктөр тоңуп калышы мүмкүн.

## Көгүлтүр песец

Териси баалуу бул айбан да жырткычтар отрядына, ит тукумдууларга кирет. Бүткүл дүйнө боюнча жапайычылык шартта песецтин эки түрү (ак жана көгүлтүр) жашайт. Түлкүдөн, көгүлтүр песец денесинин кыскараактыгы, тегерегирээк келген кулагынын чуңкурлары менен айырмаланат, ошондой эле анын куйругу түлкүнүкүнө караганда 5—10 см. кыска келет. Түлкүнүн тумшу-

* жогоруда аталган тоюттардын бардыгы майда тууралып туруп берилет.

ту учтуу келсе, песецтики кыскараак болот. Баш сөөгү түлкүнүкүнөн жазы, буттары кыска келет.

Мына ушунун бардыгы песецтин тоголоктураак, жумуру формада экендигин белгилейт. Көгүлтүр песецтин мехинин түсү жылтырак-кара түлкүнүкүнөн кескин түрдө айырмаланып турат. Песецте жылтырак жүндөр болбойт, анын жүнүнүн түсү негизинен бозомтук көгүлтүр келет. Капаста багып өстүрүү шартында песецтер өзүнүн биологиясы жана тоют режими боюнча түлкүлөргө абдан окшош болушат. Бирок бир топ айырмачылыктары да бар. Мисалы, бооз мезгилинин созулушу бирдей болгондугуна (51—54 күн) карабастан, песецтердин үйүгүү убагы түлкүлөрдүкүнө караганда 1—1,5 ай кечирээк башталат. Песецтердин канчыктары тукумдуураак келишет, алар жылына бир жолдон тукумдап 18ден жана кээде андан көптөн күчүк тууйт. Фрунзедеги айбанаттар фермасында песецтин бир канчыгы биринчи эле жылы 13 күчүк тууп өстүргөн, дагы экөө 11 ден тууган. Түлкүлөргө караганда песецтерде энелик инстинкт күчтүүрөк болот. Муну песецтин канчыгы өзүнүн көп сандаган күчүктөрүн бардык болгону 8 эмчеги менен гана багып өстүргөндүгү ачык айкын далилдейт. Көрсө, ал күчүктөрүн кезектештирип эмизет экен. Тынчтануу мезгилинде песецтердин тоютунун өлчөмү түлкүлөрдүкүнө барабар болот. Бирок эмизүү мезгилинде песецтер, айрыкча күчүктөрү көп канчыктар түлкүлөргө караганда тоютту бир кыйла көбүрөөк талап кылышат. Фрунзедеги айбанаттар фермасынын шарттарында көгүлтүр песецтер ысыкка чыдамсыз экендиги айкындалды. Күндүн ысык табы өтпөсүн үчүн аларды изоляциялоого жана күнүнө беш жолдон суу берип турууга карабастан, көлөкөдө 34 градус ысыктыкта күндүн табы өтүп, тогуз песец өлгөн учур болгон. Ал эми миң баш түлкүнүн ичинен күндүн табы өтүп, бир да түлкү өлбөгөндүгү белгиленген. Бул болсо, песецтерди Ысык-Көлдүн айланасында жана Тянь-Шанда өстүрүү ишенимдүүрөөк боло тургандыгын далилдейт. Песецтердин жүнү түлкүнүкүнөн калыңыраак келип, териси бир ай кечирээк бышат. Асыл тукум песецтер түлкүлөр сыяктуу эле, 5—6 жылга чейин тукумдайт. Андан кийин тукум берүүчүлүгү төмөндөй баштайт, бул учурда аларды бракка чыгарып, жаш песецтер менен алмаштырышат.



43-Сүрөт Песец

Үйүгүшүү мезгилинде песецтердин канчыктары, түлкүнүкүнө караганда, дөбөтү менен бир эки жолу гана катышып тим болбостон, 2—3 жолдон жана андан да көбүрөөк катышышат, бул болсо аларды тукум бербей калуучулуктан сактайт.

### Совхоз норкасы (Америкалык норка)

СССРдин аймагында, көбүнчө анын европалык бөлүгүндө, Сибирдин батыш жактарында, Прибалтикада, Белоруссияда жана Кавказда кеңири таркалган. Европа норкасынан Америка норкасы денесинин чоңдугу (денесинин узундугу 35—40 см. ге жакын, куйругунуку — 20 см. га жакын) менен айырмаланат, анын тумшугунун алды жагы гана ак темгил келип, түсү кара болот. СССРдин айбанаттар совхоздорунда норкаларды 1928-жылдан тартып өстүрө башташат. Кийинки жылдары айбанаттар

чарбаларында: топоз, изумруд, апакай жана ушул сыяктуу башка түстөгү норкалар өстүрүлүүдө.

Норкалардын териси өзүнүн кичинелигине карабастан, абдан жогору бааланат жана анын сатып алуучуларын дүйнө жүзүнүн бардык рынокторунан кезиктирүүгө болот. Норкаларда үйүгүшүү мезгили апрелдин экинчи жарымынан тартып башталат. Түлкүлөргө караганда норкалардын бооз мезгили узагыраак болот (35 тен 80 күнгө чейин). Алардын дөбөтү түлкүнүкү сыяктуу эле, бир нече канчык менен катышат. Багуунун зоотехникалык методдору туура жүргүзүлгөн айбанаттар чарбаларында, ар бир канчык норкага жылына 5—6 дан күчүк өстүрүлөт. Айрымдары 10—12ге чейин күчүк тууйт.

Түлкүлөргө берилүүчү тоют норкаларга да берилет. Бирок азыраак өлчөмдө. Норкалар нымдуулукка жана ысыктыкка чыдамсыз болушат, алар эт продуктыларын сапатына карай жешет. Азыркы учурда, биздеги айбанаттар чарбаларында норкаларды өстүрүүнүн эффективдүүлүгү жөнүндө айтуу кыйын. Норкалар Кыргызстанга 1960-жылдын күз айларынан тартып алып келинет. Багын өстүрүүгө жакшылап көңүл буруп, тоюттандырууну туура жүргүзө турган болсок, норка өстүрүү чарбасы, жылтырак кара түлкүлөр жана көгүлтүр песецтер сыяктуу эле, ийгиликтүү өнүгүп кетиши мүмкүн экендигинде шек жок. Бул кичинекей айбандын териси жогору бааланат жана түлкү менен песецке караганда көп тукумдайт.

Бардык үй малдары сыяктуу эле капаста өстүрүлүүчү айбандар да ар кандай ылаңга чалдыгышат. Ал ылаңдардын ичинен өтө коркунучтуусу жугуштуулары болуп эсептелет. Айбанаттар чарбаларында пайда болгон жугуштуу ылаңдын натыйжасында, көптөгөн айбандар чыгымга учурашы мүмкүн, бул болсо, чарбага чоң зыян келтирет. Бул китепчеде айбанаттардын ылаңдарынын бардык түрлөрүн жана аларды дарылоонун методдорун жазып олтуруунун мүмкүндүгү жок. Айбанаттар фермаларында жугуштуу ылаңдардын чыгышынан сактануу иретинде айбандарды багуунун жана тоюттандыруунун зоотехния тарабынан сунуш кылынган эрежелерин жана профилактикасын иш жүзүнө ашырып туруу зарыл. Ооруну дарылоодон көрө, алдын ала сактануу оңоюраак болот.

Түлкүлөрдүн, песецтердин жана норкалардын жугуш-

туу ыландарынын ичинен кеңири таркагандары: кулак кенеси, пастереллез, паратиф (кара келте), коллибацилез, жырткыч айбандардын чумасы, гельминттер (паразит курттар) жана башкалар. Жугуштуу эмес ыландардан: кокустатып алуулар, сынык оорулары, итий, ашказан оорусу, автимаминоз, айбандардын өздөрүнүн бир жерин чайнап алуулары жана ич өткөк ылаңы. Айбанаттар чарбаларында бул ылаңдардын пайда болушунун себеби, аларга көп учурларда сапатсыз тоюттарды (биринчи иретте эт продуктыларын) бергендик болуп саналат. Ошондой эле, жугуштуу ылаңдарды ээсиз иттер, мышыктар жана кемирүүчүлөр да таркатуулары мүмкүн. Ылаңдар айбандардын бири-биринен да жугат. Муну болсо, биздеги эки айбанаттар фермаларынын жана республикабыздагы көптөгөн айбандарды жекече багып өстүрүүчүлөрдүн, ошондой эле Советтер Союзунун ар кайсы райондорундагы ондогон ири айбанаттар чарбаларынын иш тажрыйбасы ачык далилдейт.

Акырында,. айбандарды багып өстүрүүчүлөр айбандарга этияттык менен мамиле кылууга чоң көңүл буруулары керек экендигин айтып кетүүбүз керек. Көп жылдар бою колдо багылып келген айбандардын тукумдарынын тарагандыгына карабастан, азыркы учурда бизде өстүрүлүп жаткан айбанаттар өздөрүнүн жапайы адаттарын, кабанактыгын сактап калышкан. Мисалы, Фрунзедеги айбанаттар фермасындагы миңдеген айбандардын ичинен бир песец менен эки түлкүнү гана аздыр көптүр колго үйүр болду деп айта алабыз. Туулганына 30—40 күн болгондорунан тартып, калган айбандардын бардыгы кармалган учурда тиштөөгө аракеттенишет, алар ал эмес, дайыма тамак берип жүргөн кызматкерлерди тиштеп алуудан да кайра тартышпайт.

Ошондуктан жаңыдан көзү ачылып, адамды көрө баштагандан тартып эле айбандарга өтө этияттык менен мамиле кылуу керек. Ар кандай орой мамиле кылуу же уруп-согуу, айбанды ачуулантууга алып келет, мындай учурда ал кишиге кол салуудан да кайра тартпайт. Мындай айбан менен иштөө кыйын болот. Бул айрыкча аларды жалгаштыруу (катыштыруу) убагында кыйынчылыкты туудурат,анткени аларды сезондо 10—15 жолдон кармоого туура келет. Мындай кыйынчылыктар тукумдатуу мезгилинде да болот. Айбандардын бардыгында тең эс

сезими жакшы өнүккөн. Айбандарды жекече чарбаларда өстүрүү шартында (4—6 баштан ашпайт) кыска эле убакыттын ичинде үйүр алдырып алууга болот. Аларды ийгиликтүү өстүрүүнүн дагы бир шарты дайыма бир гана киши тейлеши болуп эсептелет. Бул учурда гана айбан кишиге жакшы үйүр алат, ал эми киши болсо, ар бир айбандын мүнөзүн жана адатын билет.

Акырында, айбандарга берилүүчү продуктылардын, айрыкча, өлгөн малдын этинин сапатын жакшылап текшерип туруп берүү керек. Өзгөчө канчыктардын бооз мезгилинде, фермага башка адамдарды киргизүү сунуш кылынбайт.

## МАЗМУНУ

Кыргызстандагы аң уулоо . . . . . . . . . . . . . . 3
Спорттук аңчылык . . . . . . . . . . . . . 12
Аң уулоо жерлери . . . . . . . . . . . . 13
Аңчылык айбандар . . . . . . . . . . . . . . . 18
Жаңы айбандар . . . . . . . . . . . . . 79
Аңчылык куштар . . . . . . . . . . . . . . 93
Аңчылык айбанаттарды жана куштарды коруу . . . 129
Тайгандар менен аң уулоо . . . . . . . . . . . . . . 141
Кыраан куштар менен аң уулоо . . . . . . . . . . . 144
Айбандарды капаста багып өстүрүү . . . . . . . . . . 150

---

*А. И. Янушевич, П. Т. Цагараев*

ПРОМЫСЛОВЫЕ ЗВЕРИ
И ПТИЦЫ КИРГИЗИИ

(на киргизском языке)

Которгон *Ш. Керимбаев*
Котормонун редактору *А. Абдумомунов*
Оформлениеси *Г. В. Дубровдуку*
Худ. редактор *Э. Касымов*
Тех. редактор *С. Чотиев*
Корректор *А. Казакбаева*

Терүүгө 1/IV 1960-ж. берилди. Басууга 14/VI 1960-ж. кол коюлду. Д- 02931 Кагаздын форматы 84X108¹/₃₂ 5,12 физ. басма табак. 8,4 шарттуу басма табак 8,3 учеттук табак. Тираж 2000 Заказ № 703
Мукабасыз баасы 2 с. 10 т. Мукабасы 1 с. 50 т.

Типография № 1 Полиграфиздата Мин. культ. Кирг. ССР